КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

ГУМАНИТАРДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК
ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

**«ЗАЛКАР АКЫНДАР» СЕРИЯСЫ**

# ТОКТОГУЛ

**V том**

Академик **Абдылдажан Акматалиевдин**
жалпы редакциясы астында

Түзгөн **Омор СООРОНОВ**

Бишкек
«Бийиктик плюс» – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-5
З–22

*Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151) негизинде жарык көрдү.*

*Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.*

**Редкеңеш:**

*Акматалиев А.А.* *Мусаев С.Ж.*
*Байгазиев С.* *Садыков Т.*
*Жайнакова А.Ж.* *Токтоналиев К.Т.*
*Маразыков Т.* *Эркебаев А.Э.*

**Рецензенти** *К. Ибраимов* – филология илимдеринин кандидаты

З–22 **Залкар акындар: Токтогул:** 5-том./Түз. *О.Сооронов.* – Б.: «Бийиктик плюс», 2015. – 304 б. («Залкар акындар» сериясы)

ISBN 978-9967-33-123-5 (V том)
ISBN 978-9967-33-126-6 (жалпы)

Китепке улуу демократ-акын Токтогул Сатылгановдун ар кандай темалардагы тандалган чыгармалары топтоштурулду.

**З 4702300200-15**

**УДК 821.51**
**ББК Ки 7-5**

ISBN 978-9967-33-123-5 (V том)
ISBN 978-9967-33-126-6 (жалпы)

© КРУИА, 2015
© «Бийиктик плюс», 2015

## ТОКТОГУЛДУН ЧЫГАРМАЛАРЫН ИЙНЕ-ЖИБИНЕ ЧЕЙИН ИЛИКТӨӨ МИЛДЕТИ АКТАЙ ТУРАТ

(*Бет ачар ордуна*)

*Улуу акын-демократтын бул «Тандалмалар» жыйнагы кошумчаланып, экинчи жолу басылып жатат. «Тандалмалар» деген шарттуу түрдө берилген аталыш. Төкмөлөр ааламындагы Токтогул сындуу улуу акындын чыгармаларын «жакшы», «жаман» деп бөлүштүрүүгө эч ким даай албасы түшүнүктүү. Молдо Нияз, Тоголок Молдолор сыяктуу чыгармаларын өз кол тамгаларында калтырбагандан кийин, Молдо Кылычтын мурастарындай колдон-колго көчүрүлүп жазылып жетпегенден кийин, же Барпыныкындай өз оозунан жазылып алынбагандан кийин, Токтогулдун ырлары бизге өз бийиктигинде жетти деш кыйын. Калык, Коргоол, Алымкул сыяктуу белгилүү акындар жаздырган тексттерди токтогулдук бийиктикте же ошого жакын десек болор, ал эми эл арасынан жыйналган ырлар маалымдоочулардын эске тутуу жөндөмдөрүнө же акындык кудуреттерине жараша болоору түшүнүктүү эмеспи. Ошондуктан бул китепке калайыкка кеңири таралган, улуу акындын көзү тирүүсүндө эле адамдардын биринен экинчисине өтүп жат болуп калган, жолуккан жерде кайра-кайра суранып айттырышкан Токтогулдун армандары, сүргүн ырлары, эл эңсеген турмушту апкелген Советтик түзүлүштү, Ленинди даңазалаган ж.б. ырлары киргизилди.*

*Улуу демократтын чыгармаларын жыйноодо жана китеп кылып чыгарууда айрыкча акын Жоомарт Бөкөнбаев менен илимпоз Жаки Таштемировдун эмгектери аябагандай зор экенин белгилешибиз керек. Ошол эле маалда Дүйшөн Сулаймановдун, Ыманбай Кенжегул уулунун, Жолчубек Бешимовдун, Абдыкалык Чоробаевдин эмгектери зор. Токтогулдун ырлары менен дастандарын (эпосторун) жыйноодо Калык, Коргоол, Алымкул сыяктуу Токтогулдун шакирттери биринчи катарда турушкан. Ошондой эле Токтогулдун адабияттагы, маданияттагы, искусстводогу, коомдук турмуштагы закондуу ордун тактоодо Морис Львович Белоцкий (1933–1937-жылдары ВКП(б)нын Кыргыз обкомунун 1-катчысы), Жумай Жылкыбаев (1930–1933-жылдары Кетмен-Төбө районунун партиялык комитетинин 1-катчысы, кийин НКземге (азыркыча Айыл чарба министрлигине кызматка көтөрүлүп кеткен), Төрөбай Кулатов (1945–1978-жылдары. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели, Токтогулдун 1940-жылы 25-ноябрда өткөн 75 жылдык юбилейин өткөрүү Комиссиясынын председатели) өңдүү партиялык, советтик кызматкерлерди да атап кетүүгө милдеттүүбүз. Токтогулдун музыкалык мурастарын элге жеткирүүдө А.Огомбаев, Ш.Шеркулов, А.Затаевич, В.Виноградов жана Токтогулдун жогоруда аталган атактуу шакирттери ж.б. музыка сүйөрмандары зор ынтаа менен иштешкен. Токтогулдун өмүр-турмушун, жүрүш-турушун, адамдык касиетин, сырткы келбети менен ички дүйнөсүн, артисттик, аткаруучулук, ойчулдук, тапкычтык ж.б. жактарын күзгүдөй чагылдырып беришкен көптөгөн маалымдоочуларды, эскерүүчүлөрдү санап, атап отурууга чама-чарк жетпес. Тоо булбулу жөнүндө Ж.Бөкөнбаев, А.Токтомбаев, Р.Шүкүрбеков, Т.Абдумомунов, Б.Жакиев, К.Жуманазаров ж.б. (чоң жанрда жазгандарды гана атадым, майда жанрларда чыгарма арнагандар өтө эле көп) көркөм чыгарма жараткандар да аз эмес.*

*Улуу акындын көп кырдуу чыгармачылыгы менен өмүр жолун көркөм иликтөөлөрдүн зарылдыгын жокко чыгарбай туруп, адабият таануу, тарых, этика, эстетика, айрыкча акындын философиялык көз караштарын тереңдете изилдөө учурдун зарыл талабы болуу менен ансыз да артка карай зуулдап бараткан акыл-сезимди алдыга карай жакшы жакка тарбиялоо багытын Токтогулдай улуу акындардын ырларына, анда жаркырап турган, көпчүлүгү элдик макал-лакаптарга айланып кеткен ыр саптары аркылуу ишке ашыруу, учурдун керектөөсүнө пайдалануу кечиктирилгис чаралардын бири болууда. Ушул багытта иш алып барууда окумуштуулардын алдында зор маселелер турат. Анын бири, негизгиси – адабий-көркөм мурастары эл оозунан кеч жазылып алынып, кийин жарык көргөн акындардын ырларын жакшылап иликтебей туруп же ошол акынды көкөлөтүп көрсөтүү максатында мурункулардын ырларындагы ошол акынга тиешелүү жылтыраган саптардын көбүн, дагы эл оозунда атам замандан бери айтылып келаткан макал же афоризмге айланган сөздөрдү адрессиз кошуп жиберген учурлар көп кездешип атат. Мындай жоготуулардан улуу Токтогулдун чыгармалары да четте калбаганы түшүнүктүү. Анткени кыргыз акындарынын чыгармаларын жыйноо жана жарыялоо ишинде Тоголок Молдо көзү тирүү жана сабаттуу болгондуктан чыгармаларын өзү жазып, өткөн кылымдын жыйырманчы жылдарында эле басма бетине жарыялай баштаса, тоо булбулу Токтогулдун мурастарын ошондогу Кетмен-Төбө райкомунун биринчи катчысы Жумай Жылкыбаевдин демилгеси, зор аракетинин натыйжасында ошондогу ВКП(б)нын Кыргыз областтык комитетинин биринчи катчысы М.Л.Белоцкийдин билгир аракетинен жаралган Токтомдун жана жалындаган таланттуу акын Жоомарт Бөкөнбаевдин кызуу кыймылынын негизинде отузунчу жылдардын экинчи жарымынан кийин*

*жыйноо жана жарыялоо иштери катуу кого алынганы белгилүү. Кыргыз акындар чыгармачылыгынын бул эки классигинин көркөм мурастарын элге жеткирүүдө өткөн кылымдын дээрлик үчтөн эки бөлүгүн ээлеген Советтик түзүлүш аябагандай зор эмгек жумшаганын тана албайбыз. Аталган гиганттардын (Барпы Алыкулов кошо) чыгармалары бала бакчадагы бөбөктөрдөн баштап, мектептерде, орто, жогорку окуу жайларда тынымсыз окутулуп, жаш муундарды тарбиялоодогу ролу жакшы пайдаланылды. Ошону менен бирге эле ушул гиганттардын поэтикалык табылгаларынан азыктанып чоңойгон, бийик билим алууга жетишкен улутташтарыбыз бир топ акындардын мурастарын жыйнап, басма бетине жарыялашты. Мынтүү машакаттуу жана сыймыктуу иш экенин билебиз. Ошентсе да жогоруда айта кеткендей, маркумдардын эмгектерин элге тартуулоодо ошол түзүүчүлүк иш аткарган улутташтар өзү тааныштырып аткан акындарды ашкере мактоого алып, мурда жарыяланган же эл алдында аткарылган материалдарды «өздүк» акынынын чыгармасы катары аралаш-куралаш пайдаланып жиберишкени да чын. Анын типтүү мисалдары катары Калыгул олуяны төкмө акынга айландырууга жасалган аракетти, Нурмолдо менен Молдо Багыштын жыйнактарындагы бул акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүнө сыя бербеген учурларды айтмакчымын. Буларды мен өзүм аралашып, көрүп тургандыгымдан мисалга тартып атам, мындан да артык жасалмалуулуктарга жол берилген жыйнактар толтура. Аны атайын, милдеттүү түрдө изилдей турган мекемелер колго алышы керек.*

*Токтогулдун элдик эпосторду, дастандарды айтуудагы башкалардан башкача өзгөчөлүгү иликтенбей, алиге дың боюнча жатат. Башкача дегеним, биз кенже деп атап жүргөн эпостордун айрымдарын өркүндөтүп айтуу менен анын айрымдарын жана көпчүлүк дастандарды өзү жараткандыгы, эл арала-*

*гандагы эң негизги репертуары ошол кенже эпостор менен дастандар болгондугу белгилүү. Эл оозеки чыгармачылыгынын бул жанрларын айтуучулардын гиганты жана атасы саналган улуу Токтогул өзүнүн артынан эпос жана дастан айтуучу шакирттерди да даярдаган. Атактуу Эшмамбет, Калык, Алымкул акындар төкмөчүлүк, ыр аткаруучулук менен кошо эпос, дастан айтуучулук бийиктикти Токтогулдан үйрөнүшкөнү төгүн эмес, аксиома.*

*Жогоруда айрым кенже эпостор менен дастандарды өзү жараткан дебедикпи, аны профессионал акындардай өз ойлорунан сюжет жасап, образдар түзгөн деп түз мааниде түшүнүп албаш керек. Токтогул: «Ак кагазды каралап, Кат билбеген айыбым» – деп моюнга алып аткандай, сабатсыздыгы жоюлбаса да, китептерди окууга мүмкүнчүлүгү болбосо да, эл оозунан уккан уламыштарды, легендаларды, тарыхый окуяларды ж.б. сюжеттерди сая кетирбей, эсинде сактап калып, элдин каалоолоруна ылайыктап, ыр менен кайра айтып, көпчүлүктүн көксөөсүн кандырган. Өзү көп аралап, көп субкатташкан түрк тилдүү элдерден уккан кызыктуу сюжеттерди эсине түйүп алып, кыргыз эл оозеки чыгармаларынын закон-талаптарына ылайыктап иштеп чыккан. Көбүнчө өзбек, түркмөн, тажик сыяктуу элдер аркылуу жеткен китептик сюжеттерге көп кызыгып, ошолорду кыргыз топурагында кайра өндүргөн. Биздин адабият таануучулар Токтогул чыгармачылыгындагы мындай маанилүү маселеге алиге назар оодара элек.*

*Азыр биз түрк элдеринин ичиндеги огуздар тобуна таандык болгон «Китаби деда Коркут» («Дада Коркут хикаялари» деп аталганы да бар) же кыргызча котормосу боюнча «Коркут ата китеби» (Бишкек, 2004-ж., Которгондор: И.Абдувалиев, Т.Абылкасымова, Г.Сатимкулова) аттуу китептеги «Дука кожо уулу Далы Домрул баяны» деген дастандын сюжетинин негизинде Токтогул жараткан «Нуржанга» токтолуп көрөбүз.*

*«Коркут ата китебиндеги» «Дука кожо уулу Далы Домрул баяны» өзүнүн зоболосун көтөрүүнү максаттаган, өзүнө эч кимди теңсинбеген, Кудайды таанызбаган баш каарман Далы Домрул менен Азирейил жан алгычтын кармашуусунан башталат. Далы Домрул Азирейилге кылыч чапканда, ал көгүчкөн болуп качып кетет. Домрул жан алгычты жеңдим деп дердеңдеп турганда, Азирейил Далы Домрулдун атына көрүнүп, андан үрккөн ат Домрулду жыгылтканда, Азирейил жан алгыч Далы Домрулдун төшүнө минип, жанын алууга киришет. Далы Домрул тапкан дүнүйөсүнүн баарын бермек болуп, жанын калтыруусун суранат. Азирейил дүнүйө эмес, жан ордуна жан таап келүүсүн талап кылат. Ошондо Домрул Кудайды таанийт, өлгүсү келбей жанын сурап атасына барат. Атасы жанын бербейт. Анан жанын сурап апасына барат, ал да жанын бербейт. Акырында эки уулу менен үйдө отурган аялына барып, болгон ишти баяндап, өлөр алдында тапкан-тутканынын баарын бала-чакасына тапшырмак болот. Ошондо аялы: «Сенден калып, кайсы жакшылыкты көрмөк элем, менин жаным сага курман болсун!» – дейт. Аны уккан Азирейил аялынын жанын алмак болот. Далы Домрул өмүрлүк жарын кыя албай, Теңирге жалынат:*

*«Улуулардын улугусуң!<br>
Эч ким билбес жердесиң, улук Теңир!<br>
Бардык пенде өзүңдү көктөн издеп, жерден табар!<br>
Сен момундардын көңүлүндөсүң!<br>
Сен бийиксиң, кудуреттүүсүң!<br>
Улуу жолдорго имараттар салайын сен үчүн!<br>
Ач көрсөм, тойгузайын сен үчүн!<br>
Жылаңач көрсөм, кийгизейин сен үчүн!<br>
Алсаң экөөбүздүн жаныбызды бирге алгын!<br>
Койсоң экөөбүздүн жаныбызды бирге койгун!<br>
Марттыгы зор улуу Теңир!»–*

*дегенде, Алла Далы Домрулдун сөзүн туура көрүп, Азирейил жан алгычка: «Далы Домрулдун ата-энесинин жанын ал, аялы экөөнө 140 жаш өмүр кошуп бердим» – дейт. («Коркут ата китеби». Б., 2004-ж., 84-б.) Ошентип, Далы Домрул зайыбы экөө дагы 140 жыл кошуп өмүр сүргөн экен деп, дастан аяктайт.*

*Улуу демократ акыныбыз Токтогул айткан «Нуржан» аттуу дастандын негизи да жогоруда сөз улап келген «Дука кожо уулу Далы Домрулдун баянына» окшош. Бирок башкы каарманы Нуржан Далы Домрулдай өзүн баарынан кыйын санагандардан эмес, диний билим алып, өз заманынын талабына ылайык агартуучулук иш аткара баштаган жаш жигит болот. Атасы бай болгонуна карабастан бала көрбөй жүрүп, карыганда ушул Нуржанды көрүп, 5–6 жашка чыкканда эле медресеге берет. Нуржан 17 жашка келгенде мударис болуп, кайра медресеге дарс окуйт.*

*Күндөрдүн биринде таңкы «Багымдат» намазын окуганы мечитке барса, аны бир адам тосуп алат да: «Жаныңды алам!» – дейт. Нуржан анын Азирейил жан алгыч экенин билет да: «Мал, мүлк – бардык дүнүйөмдү берейин, жанымды калтыр!» – деп өтүнөт. Азирейил: «Жок. Жаныңды калтырыш үчүн жандын ордуна жан керек» – деп, болбойт. Нуржан жанын сурап атасына барат. Жан кыйыш кыйын да, атасы жанын бербейт. Анан апасына барып жанын сурайт, апасы да жанын бербейт. Андан кийин зайыбына барат, зайыбы күйөөсүнүн амандыгы үчүн өз жанын берүүгө макул болот. Ошондо Кудай Нуржан менен аялы экөөнө 70 жылдан өмүр-жаш кошуп берген экен. Мына, Токтогулдун «Нуржан» аттуу дастанынын мазмуну ушундай экен. Муну 1876-жылы туулган Ысабай Чомонов деген карыя Токтогулдун дастанынан укканы боюнча кара сөз түрүндө айтып жаздырган. (Кыргыз ИАнын Кол жазмалар фондусу. Инв. № 1914в, 159–160-бб.)*

*Салыштыра караганда «Коркут ата китебиндеги» «Дука кожо уулу Далы Домрул баяны» аттуу дастан менен Токтогул айткан «Нуржан» дастанынын ортосунда сюжет куруу ыкмасында же образ жаратуу жагында анча-мынча гана өйдө-ылдыйлар болбосо, берейин деген ой-максаты бипбирдей десек болот. Демек, тубаса куйма кулак Токтогул «Коркут ата китебиндеги» дастандарды окуган бирөөдөн же ооздон оозго айтылып келаткан мазмунун айткан бирөөдөн эшиткен болуу керек да, аны ырга айлантып, өз репертуарына кошуп алган болуу керек. Улуу акын айткан «Кедейкан», «Наркан», «Карынбайды жер жуткан» чыгармалары туурасында деле ушундай ой жоруса болот. Ал эми кыргыз топурагынан алынган окуяларды ырга салып, эпоско же дастанга айландырып ийиши түшүнүктүү эмеспи.*

*Эмки максат Мадылбек Сырдыбаев, Сүйөркул Тургунбаевдер баштап кеткен Токтогулдун ырларына болгон текстологиялык изилдөөлөрүн («Токтогулдун чыгармаларын текстологиялык изилдөө маселелери». Ф., «Илим», 1975) андан ары улантып, бирок теорилык маселелер менен эле чектелип калбай, келечектеги изилдөөчүлөр Токтогулдуку делген ырлардын, дастандардын, эпостордун баарын чогултуп, иргеп, саман-топондон арылтып (андайлар көп), бир том болобу, бир нече том болобу китеп кылып түзүп чыгуу керек. Ошондо улуу Токтогулдун чыгармалары деп ар кандай көлөмдө, ар кандай сандагы томдордо тайсалдабай жарыялай берүүгө шарт түзүлөт.*

*Омор СООРОНОВ,*
*КР Маданиятына эмгек сиңирген ишмер,*
*КР Илим жана техника жагындагы*
*мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты*

# ТОКТОГУЛ

## ЖАЗЫП АЛГАН КИШИ ЖОК...

Үйрөнөм деп ырымды
Үймөлөктөп эл келет.
Жамгырдай төгүп отурсам
Жатка алып кантип үйрөнөт.
Жазып алган киши жок
Жаагым тынбай сүйлөнөт.

Ак кагазды каралап,
Кат билбеген айыбым.
Мен өлгөн соң сөзүмдүн,
Таба албайт го дайынын...

## НАСЫЛКАН

– Кимдин, кимдин көчөсү?
– Насылкандын көчөсү.
– Бүгүн айдын нечеси?
– Ай караңгы кечеси.
Тал чыбыктай буралат
Насылкандын мүчөсү.

Алда кандай болду экен
Ардактаган энеси?
Сыр чечишип бир жүргөн
Сымбаттуу экен жеңеси.
Күн-түн кетпейт оюмдан
Насылкандын элеси.

Айдай жүзүң жаркылдап
Күлөсүңбү, Насылкан?
Азап тартып жүргөндү,
Билесиңби, Насылкан?
Сырын ачып айтпаган,
Мүнөзүңбү, Насылкан?
Теңештирбейм миң кызга
Бир өзүңдү Насылкан!

## КҮЛҮЙПА, КҮЛЖАР АШЫК КЫЗ

Кереге таштан эл көчөт,
Кең арал дайра суу кечет.
Күлүйпа, Күлжар ашык кыз,
Үшкүрсөм дартым кимге өтөт?

Калкагар таштан эл көчөт.
Кара бир дайра суу кечет.
Күлүйпа, Күлжар ашык кыз,
Кайгырсам дартым кимге өтөт?

Ак дөбөдөн эл көчөт,
Алты арал дайра суу кечет.
Ак мандай сулуу ашык кыз,
Азаптуу дартың кимге өтөт?

Көк дөбөдөн эл көчөт,
Көп арал дайра суу кечет.
Көңүлүм билген ашык кыз,
Күйгүзгөн дартың кимге өтөт?

Ботолуу нарча жетелеп,
Боз талаа менен өтөсүң.
Боорумуң башка экенсиң.

Күлүйпа, Күлжар ашык кыз,
Боздотуп кайда кетесиң?

Кара нарча жетелеп,
Как талаа менен өтөсүң.
Кадыркеч жандан экенсиң,
Күлүйпа, Күлжар ашык кыз,
Какшатып кайда кетесиң?

Сагызган учуп жеткисиз,
Сары ойго көчүп кетипсиз.
Сары чаң чаңдайт, шамал жок,
Санаада турат, амал жок.

## АРЗЫМАТКА

Бекти көрсөң мактайсың,
Бекер ичкен аш үчүн
Кошомат кылып бегиңе
Бечараны каптайсың.

Ханды көрсөң мактайсың,
Кардың тойгон жеринде
Кошомат кылып ханыңа
Карыпты көрсөң каптайсың.

Хан Дыйканбай үйүндө
Жүргөнүңдү ырдадың.
Кошоматка кой союп
Күлгөнүңдү ырдадың.

Бий, болуштун астында
Сен да билгениңди ырдадың.
Казы менен картага
Тойгонуңду ырдадың.

Хан Дыйканбай ырчысы
Болгонунду ырдадың.
Кара карга үндөнүп
Каркылдаган, урганым!..

Манаптан ичкен ашыңа
Мактанып жүргөн экенсиң,
Мадырайган соргогум
Мени жакырсың деп кордодуң.
Жакыр да болсом мен өзүм
Жаандан чыккан жоргомун.

## АЛЫМКАН

Атка салган дилдейсиң,
Ачылган кызыл гүлдөйсүң,
Бир күнү оору, бир күн соо
Алымкан, азабың тартсам билбейсиң.

Бетегелүү майданым,
Пейили жакшы жайдарым!
Көлөкөлүү майданым,
Көөнү жакшы жайдарым!

Букардын тоосу бурулуш,
Бурулуп учат улуу куш.
Бурулуп мага келе кет,
Алымкан, муңдуурга салбай кыйын иш!..

Кашкардын тоосу кайрылыш,
Кайрылып учат улуу куш.
Кайрылып мага келе кет,
Алымкан, карыпка салбай кыйын иш!..

Саркечтеп тиккен жоолугуң,
Сарсанаа кылат жоругуң.
Көккештеп тиккен жоолугуң,
Көп санаа кылат жоругуң.

Токтогул черткен «Жаш кыял»
Тыңдасаң боло, Алымкан.
Ак шайы жоолук колго алып
Булгасаң боло, Алымкан.
Аз күнчөлүк өмүрдө
Жыргасаң боло, Алымкан!..

## АЛЫМКАН
*(2-варианты)*

Жазгы жамгыр болбосо,
Жашыл чөп кайдан гүлдөсүн?
Жаркырап ойноп жүрө бер,
Алымкан, жашыңда Токоң үндөсүн.
Жанында турат алганың,
Алымкан, жаман көрүп жүрбөсүн?

Күзүндө жамгыр болбосо,
Күлгүн чөп кайдан бүрдөсүн?
Күлүп ойноп жүрө бер,
Алымкан, күкүгүң Токоң үндөсүн.
Күлүп койсоң жаркылдап,
Алымкан, күйөбүң жаман көрбөсүн?

Аптапта аппак сарайсың,
Алдыртан мени карайсың.
Азабым тартсын дейсиңби,
Алымкан, алдыртан чачың тарайсың?

Кундуздай кара чачыңды
Алымкан, кулпунтуп күндө тарайсың.
Күйүтүм тартсын дейсиңби,
Алымкан, күйгүзүп мени карайсың?

## БОЛОБУ

Жайкалган жалы болбосо,
Аттын көркү болобу?
Жакшы сөзү болбосо,
Карттын көркү болобу?
Буралып шибер чыкпаса,
Жердин көркү болобу?

Жайылып малы толбосо,
Төрдүн көркү болобу?
Каз, өрдөгү болбосо
Көлдүн көркү болобу?
Сайрабаса саратан,
Чөлдүн көркү болобу?

Бүрдөбөсө буралып,
Талдын көркү болобу?
Ээгинде сакал болбосо,
Чалдын көркү болобу?

Буралып эгин чыкпаса,
Жердин көркү болобу?
Көгөргөн музу болбосо,
Белдин көркү болобу?
Закымы жортуп жүрбөсө,
Желдин көркү болобу?

## ЧАЙКАМА

Күүнүн башы чайкама,
Жигитинде жигит бол,
Эч нерсени байкаба!
Күүнүн башы чайкама,
Көпчүлүк элге айтам а.

Ойду коюп, дөндү бас,
Дөндү коюп, ойду бас!
Теңтушуңа кошулуп,
Теңдешип ойноп кумар жаз.

Кемпир менен чал жатат,
Кейиш менен таң атат.
Күйөө менен кыз жатат,
Күлкү менен таң атат.
Жагалдантып аларды,
Жашчылык курчуп баратат.

Атың күлүк болгон соң,
Аштан тойдон калган соң,
Күлүктүгү не пайда?
Алганың сулуу болгон соң,
Аркырап беттен алган соң
Сулуулугу не пайда?

Карагайдын бутагын,
Кайрып алма не пайда?
Кайран жаның өткөн соң,
Катының ыйлайт бейпайда.

Кескен терек жыгылса,
Кесинди калып не пайда?
Керектүү жаның кеткен соң,

Келиниң ыйлайт бейпайда.
Ичигиң түлкү болбосо,
Тон сынамак не пайда?

Күлүктү минген күндө мас,
Көпкөн бойдок түндө мас.
Зардалуу чечен топко мас,
Жорго минген жолдо мас.
Оймоктуу катын ишке мас,
Ойношчул катын түштө мас.

## ЭРКЕ САРЫ

(*Күү ыры*)

Эрке сарым, элге дарым,
Күйкө сарым, күйдү жаным,
Сүйүмканым, сүйдү жаным.
Жогору жагың базаркан,
Төмөн жагың  шааркан.
Жети эшик алды жеке тал
Жеталбадым, Сүйүмкан.
Жеткендерден бир салам
Айталбадым, Сүйүмкан.
Кара кырым каптал жол
Кайтмак элем, Сүйүмкан.
Каттагандан бир салам,
Айтмак элем, Сүйүмкан.
Алкымың жыттап кубанып
Жатмак элем, Сүйүмкан.

## НАСЫЯТ ЫР

Эр жигит, күрөшпөгүн палбан менен,
Палбанды жыга албайсың чалган менен.

«Ошону бир жыкпастан жыгылдым» – деп,
Өмүрүң өтүп кетет арман менен.
Ойлосоң эр жигитке эрен болбойт
Жолборстон бир тайгылып калган менен.

Карматпайт өмүр чиркин кууган менен,
Атадан алтоо болбойт тууган менен.
Акмактын карасы жок турган менен,
Эр жигит, жолдош болбо урган менен.
Жаманга мээнет бекер кылган менен,
Ууру адам алал болбойт жууган менен.
Жигиттин баары бирдей баатыр болбойт
Жоолугун көөдөсүнөн бууган менен.

## БОЛОСУҢ АКЫН

Окубай, жазбай кат болбойт,
Минбей буудан ат болбойт,
Куйкасыз башта чач болбойт,
Ичпей мамил чай болбойт,
Кийбей кызыл шай болбойт,
Минүүсүз жорго тай болбойт,
Ак буудан баспай чаң болбойт,
Акылынан адашпай,
Адам уулу маң болбойт.
Асмандан тийбей күн болбойт,
Азап түшпөй адамга,
Караңгы кирип түн болбойт.
Улугуң калыс болбосо,
Ушундай түндө ким коргойт?
Жоргону минген жолдо өсөт,
Күлүктү минген күндө өсөт,
Душмандан кордук көргөндө,
Уйкуң келбейт жатканда,

Болосуң акын келтирип
Ар санатты айтканда.

## БЕШ КАМАН

Акмат, Дыйкан – алдамчы,
Атакан, Миңбай – жалганчы,
Эгемберди, Бактияр –
Эл жегенге жардамчы.

Кол курады беш каман,
Муруңкудай чапмакка.
Короодогу кой турмак,
Коргол бербейт Жети ата[1] .
Жети атанын таш бараң!
Таш бараңга батпаган,
Чаап, талап, жеп жүрүп
Букарадан айрылган –
Рыскулбектин беш жаман.

Керимбай менен Мырзакан,
Келсең кардың жарылды,
Төрт миң үйлүү Жети ата
Төкпөй койбойт каныңды.
Жедирмек тургай Жети ата
Аралатпайт Арымды.
Балапандай уйпалап
Чыгым салып эл жедиң,
Чыркыратып жардыга,
Эч бир тендик бербедиң,
Жалдыратып жардынын
Жалгыз атын сен жедиң.
Жакын көрдүң байларды,

[1] *Жети ата* – Рыскулбектин балдарына каршы бириккен ар кайсы уруудан жыйналган эл.

Жам букара бирикти,
Табалбассың айланды.
Букаранын санаты
Кинегеңе чийилди.
Съезд кур деп жиберди
Болушуң менен бийиңди.
Табалбассың беш каман,
Корголорго ийинди.

Жетим, жесир алсызга
Карабадың, беш каман,
Жетилсин деп жардыны
Санабадың, беш каман.
Жеп-ичкенден башканы
Каалабадың, беш каман.
Он асыйга бир жыктың
Орозаалы карыны.[1]
Бүтүн элдин акысы –
Өмүрүңдүн жарымы.
Көралбайсың жардынын
Жакшы ат таап мингенин,
Акмат, Дыйкан, Атакан,
Көркоолугуң бул сенин.
Талап алып тентиттиң
Боромбайдын Сарысын[2]
Күндө жейсиң айыптап
Күлдү журттун баарысын,
Жыгып алдың, Атакан,
Тоялынын[3] чалышын.

---

[1] *Орозаалы* – Токтогулдун айылындагы дыйкан киши. «Менин жигитиме кол кайырдың» – деп, Дыйканбай ал кишиге он асый айып салган.

[2] Токтогул менен айдалган Сары уста.

[3] Тоялы деген кишинин жакшы атын Керимбай тарттырып кеткен.

Токтотту далай бечара
Той менен ашка барышын.
Жетим менен жесирдин
Тыңдабадың арызын,
Тырмагың уу бүркүттөй,
Тукумуң кантип жарысын?..

Өчөшсөң Миңбай, Атакан,
Мени да жыгып аларсың,
Токтогул деп кекетсең,
Тогуз айып саларсың.
Адатыңды карматсаң
Үй оокатым таларсың.
Канкорлугуң кармаса,
Өлтүрүп каным жаларсың.
Уу тырмактуу беш канкор,
Өлтүрсөң да жалынбайм,
Эки келбейм жаралып,
Өлгөн соң кайта табылбайм…

## ЭМНЕ КЫЗЫК

Күрпөң-күрпөң жүгүртүп,
Күлүктү минсең бир кызык.
Ай далыңды кубантып,
Асылды кийсең ал кызык.
Адырма адыр оттотуп,
Айдап жүрсөң мал кызык.
Азамат эрге табылса,
Айнектей сулуу жар кызык.

Жакшы ат минип кубаныл,
Жалындуу жүрөк чыңалып,
Жарашыктуу кийинип,

Жагалданып сыланып,
Жашыл көйнөк, шай көйнөк
Жароокер сулуу кыз сүйсөң,
Жашчылыгың бир кызык.

Эмгек этип жашыңдан,
Элге жаксаң эң кызык.
Эки курбу баш кошуп,
Эркелешсең сен кызык.
Эрикkенче сүйлөшүп,
Элестешсең тең кызык.
Эл чогула келгенде
Элиришке мен кызык.

Келин-кызга жарашкан,
Керенелүү шай кызык.
Кары кемпир-чалдарга
Кант салган кара чай кызык.
Ойноо кезде балдарга
Ооз жарма тай кызык.

Өмүрүндүн ичинде
Өлбөгөнгө миң кызык.
Алганың жакшы жар болуп,
Айкалышып уктасаң,
Ай жарыгы түн кызык.

## ГҮЛДӨП АЛ

Кара күрмө шай кийип
Бойлогула, кыздар ай,
Кадыр, көңүл бар чакта
Ойногула, кыздар ай.
Кайрылып келбейт өмүрүң,

Ойлогула, кыздар ай,
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кайран жашты картайтып
Койбогула, кыздар ай!..

Кызыл күрмө шай кийип,
Бойлогула, кыздар ай,
Кызуу көңүл бар чакта
Ойногула кыздар ай,
Кылчайып келбейт өмүрүң,
Ойлогула, кыздар ай,
Ойной албай, күлө албай,
Ойногонду биле албай,
Кызык күнүң өткөрүп
Койбогула, кыздар ай!...

Кызыл жибек түрдө бар,
Кызыл тилим, сүйлөп ал,
Кылчайып келбейт өмүрүң,
Кыз экенде гүлдөп ал.
Кыялданып качпагын
Кыз ойнобос көрдө бар.

Жашыл жибек түрдө бар,
Жаңсап тилим сүйлөп ал,
Жанып келбейт өмүрүң,
Жаш экенде гүлдөп ал.
Жалтанбагын, качпагын,
Жаш ойнобос көрдө бар.

Кайран өмүр барында,
Балалыктын чагында,
Гүлкайырдай гүлдөп ал
Күлгүн жаштын барында.

Карылык кууп жеткен соң,
Кайран өмүр өткөн соң,
Кара чым басып дененди
Каларсың жердин астында...

## ТҮЗ ЖОЛУҢДАН ЧЫКПАГЫН

Калың топко сайраган,
Акын Токоң мен мында!
Сагынган элди көрөм – деп,
Көп  элге ырдап берем – деп,
Кетмен-Төбө жеримден
Атайы мында келдим да.

Жаш кезиңде жаркылдап,
Калкыңа тийсин керегиң.
Билишимче кубултуп,
Санаттан ырдап берейин.
Жаман адам жалтанган,
Жалкоо болот карганча.
Жаныңдан кетпейт жалтактап,
Бир нерсең алдап алганча.

Аңчынын чери жазылбайт,
Булкунтуп бүркүт салбаса.
Туугандары жат болот,
Бир-бирине барбаса.
Арманда кылып калтырат,
Бекерге кылган далбаса.
Айдатып ийген Токоңду
Байлардан чыккан каргаша.
Түз жолуңдан чыкпагын,
Бузуку сени алдаса!

## ДҮНҮЙӨ

Бул дүнүйө бекерсиң -
Бир күнү өтүп кетерсиң.
Опосу жок дүйнөнүн
Түбүнө ким жетерсиң?

Келеринде дүнүйө,
Толукшуп чыккан айдайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Суу жүрбөгөн сайдайсың.

Келеринде дүнүйө,
Асмандагы күндөйсүң,
Кетеринде дүнүйө,
Кайгылуу көңүл кирдейсиң.

Келеринде дүнүйө,
Өзөнгө бүткөн талдайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Өлүмдөн бетер алдайсың.

Келеринде дүнүйө,
Мөмөлүү дарак шактайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Суу жетпеген кактайсың.

Келеринде дүнүйө,
Алмач өркөч лөктөйсүң.
Кетеринде дүнүйө,
Тулпар минсең жетпейсиң.

Келеринде дүнүйө,
Аргымак минип ойнойсуң.
Кетеринде дүнүйө,
Айланып учкан торгойсуң.

Келеринде дүнүйө,
Адырдан соккон желдейсиң.
Кетеринде дүнүйө,
Кол жетпес аска белдейсиң.

Келеринде дүнүйө,
Ай менен Күндөй жарыксың.
Кетеринде дүнүйө,
Таманы түшкөн чарыксың.

Келеринде дүнүйө,
Кош тегирмен ноодойсуң.
Кетеринде дүнүйө,
Көз жетпес бийик зоодойсуң.

Келеринде дүнүйө,
Алтын жагоо куштайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Кышкы чилде муздайсың.

Келеринде дүнүйө,
Алтын така тулпарсың.
Кетеринде дүнүйө,
Артынан кууса жеткирбес,
Айланып учкан шумкарсың.

Келеринде дүнүйө,
Урууда күлүк дулдулсуң.
Кетеринде дүнүйө,
Уясын бузган булбулсуң.

Келеринде дүнүйө,
Ташкын дайра селдейсиң.
Кетеринде дүнүйө,
Карматпас бороон желдейсиң.

Келеринде дүнүйө,
Алтын тутка түркүксүң.
Кетеринде дүнүйө,
Туурдан учкан бүркүтсүң.

Келеринде дүнүйө,
Кебелбес эрдин мүлкүсүң.
Кетеринде дүнүйө,
Керүүдөн качкан түлкүсүң.

Келеринде дүнүйө,
Байгеден чыккан аттайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Мөмөсү түшкөн шактайсың.

Келеринде дүнүйө,
Көңүлүң курсант болорсуң.
Кетеринде дүнүйө,
Көк шумкар алган коёнсуң.

Келеринде дүнүйө,
Курбулуу тоодо уларсың.
Кетеринде дүнүйө,
Куйругун жанчкан жылансың.

Келеринде дүнүйө,
Көк болот шамшар-канжарсың.
Кетеринде дүнүйө,
Көксөө болгон чалдайсың.

Келеринде дүнүйө,
Жоо качырган эрдейсиң.
Кетеринде дүнүйө,
Кейиген менен келбейсиң.

Келеринде дүнүйө,
Кериде жайык конушсуң.
Кетеринде дүнүйө,
Капкагы сынган комузсуң.

Келеринде дүнүйө,
Чытырман калың токойсуң.
Кетеринде дүнүйө,
Жыртылган тери чокойсуң.

Келеринде дүнүйө,
Ак үйгө салган айнексиң.
Кетеринде дүнүйө,
Туткасы сынган чайнексиң.

Келеринде дүнүйө,
Ала кар жаткан бийиксиң.
Кетеринде дүнүйө,
Мергенден качкан кийиксиң.

Келеринде дүнүйө,
Көкөлөп өскөн чынарсың.
Кетеринде дүнүйө,
Шамалдан качкан тумансың.

Келеринде дүнүйө,
Толкуган көлдө шардайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Томугу түшкөн талдайсың.

Келеринде дүнүйө,
Жыйырма беш жаштайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Жыдыган кара чачтайсың.

Келеринде дүнүйө,
Караңгы тамда чыраксың.
Кетеринде дүнүйө,
Карышкыр жеген улаксың.

Келеринде дүнүйө,
Айчыгы алтын туудайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Соолгон кудук суудайсың.

Келеринде дүнүйө,
Булутсуз тийген күндөйсүң.
Жанаша чыгып ыргалган
Жазгы талдай бүрдөйсүң.

Кетеринде дүнүйө,
Булут баскан түндөйсүң.
Карарып алса көңүлүң,
Кармаса колго кирбейсиң.

Келеринде дүнүйө,
Түнкүсүн жарык айдайсың.
Адамдын көөнүн сергиткен
Жашыл гүлдүү жайдайсың.

Кетеринде дүнүйө,
Кайрылып карап койбогон
Кайыры жок байдайсың.
Келеринде дүнүйө,
Жайкалган ыраң чөптөйсүң.
Жашылданып буруксуп,
Туш-туш жакка көктөйсүң.

Кетеринде дүнүйө,
Эшиктен төргө өтпөйсүң,

Жардылыкка таянтып,
Жакыныңды өрттөйсүң.

Келеринде дүнүйө,
Бир туугандан ынаксың.
Караңгыда жарк эткен,
Кавхар, жакут чыраксың.
Кетеринде дүнүйө,
Душманымдан ыраксың.

Келеринде дүнүйө,
Жаз бүрдөгөн терексиң.
Жагалдантып көңүлдү
Жаш, карыга керексиң.
Кетеринде дүнүйө,
Түбү түшкөн челексиң.

Келеринде дүнүйө,
Бүр алган кырчын талдайсың.
Таттылыгың тамшантып,
Шекер менен балдайсың.
Кетеринде дүнүйө,
Азыткыдай алдайсың.

Келеринде дүнүйө,
Жасалгалуу үйдөйсүң.
Кетеринде дүнүйө,
Жакыныңды сүйбөйсүң.

Келеринде дүнүйө,
Ташып чыккан булаксың.
Кетеринде дүнүйө,
Желсиз өчкөн чыраксың.

Келеринде дүнүйө,
От жакпай оргуп кайнайсың.

Күн тийгендей жаркырап,
Күлө багып жайнайсың.

Дүнүйө чиркин ушундай,
Колуңдан качкан кушуңдай.

## АККАН СУУ

Кырк миң жыл жердин алдынан
Карып чыккан аккан суу.
Толгон айдай жаркырап,
Жарык чыккан аккан суу.
Булаң куйрук, жез канат
Балык чыккан аккан суу.
Курт-кумурска жандууну
Багып чыккан аккан суу.
Кара жердин алдынан
Жарып чыккан аккан суу.

Көз жетпеген кара кыр
Тоого чыккан аккан суу.
Кош тегирмен паралуу
Ноого чыккан аккан суу.
Жети кабат жер менен
Зорго чыккан аккан суу.

Көз жетпеген ала кыр
Сайда болгон аккан суу.
Чаңкаганда адамга
Пайда болгон аккан суу.
Азган менен тозгонго
Айла болгон аккан суу.
Кызыл-тазыл жайнатып,
Гүл жараткан аккан суу.

Жер жүзүндө сонорго
Түр жараткан аккан суу.
Жашылала ыраң чөп,
Миң жараткан аккан суу.
Баасы кымбат, эти алтын,
Мал жараткан аккан суу.

Башатына көгөртүп
Тал жараткан аккан суу.
Карыптарга күч-кубат
Ал жараткан аккан суу.

Жадыратып жайыкка
Чөп жараткан аккан суу.
Жашыл майдан салкынга
Көк жараткан аккан суу.

Агын дайра шар болуп
Толкуп турган аккан суу.
Ак тулпар кечип өтө албай
Коркуп турган аккан суу.

**НАСЫЯТ**

Дениң соодо эринбей,
Бекерликке берилбей,
Эркиң менен жумуш кыл,
«Эринчээк, жалкоо» дедирбей.

Эрдин күчү – сом темир,
Эритүүгө эр керек.
Эч оокатың болбосо,
Эгин айдар жер керек.
Эр жигиттин белгиси –

Эпчил болот термелеп,
Өз колунда болбосо,
«Өлдүм» десең, ким берет?
Күчүң барда иштеп көн,
Күлүп жайнап, эр жигит,
Күнүмдүктү ойлобой,
Кулак байлап жер жибит.

Жакшы азамат түрдөнүп,
Жалбырттаган жалындай,
Өзүн өзү асырайт,
Уурулукка малынбай,
Уятын ойлоп ар убак,
Ушак сөзгө чалынбай.

Түрүнүп иштеп, эр жигит,
Тишиң барда таш чайна.
Ирээтинди түзөтүп,
Иштебесең аш кайда?

Эгин айдап, чөбүң чап,
Эмгегинден пайда тап.
Азамат болсоң, ак иштеп,
Аздыр-көптүр малың бак!

Эр жигиттин белгиси –
Кайраттуу болот жалындап,
Өз колунда болбосо,
Оңойбу оокат табылмак?
Өлмөйүнчө кор болбойт,
Өксүгөн менен ниети ак.
Жамандыкка чалынбайт,
Өз башына өзү сак.
Өлбөй тирүү калбайсың,
Жан аманат, ойлоп бак.

Ыркырашпа тирүүндө:
Ырыс алды – ынтымак...

Ачуулуу болуп, эр жигит,
Аксымдыкка бут малба,
Көпкөндүккө жеңдирип,
Көрүнгөнгө мактанба,
Алып калгын Токондун
Үлгүлүү сөзүн укканда.

Карыздар болбо, эр жигит,
Көтөрмөгө бурулуп.
Абийириңди кетирип,
Аласа келет чубуруп.
Андан көрө эгин бак,
Алың барда жулунуп.
Кайда качат ырыскы?
Өзү эле келет курулуп.

Эсиң кетсе, эчки бак,
Эчки тууйт үч улак.
Айраныңды мол кылып,
Саан берет үч убак.
Эч болбосо экиден
Эгиз тууйт улагың,
Эшигиңден эрмен жейт,
Эстебей тоонун туланын.

Эгин айдап, жакшы бак,
Жазында чыгат жалтылдай,
Кампадан ашып кап толот,
Баасы кызыл алтындай.
Жашыңда кылгын мээнетти,
Жалкоолонуп тартынбай.
Карды тойбойт адамдын

Кайрат менен иш кылбай.
Качкы болот кээ акмак
Кара чака табалбай,
Коё берет акыры
Катынын эптеп багалбай.
Иштеп жатса бир дыйкан,
Кыт-кыт күлүп табалайт.
Дыйкан кууп жолотпой
Айыл үйдөн талаалайт.

Андай сыйкыр шумдарга
Азаматтар байланбайт,
Ачык -айрым азамат
Аргымак аттай шайдаңдайт.

Карыздар болбо сүткорго,
Бардык малын сүт кылат.
Бир жылда эки туудуруп,
Жарым сомун бүт кылат.
Убагында бербесең,
Бийге салат тыткылап.
Бий-болуштар башыңан,
Арылбаган жут кылат.

Кумарын жазат куш салган,
Кымылдайт ичи кыз алган.
Куюлтуп ырдап отурсам,
Сөзүмдө барбы бир жалган?

Күнү-түнү тынчы жок
Ашка-тойго ат чапкан.
Берекеси жок болот
Бекеринен мал тапкан.
Чынчыл жакшы көрбөдүм
Чыгым албай эл баккан.

Эки колун тынчытпайт
Эт бышырып, от жаккан.
Мергендиктин белгиси –
Бугу, марал, теке аткан.
Үңкүйүп үйдө жатканча
Ит агытып, сал капкан.
Курсагың сылап тынч жаткан,
Тамак даяр болгондо,
Ал урган кирип келет бир жактан.

Жардылык, байлык кимде жок,
«Жардысың» – деп демитпе,
Жамандашып, эр жигит,
Бириңди бириң кемитпе!
Аз өмүрдүн ичинде
Амандашкын күнүгө.
Өлбөгөнгө табылат
Аздыр-көптүр дүнүйө.

Ала көөдөн акмактар
Антташкан сөзгө туралбайт.
Айылына бата албай,
Акыр өзү бурандайт.

Как ошондой адамдын
Каадасы калбайт карганча,
Өткөн өөнү билинбейт
Өлөр күнгө барганча.

Ырыс алды – ынтымак,
Өлмөйүнчө кол кармаш.
Билими бар азамат,
Бир-бириңе жардамдаш.
Билинбей жүрүп бир күнү
Мүдүрүлөт алтын баш...

Өнөрүң болсо, өргө чап,
Кор кылбай асыл жанды бак.
Эрдин көркү эл менен,
Эмгегиң менен элге жак!

## САНАТ

Аргымакты «жаман» деп,
Бууданды кайдан табасың?
Агайынды «жаман» деп,
Тууганды кайдан табасың?
Ак саманды «жаман» деп,
Чөптү кайдан табасың?

Аз дүйнөнү «жаман» деп,
Көптү кайдан табасың?
Жарма, чайды «жаман» деп,
Этти кайдан табасың?
Акындарды «жаман» деп,
Кепти кайдан табасың?

Агарган карда көп жүрсөң,
Көзүң бир күн карыгат,
Агайындан чет жүрсөң,
Көңүлүң бир күн тарыгат.
Тууганына батпаган,
Душманына жалынат.

Болбос жаман арамза
Болумсуз ишке малынат.
Кийинкисин ойлобой,
Кишинин көөнү калынат.
Жакынына жакпаган,
Жат кишини жамынат.

Ханды кудай урарда
Калкына жаман кас болот.
Байды кудай урарда
Дөөлөтүнө мас болот.
Кышты кудай урарда
Күн жылымдап жаз болот,
Эрди кудай урарда
Элүүндө жаш болот.

Жалпы жылдыз чогулса,
Жарым шоола айдай жок,
Тогуз улак бириксе,
Баасы жалгыз тайдай жок.
Карандай чайды көп ичсең,
Бир кесим казы майдай жок.
Өңкөй бөздүн сапаты.
Бир кийимдик шайдай жок.

Бычак берсең, кындап бер,
Кындап берсең, чындап бер.
Берекесиз байлардан
Бейил менен кун кетер.

Жумуш кылсаң, мудаа кыл[1],
Иштеп кетпе илдекер[2],
Кара санап бирди алсаң,
Колуңуздан миң кетер.
Чечилишип сырдашсаң,
Көкүрөктөн муң кетер.

Баарың болсоң бир ооздуу,
Душманың кантип былк этер?
Булут кетсе асмандан,

---

[1] *Мудаа кыл* – аягына чык, ишти бүтүр деген мааниде.
[2] *Илдекер* – эптеп-септеп.

Күн ачылып жылт этер,
Ажалың жетип, күн бүтсө,
Кайран башың шылк этер.
Ак барандын кундагын,
Аталбасаң сунбагын,
Эрмин десең душмандан
Эки көзүң жумбагын.
Өтүп кеткен иш үчүн
Өкүнүп балаң урбагын.

Көпкөн жигит көп сүйлөйт,
Чечен жигит эп сүйлөйт,
Билбестерге жыйында
Бир сүйлөөгө кеп тийбейт.
Жөн жүрбөгөн жигиттер
Көрүнгөндөн тепки жейт.
Ким көрүнгөн кекенип
«Ушунуку өттү» – дейт.
Көз карашың бузулса,
Көргөн адам «көптү» – дейт.

Сүт табакты жибитет,
Айран тамса иритет,
Пайдасы жок кеп айтып,
Маңыз сөздү чиритет.
Күлө сүйлөп үйүңө
Күндө кирген күл ичет.
Эки дүлөй кошулса,
Бир-бирине күлүшөт.

Жинди менен жоолошпо,
Суу куйбагын толбоско,
Акмак болуп кетесиң,
Ачууланба болбоско.

Үгүт айтып чарчаба,
Айткан акыл конбоско.

Жолдош болсоң куу менен,
Өмүр өтөр доо менен.
Жыкмайынча качпагын,
Беттешип калсаң жоо менен.

Суктанбагын сулуга,
Уят айтпа улууга.
Тамаша айтсаң билбеске,
Тар жерде катуу сындырат,
Жамандардын адаты –
Жалган сөздү чын кылат.
Көптү көргөн адамдар
Көнүлүңдү тындырат.
Бекерчиден безе кач,
Ушакчыдан көчө кач!

Кызыктырып кыйыкты,
Кыйын жерге жибербе,
Билбестерди коркутуп,
Алдоо менен имербе,
Жаңшап турган Токондун
Насияты силерге.
Жаның менен акыл айт
Жакшы айтканың билерге.

Колуңдан келбес жумушту
Оюң менен бүтүрбө,
Алыстан келер коноктун
Кабарын укпай күтүнбө.

Айталбаган сөз үчүн
Оозуңду бекер ачпагын,

Мактаганга март болуп,
Оокатыңды чачпагын.
Колдон келер иш болсо,
Коркуп бекер качпагын,
Мурунку жаман ишиңди
Кийинки жерде таштагын.

Жолдош болбо коркокко,
Жүк артпагын торпокко,
Иш кылдырба чоркокко.

Күлүк минсең күүлөнүп,
Эки жагың каранба,
Көйрөң атка коносуң
Көрүп калган адамга.
Сурап ичкен тамагың
Суу ичкен менен барабар,
«Сук» атанып айлыңда
Суук болбо, жаш балдар!

Күлүк менен жарышпа.
Билимдүү менен алышпа.
Кейбир[1] кылат өзүңдү
Кеп салбагын маңызга.

Көңүл калар кеп айтпа
Ооруу менен картаңга,
Жанын сатат кээ адам
Жарым чөйчөк талканга.

Бузук менен мундашпа,
Уятсыз менен ымдашпа,
Болбос ишке кийлигишпе,

[1] *Кейбир* – келжирек.

Момундук жөнү бир башка...
Алың менен күч керек
Азык, оокат тындашка.
Акылсызга сөз айтып,
Акмак менен сырдашпа.
Аялыңды жек көрүп,
Жамандыкты ырбатпа.

**ҮЛГҮ ЫРЛАР**

Дайранын көркү кемеде,
Баланын көркү энеде,
Акыл айтсаң тыңшабай,
Акмактын көркү жемеде.

Бычактын көркү кынында,
Жылкынын сыны кулунда,
Азамат болсоң, эр жигит,
Ардактуу иштен корунба.

Шибердин көркү – мал менен,
Жылкынын көркү – жал менен.
Жылдыздай жанган кара көз,
Жигиттин көркү – жар менен.

Сакалдын көркү чалда бар,
Сулуунун көркү калда бар.
Суктанып жүрбөй ар кимге,
Сүйгөнүңдү тандап ал.

Түн менен жойлой басканда,
Түлкүлөр түшөт капканга,
Түн экен деп, эр жигит,
Максатыңдан жазганба.

Жаман адам белгиси –
Өз камы үчүн жүгүрөт,
Жакшы адам белгиси –
Эл камы үчүн күйүнөт.

Эчкинин көркү – төл менен
Эгиндин көркү – жер менен,
Эликтин көркү – төр менен,
Эр жигит көркү – эл менен.

Булбулдун көркү гүлдө бар,
Ырчынын көркү үндө бар,
Ак шумкар учса асманга,
Амалың болсо үндөп ал!

Жайлоонун көркү кымызда,
Кишинин көркү ырыста.
Намысы үчүн жоо сайган
Баатырдын көркү урушта.

Аяздын көркү музда бар,
Алгырдын көркү кушта бар,
Тамактын көркү тузда бар,
Саамайдын көркү кызда бар.

Жамгырдын көркү туманда,
Бүркүттүн көркү кыраанда,
Байкабай жүрсөң кокустан,
Кор болосуң жаманга.

Туйгундун көркү түлөктө,
Баатырдын көркү жүрөктө.
Балбандын көркү билекте,
Өрдөктүн көркү чүрөктө.

Кулпунуп туурда таранса,
Куштун көркү түлөктө.
Кошоматчы кууларды
Кондурба да, түнөтпө.

Кылычтын көркү курчунда,
Кундуздун көркү сыртында,
Алышкан душман жоо келсе,
Азамат көркү журтунда.

Бак-дарак көркү гүлүндө,
Бакшынын көркү жининде,
Мукам-мукам сайраса,
Булбулдун көркү үнүндө.

Аргымак көркү жалында,
Алманын көркү шагында,
Ак жолборс келсе тартынба,
Алтын башың барында.

Мылтыктын көркү огунда,
Милтенин көркү чогунда,
Жайылып малың семирсе,
Жайыттын көркү сонун да!
Туяктын көркү тулпарда,
Канаттын көркү шумкарда.

Кулундун көркү жылкыда,
Казканактап эл турса,
Аш, тойдун көркү ырчыда.

Темирдин көркү өгөөдө,
Жыгачтын көркү мөмөдө.
Баатырдын көркү мандайда,
Чечендин көркү тандайда.

Бирер түркүн эр жигит
Жетишпей жүрөт ар кайда.

Сыянын көркү каламда,
Сырыңды айтпа жаманга.
Сыр алышып, сыр түйгөн
Сырдашың келет саламга.

Жабдыктын көркү жоргодо,
Жаназа, доорон молдодо,
Жаман адам чырылдап,
Жакын болот олжого,
Жабыгып жүрсө, жигитти
«Жакырсың» – деп кордобо.

Козусу кошо жайылса,
Койдун көркү ирикте,
Акылы толук азамат,
Айрылбас курбу иликте.
Тунук мүчө, тулпар сын
Дубанды бузган күлүктө

Сулуунун көркү келбетте,
Шурунун көркү берметте.
Колундан келбес бир ишке
Кор болуп көңүл дегдетпе.

Ынтымак болсо калкында,
Душманыңдан тартынба,
Айбаты бар жигиттин
Атагы калат артында.

Күжүрмөн эрдин күчү өтөт
Күмүш менен алтынга,

Күчүң барда, эр жигит,
Күмүш өңдүү жалтылда.

Эшендин көөнү зикирде,
Уурунун көөнү пикирде,
Орозодо молдолор
Опулдашат битирге.

Сопунун көөнү азанда,
Сорготун көөнү казанда.
Чын болсо да, жан кечти
Чыдай берет касамга.

Мергендин көзү милтеде,
Опкоктун көзү күлчөдө.
Жакшы аттын көркү – жал менен.
Сулуунун көркү – кал менен,
Булбулдар таңшып сайрашат
Буралган кырчын тал менен.

Жайлоонун көркү ачылат,
Жайылып жаткан мал менен,
Карыса да кемпирлер,
Калжаңдашат чал менен.

Жердин көркү ачылат
Жайкы жашыл гүл менен.
Жай сыпаты бир сонун
Жандын баары дүрбөгөн.

Дыйкандын көркү – жер менен.
Күлүктү чабат тер менен.
Кадырлаш болсо өлгөнчө
Катындын көркү эр менен.

Эл тирилик кылганда,
Эсирип уктап кур жатпа.
Иш тапшырба жалкоого,
Акыл айтпа чалпоого!

## НУСКАЛУУ ЫРЛАР

Эрдин эри майтарат
Эриш бузган жоо мизин.
Кайраты демин кайтарат
Кара өзгөйлүү доо мизин.

Эр эшиги сом темир,
Эритмекке эр керек,
Тескерини түзөткөн,
Эрге дөөлөт бир келет.

Көрөм десең урматын,
Уул үйлөп, кыз чыгар,
Малыңды жутка алдырбай,
Кам көбөйтүп, кыш чыгар.

Эндик, упа, каркыра,
Кыз балага жарашар,
Бетке сыйпап албыртып,
Беш көкүлүн тарашар,
Бейжай болсо энеси,
Беш убак тиер жемеси.

Тарпты жесе жарашат,
Карга, кузгун капыры,
Арга барбы таланса,
Бей-бечара бакыры.
Кузгундардын колунан,
Эзилди элдин жакыры...

* * *

Алты сай бараң октолот,
Алты дубан топ болот.
Алты дубан топ болсо,
Асылың Токоң жоктолот.

Жети сай бараң октолот,
Жети дубан топ болот.
Жети дубан топ болсо,
Жетигиң Токоң жоктолот.

## БИЗГЕ КЕЛЕР БЕКЕН КЕҢ ЗАМАН

Айдалып кеттим ишим ак,
Алым – карып, үнүм чак,
Ага-ини, туугандар,
Менин актыгымды ойлоп бак!

Жайкалып жүргөн Токтогул,
Чынжыр түшүп колума
Азап түшүп башыма,
Айдалдым Шибер жолуна.

Кишен түшүп бутума,
Айдалып кетип барамын,
Кайрылып келер күн барбы
Мен калың кыргыз журтума?

Өзбек, кыргыз – калың журт,
Өскөн элим, аман бол!
Өмүрүмдү жыргатып,
Өткөн элим, аман бол!
Киндик кесип, кир жууган,
Турган жерим, аман бол!

Кичинемден бирге өскөн
Тууган элим, аман бол!

Токондо айтар тил барбы?
Торгойдой сайрап Токтогул
Толгонуп келер күн барбы?
Айдалып кеткен Токтогул
Айланып келер күн барбы?

Ырыскулбектин беш каман,
Пейли бузук беш жаман,
Кеттим Шибер айдалып,
Бизге келер бекен кең заман?!

Залимдин түштүм торуна,
Айдалдым Шибер жолуна,
Элебей жүргөн кезимде
Эшен чыкты шоруму.

## ТУТКУН ЫРЫ

Жаралдым беле насипсиз?
Кармалып келдим жазыксыз.
Жорго элем жолдон жаңылбас,
Жорток болдум басыксыз.

Туулдум беле насипсиз?
Тутулуп келдим жазыксыз,
Дубанды бузган жорго элем,
Топор болдум басыксыз.

Манаптар сага не жаздым?
Басынып элден адаштым.
Бутумда кишен шалдырап,
Мусапыр болуп жөө бастым.

Кор кылдың, залим, кантейин?
Кошогумдан адаштым.
Капаска түртүп ийгендей
Кайсыныңды талаштым?

Жыйырма беш жылга кесилип,
Чынжырга бутум тешилип,
Жыгыламын басалбай
Жыңайлак таман эзилип,
Аман кетер бекемин
Азаттык күнгө кезигип?

Болуштан келдим кесилип,
Бозоруп жүрөм эзилип,
Боздотуп урат баспасам,
Бүткөн бой терге тешилип,
Бошонор күнүм бар бекен
Боштондук күнгө кезигип?

Укпадым элдин кабарын,
Күмөндөр тирүү табарым,
Айдалып жүрүп мен өлсөм,
Көмүлбөй жолдо каламын.

Күйүткө салдың, залимдер,
Көрүндү беле залалым?
Көзүн көрөр бекенмин
Күкүктей жалгыз баламын?

Карыган энем шордуу экен,
Кантип жүрөт болду экен?
Ага-тууган кайрылса,
Ал-абалың мол бекен?

Жайытың жайсыз болгондур,
Жалгызым деп зыркырап,

Жайылып жашың дыркырап,
Койнуңду каптап толгондур.

Кырк миң солдат, мен жалгыз,
Кыжылдайт тилин билбедим.
Кыргыз калкым барындай
Кыялданып күлбөдүм.

Отуз миң солдат, мен жалгыз,
Он ооз тилин билбедим.
Омбудагы түрмөнүн
Ортосунда зилдедим.

Мурутум, чачым алынбай,
Мусапыр болдум мамындай.
Муңайып жүрөм Сибирде
Бошонор күнүм табылбай.

Башыма түштү карыптык
Кара нан жеп, суу ичип,
Кайран жан тартты арыктык.
Көрөр күнүм бар бекен
Шор арылып, жарыктык?

Айдалып элден адашып,
Ал кетип этим көк жашык.
Караңгы тамга камалып,
Каным калды бир кашык.

Карыптык тартып кардым ач,
Агарды сакал, кара чач.
Арылар күнү бар бекен
Армандуу көздөн аккан жаш.

Зар ыйлаткан күнөөсүз,
Залимдердин боору таш,

Кармалып жүрүп мен өлсөм,
Кай жерде калат алтын баш?

Кишен салган атка окшоп,
Чынжыр менен жөө басып,
Кыдыртып айдап күнүгө
Кыйналдым кызыл өң азып.

Чымындай жаным кыйналды
Чым оодарып, жер казып,
Эзилип кайгы шор тарттым,
Эл-журтумдан адашып.

Түрмөдөн аман кутулуп,
Туугандан татсам туз-насип...
Аман-эсен бар бекен
Аркамда калган бир казык?

Күндүзүндө иштетип,
Күүгүмдөн камайт далдага,
Түнүнкүсүн уктатпай,
Түгөттү канды кантала.

Түрмөдө жатып шордуулар,
Түңүлбөй тарттык көп санаа.
Аман бекен аркамда
Тирүүлөй жетим бир бала?

Мусапыр менен муңдуудан
Миллион жатат түрмөдө,
Бүткөн боюн талатып
Кантала менен бүргөгө.

Атылып өлүп кетүүгө
Колго бербейт жалгыз ок.
Караңгы тамда шордуулар
Бошонуп кетер айла жок.

Колго түшүп күнөөсүз,
Кубардың кандуу кызыл жүз.
Ташка тийип кетилди
Далай болот, өткүр миз.

Карып болдуң, кайран баш
Качан токтойт аккан жаш?
Кайраты бар жан элем
Кабыландан жалтанбас.

Мундуу болдук биз жүдөп,
Мусапырлар бир тилек,
Мендей карып туткундар
Миллиондон көп жүрөт.

Полицей келет балдырап,
Басалбайм муунум дабдырап,
Байлоодо жүрөм күнөөсүз
Панардай көзүм жалдырап.

Жамандыгын ырдайм деп,
Жазыктуу болдум манапка,
Жазыгы жок эченди
Манаптар чапты канатка.

Армандуу энем жүргөндүр
«Ардагым!» – деп жол карап,
Жалдыратам көзүмдү
Жатсам-турсам көп санап.

Каршылаштык манапка
Өң букара бир тарап,
Айдатып ийди залимдер
Ажалга бизди чын каалап.

Тирүү болсом барганым,
Түгөнөр болсо арманым.

Түнүлдү го ажырап
Тирүүлөй жесир алганым.

Арманыңды чеч, эне,
Ак сүтүңдү кеч, эне.
«Ак кепиндеп, аруу жууп,
Ардагым көмсө» – дечү эле.

Калкымдан аздым көрүнбөй,
Кайгы көп ичтен бөлүнбөй,
Карыган энем сен турмак,
Калармын мен да көмүлбөй.

Калкыма булбул болгондо,
Каруум жетип толгондо,
Камалып жатам алсырап
Кара темир коргондо.

Калкымы көздөй сызууга,
Канатым болсо учууга,
Кара темир коргонду
Каруум болсо бузууга!

## АЙЛАНГАН ТООНУН БҮРКҮТҮ

Күн тийбес тамда жатамын,
Күч кетип, эс ооп, алсырап,
Алдымдан нымдуу сыз өтөт,
Айласыз жатам жалдырап,
Козголоор менде дарман жок,
Кол, бутта кишен шалдырап,
Тим жатсам дале сабашат,
Тил билбей солдат балдырап,
Арачалар адам жок,
Аябай эстен тандырат.

Айланган тоонун бүркүтү
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салындым.
Ойлонуп түшкө кирбеген
Көркоолорго багындым.
«Айланайын, тийбе!» – деп,
Айласыздан жалындым.

Кысталгандан өлсөм дейм,
Кымбатын кыйбайм жанымдын.
Күү чертип, эркин сайраган
Күкүк элем, наалыдым,
Күжүрмөн тынбай чуркаган
Күлүк элем, талыдым.
Кор болбой турган алтын баш
Күйүттө жүрүп карыдым.

Көз жашын эстеп, ич күйөт
Сүйүшүп алган жарымдын.
Он жашар жалгыз баламды
Ойлонуп күндө сагындым,
Зарлантып койгон күнөөсүз
Заманага таарындым.

## АЗАПКА ТҮШТҮ ӨМҮРҮМ

Ой дүнүйө, жалганы...
Кантип чыгат көңүлдөн,
Карып болгон көп журтум
Боздоп ыйлап калганы,
Караңгы күн кайгыны
Кузгундар башка салганы.
Куу дүнүйө, жалгансың.
Букараны боздотуп,
Кайгыны башка салгансың,
Күнөөсү жок адамды
Күн көрсөтпөй айдайсың.

Күнөөсүз түштүм байланып
Керимбайдын колуна.
Жөө түштүм сандалып
Ат жетпеген жолуна,
Чын эле кордук эмеспи,
Чынжыр салды колума,
Тил билбеген солдаттар
Түшүп алды соңума,
Жашабасын Керимбай,
Чыккан го менин шорума!..

Шылдыратып бутума
Чыгарбай кишен салышты,
Кадыры синген калың эл:
«Булбул Током кетти» – деп,
Буркурап ыйлап калышты.
Кайран жаным кор болду,
Кайдан табар экенмин
Кадырлашар таанышты.
Пенделик түштү башыма,
Ачкадан жаагым карышты.

Амалсыздан бет алдым
Жетпей турган алысты.
Оюма алып жүрөмүн
Айланып элге барышты.
Теңчилик кылып күнадыр
Текшерген жок арызды.
Элимден чыккан Керимбай
Эзелден мага жабышты...

Эки колум аркада
Карыштыра байлады.
Эсил башым кор болду,
Элсиз жакка айдады.
Комузум жок колумда,
Кор болду жаным жайдары,

Толкуган суудай ташыды
Токтогулдун арманы,
Адилеттик кылбастан
Азапты башка салганы...
Жаак менен кызыл тил
Жаңшап ырдап сайрадым,
Куугунтук көрүп душмандан
Курушуп барат айдалым,
Ажыратып эркимден,
Алыс жакка айдадың.

Аркамда солдат балдырап,
Жайымды айтсам тил билбейт.
Жезитте[1] колум байлануу,
Же тилдебей тим жүрбөйт.
Коркутуп айдайт теминип,
Бутумдагы кишенди
Чыгарууну бир билбейт.
Камчылап айдайт, кашайгыр,
Айтпады атка мингин – деп.
Күнү-түнү тынчытпай,
Шаштырып турат жүргүн – деп...

Кайгыда жүргөн карыпмын,
Билбеди зулум жайымды
Улутунуп үшкүрөм,
Укпады менин зарымды.
Унутпасмын өмүрдө
Жонума салган тагыңды...
Карып болуп кайран жан,
Кир басты кызыл өңүмү.

Азаптан башым кутулбай,
Ачпады жарык көңүлдү.
Чулдураган солдаттар
Билбейт го менин жөнүмдү.

---

[1] *Жезит* – шүмшүк деген мааниде.

Азап менен өткөрдүм
Айдалып жүрүп өмүрдү.
Көзүмдүн жашы мончоктоп
Көкүрөккө төгүлдү.

Эки бутум тушалуу,
Арбыбайт баскан кадамым.
Жанымда жок жардамчы
Кайрылар жакын адамым.
Жүрөгүм күйүп өрт болуп,
Ачылбайт менин кабагым.
Жылаңайлак таш басып,
Тамтыгы жок таманым.
Эки колум кишенде,
Амалым жок барамын...

Көзүмдүн жашы көл болуп,
Жаш баладай ыйладым.
Арасы алыс жол экен.
Жан тынымын албадым.
Жарым кесе жармага
Жайымды айтып ырдадым.
Ушунча тартып кордукту,
Эмне жазык кылгамын?

Сурадым элден жарманы,
Токондун кетти дарманы.
Кыйын экен мусапыр
Таанып баган адамдан
Тамак сурап барганы.
Айткан менен арылбайт
Азаптуунун арманы.

Айдоодо жүрүп кор болду,
Элинде булбул жайдары.
Эсинен чыкпайт Токоңун
Элинен алыс калганы,
Азап көрүп булбулуң,
Арманын айтып зарлады.

Сары оору кылып айдаган
Солдаттын тийбейт жардамы...

Пенде болуп жол бастым
Комузум жок колумда.
Армандуу көңүл ачылбайт
Сибирдин алыс жолунда.

Керсары болуп сагындым,
Кетмен-Төбө жерим ай,
Карып болду угулбай
Кайран сонун кебим ай.

Кайда калды адашып,
Күйгөн оттой демим ай.
Айдоодо жүрүп бөкчөйдү
Ийилбес менин белим ай.

Жазыгым жок кантейин,
Жазаны тартып жүрөмүн.
Чынжыр менен байланып,
Жара болду билегим.
Жатпай жүрүп күнү-түн
Жамандыктан жүдөдүм.

Жалпы элимден адашып,
Жалындап күйөт жүрөгүм.
Жалынган менен таппадым
Жардамчынын бирөөбүн.

Жаралуу билек сыздады,
Жалганда жок бул кордук,
Жалынсам солдат укпады,
Жалындуу жүрөк муздады...

* * *

Торой-торой чал дедиӊ,
Токтогулду сал дедиӊ.
Тоотпойт экен чалганды
Камоодо куурап суу ичип,
Кайгыга күйүп жатканда
Каяктан таптыӊ балбанды?

Кадырлаш Төрө[1], ынагым,
Кайгыргансып турамын,
Балтыры жоон, башы чоӊ,
Балбанды кантип жыгамын.
Алышып алым жетпесе,
Аргамды кандай кыламын?

Жолдошум Төрө, ынагым,
Өзүндөн жооп сурадым,
Биз жолоочу мусапыр,
Жолборсту кантип жыгамын?

Кара өгүздөй ком алган,
Кашкулактай жон алган,
Аюуну кантип жыгамын?
Айтымы талаа мышыктай
Асылсам болбой ыргытты,
Айламды таппай турамын.

Үйүмдө жедим алманы
Үйрөндүм эле чалманы.
Чалсам дагы болбоду,
Чалыш неме койбоду.
Моюндасам болбоду,
Болжоосуз балбан койбоду.

---

[1] *Төрө* – Сибирге Токтогул менен кошо айдалгандардын бири.

## АМАН КЕТЕР КҮН БАРБЫ?

Аргымак атта каруу жок,
Акынында наалуу жок,
Айдалып жүрсөм кыргыздын
Ажыратар алы жок.
Тобурчак аттын жалы жок,
Токондо бүгүн каруу жок.

Аргымак атта жүн барбы?
Ак падыша залимдин
Айдагынан кутулуп,
Аман көрөр күн барбы?

Тобурчак атта жүн барбы?
Тобумдан келдим кармалып,
Толгонуп кетер күн барбы?
Тобума аман бир жетип,
Торгойдой сайрар үн барбы?

## КАЧКАНДАГЫ ЫР

Ашуусу бийик көрүнбөс
Белим алыс калды эле,
Атагы чыккан Фаргана
Жерим алыс калды эле.
Сарттар, багыш, көп саяк
Элим алыс калды эле.
Атаны арман күн болду,
Ал-кубатым кеткенде,
Абалым сурар ким болду?

Өзүм жалгыз талаада,
Өлсөм кайда каламын?
Күүгүм кирип, күн батса,
Кайдан жолду табамын?

Алыстан бошоп туткундан
Адашып кетип барамын.

Өлүп калсам, Токтогул,
Кол-бутумдан сүйрөшүп,
Колотко таштап коёт бейм.
Көөмп коёр адам жок,
Карга-кузгун чокушуп,
Кара көзүм оёт бейм.

Айлымды көздөй жол тарттым,
Ак шумкар куштай кагынып,
Алты аркар жылдыз батканча
Алты айланып эмизген,
Айланайын апакем,
Ак сүтүңдү сагындым.

Кетмен-Төбө жериме
Келип өлсөм арман жок,
Агайын-тууган, элимди
Көрүп өлсөм арман жок.
Амандык сурап колумду,
Берип өлсөм арман жок.

## КАЧЫП КЕЛЕ ЖАТКАНДА

Түндө көрбөй уйкуну
Жүрүп келе жатамын.
Жолдон чыккан үй болсо,
Сурап ичип тамагын
Кирип келе жатамын,
Элге жетип калгансып,
Көтөрүлүп жүрөгүм
Күлүп келе жатамын.

Комузумдун кулагын
Бурап келе жатамын.

Ар-намысты ойлобой,
Эл кыдырып, кайырды
Сурап келе жатамын.
Балта менен сомдогон
Комузум оор карагай,
Ал карагай комузум,
Оокатыма жарады ай.

Айыл болсо, келемин,
Аябай чертип беремин.
Кыз-келиндер чогулса,
Кызыган менин өнөрүм.

Кабагым ачып көңүлүм
Каткырып Токоң күлөмбү?
Аркамда калган баламды
Алдыма алып өбөмбү?
Кардым ачып кайгырдым,
Кубатымдан айрылдым,
Адалдан айдап кор кылдың,
Бай-манап, сага не кылдым?
Аркамда калган баламды
Айдоодо жүрүп сагындым.

## ТУТКУНДА ЖҮРГӨНДӨ

(Токтогул туткунда жүргөндө мокок балта менен карагайдан комуз жасап алып, туткундагылардын көңүлүн ачкан).

Балта берди колума:
– Баскын! – деп айдап желкелеп,
Салды токой жолуна.
Айдап барып токойго
Атып салат экен – деп,
Ажалым жеткен экен – деп,

Ар нерсе кетти оюма,
Жүрөгүм турбай ордуна.

Казак, кыргыз, өзбектен,
Орус менен ногойдон
Карасам адам көп экен,
Кайгы тартып мен өңдүү
Кармалып келген эл экен.
Күнөөлүүдөн башка адам
Келбей турган жер экен.

Чын айтсам, кепке ишенбей,
Жалган кылды сөзүмдү.
Айдоодо жүрүп чаң басты
Нурдуу кызыл бетимди.
Алдырып коёр бекемин
Күйүткө акыл-эсимди?

Торгойдой Токоң тынбастан,
Токойдон каздым дүмүрдү,
Тоту элем элге сайраган
Толгоп чертип күүмдү.
Сандаган кыргыз калың эл
Сагынгандыр үнүмдү.

Азап менен өткөрдүм
Айдоодо жүрүп күнүмдү,
Өлбөй тирүү мен барып,
Көрөр бекем үйүмдү?
Кайтарат солдат кадалып,
Албайт менин тилимди.

Карагай кесем, каруу жок,
Кара суу ичем, алым жок,
Бозоргон суук күн жааса,
Жылуу үйгө баруу жок.
Мен сыяктуу карыпты
Бир адам эске алуу жок...

Калың токой ичинде
Дүмүрдү көөлөп казамын.
Акылы тайкы айбанча
Токойдо мөгдөп жатамын.
Айта берсем түгөнбөйт,
Көрүп жүрөм азабым.

Кайсы күнү чыгарат
Көкүрөктө капаны.
Алал жерден мен тарттым
Адам көрбөс жапааны.
Сагынып ырдайм ар күнү
Көтөрүп баккан апамы...

Токойдон дүмүр жыйнадым,
Тобунда булбул Токтогул
Торгой жанды кыйнадым,
Адам барбас талаада
Жабыркап жатып ыйладым.

Карагайдан комузду
Балта менен кылгамын,
Булбул элем сайраган,
Комуз жок чыдап турбадым,
Тагып алып чертемин,
Мандалиндин зымдарын.

Кыдырып жүрүп кыйналып,
Таманым жарык чор болду.
Бешенеден арылбас
Мага бүткөн шор болду.

Айдоодо биздей карыптын
Ачылаар күнү бар бекен?
Айлына жетип кумары
Жазылар күнү бар бекен?
Азаптан башты калкалап,
Качыраар күнү бар бекен?

Карагайдан балталап
Комуз чаптым токойдо,
Түндө чаап албасам,
Күндүз жолум болбоду...

Айдап жүргөн солдаттар
Адамдын жайын билеби?
Комуз чертпей кор болуп,
Токондун туйлайт жүрөгү.

Сомдоп алган комузум
Капкагы калың карагай,
«Жаныма жардам болор» – деп,
Черте берем аябай.

Айдап жүргөн солдаттар
Тамашага үйрөндү,
«Адамдан чыккан жорго» – деп,
Балдырашып сүйлөдү.
Комузум жаман сүйлөбөйт,
Балта менен чаптым да,
Кыйнап жүргөн солдатка,
Кылык менен жактым да.

Эригип жүргөн нечен жан
Эрмек менен жүрүшөт,
Ар улуттан келгендер,
Аңгеме салсам күлүшөт,
Булбулдугун Токондун,
Мусапыр болуп жүрсөм да,
Түрүмөн таанып билишет.

Жаакка чапкан немедей
Ойноттум го колумду,
Туткунда жүргөн көп элге
Көрсөттүм го сонунду.

Айдоодон аман калтырып
Ачар бекен жолумду?

Көрүп жүрөм көз менен,
Мен сыяктуу туткунду,
Далайы ачтан өлгөнүн,
Өлүктөрдү ороого
Сүйрөп барып көмгөнүн,
Билген адам түшүнөт
Ушул иштин жөн-жөнүн.

Азабын тартып туткундун
Ача албадым көңүлдү.
Ак таңдай элем сайраган,
Адам билбейт жөнүмдү.
Айран болуп кыялым,
Алда нечен бөлүндү,
Азап менен өткөрдүм,
Айдай толгон өмүрдү.

Иштеп жатат канча адам,
Ачкалыктан жыгылып,
Апта сайын бир төрө
Көрүп келет кыдырып.
Калган экен кабарым
Ал төрөгө угулуп,
Бир күнү келип тилдеди,
Жин тийгендей жулунуп.

Комузду алып колуман,
Ташка чаап сындырды,
Камап салды жапжалгыз,
Караңгы тамга кургурду.
Карагайдан комузум
Канча жаным кыйналса,
Кардыккан жок добушум.

Комузду алып ырдасам,
Ыйлаттым го мундууну,
Кыйноодо жүрүп картайды,
Кыргыздын мендей булбулу.

## КАЗАК ЖЕРИНДЕГИ ЫР

Салам айтып турамын
Бир тууган казак жалпыңа!
Самтырап турам мусапыр,
Сагынган менен жете албай,
Санжырга кыргыз калкыма.

Азамат элем элимде,
Арызым айтып калайын
Агайын калкым силерге.
Ала-Тоо кыргыз калкымда
Токтогул акын мен элем.
Тозоктон чыгып жөнөдүм,
Тозоктуу зулум пашаанын
Орунан качып келемин.

Салтанат кыргыз калкыма
Сайраган булбул мен элем,
Сандалып туткун жолунда
Сапар тартып келемин.
Калкым кыргыз элимде
Кайратуу булбул мен элем,
Капас жолдо Токтогул
Кайырчы болуп келемин.

Улуу жүз казак туушкан,
Уккула менин муңумду.
Көрсөм деп качып баратам
Карегим жалгыз уулумду.
Каркыра, Жайсаң жериңе,
Көксөйүн бир аз муңумду,

Көрсөм деп кетип барамын
Көркөм кыргыз туурумду.

Токтогулду курутуп,
Карып кылган замана.
Карабаган чамама
Жетим кылган замана.
Жеткизбей тилек санаама,
Жеталбай тентип талаада
Жетим калган балама
Жеткиз деп кетип барамын,
Жетсем деп күйүп барамын.

Бир кезекте мен дагы
Комузду тилге келтирген
Коргошундай жан элем,
Буралган кырчын тал элем.
Түптүү калктын тили элем,
Топ жыйындын гүлү элем,
Акын элем жашымдан
Айтып көргөн ар сөздү
Аткан октой башынан.
Айтып сөздү сүйлөсөм
Ала-Тоо муңу жазылган,
Асылган душман башынан.

Кулак сал, казак туушкан,
Сүйлөйүн, Жаке, Жамантай,
Эшиткин, курдаш Узакбай,
Эрмек болуп берейин,
Карыя Жаке, Сарсенбай.
Кимдин жайын ким билет,
Бир азыраак иш кылбай,
Сүйлө дедиң, сүйлөйүн,
Азамат жигит, элиңде,
Сулайман менен Эсентай
Жапан жүргөн мен шордуу
Жаза көрдүм ушундай.

Өз жайымды айтайын:
Туурда жалгыз туйгунмун,
Бутакта жалгыз булбулмун,
Азапка тууган кургурмун
Адашып жүргөн мундуумун.
Агайын казак калкыма
Арыз-арманым козгоюн,
Зулум падыша Николай
Сурабай көздү жаш кылган,
Шылдыратып кишенин
Зынданга байлап жаткызган.
Сибирге айдап шордотуп,
Зилдетип мени пас кылган.
Сибирде тоңуп өлсүн – деп,
Жылаңаяк, жылаңбаш,
Токойдон дүмүр каздырган.

Омбудагы түрмөдө
Камап жатты отуз ай,
Залим паша Николай
Солдатына урдуруп,
Зар какшатты ушундай.

Аттай кылып адамды
Чанага кошуп көндүрдү.
Оролдук казак Осмонду,
Орусча сөздү билет деп,
Ак төрө атып өлтүрдү.
Арстан эле Осмонум,
Көрүндө туруп көмгөмүн.
Казактан чыккан жан эле,
Кабылан сыны бар эле.
Оёз менен кармашып,
Ак жеринен кесилген,
Орусча окуп, тил билген,
Окумуштуу жан эле.

Айтайын заман зулумун
Айдалып жүрүп Токтогул,
Алыс жерде курудум.
Адамзат пенде көрбөгөн
Көлгө бардым, Токтогул.
Жапан жаткан саргайып
Чөлгө бардым, Токтогул.
Кайберен басып жүрбөгөн
Зоого бардым, Токтогул.

Оролдогу ормондуу[1]
Тоого бардым, Токтогул.
Тирүүлөй түшүп тозокко
Жондо калдым, Токтогул.
Туткундарды күлдүрүп
Жорго салдым, Токтогул.
Байкал көлү жанында
Тордо жаттым, Токтогул.
Адамга каршы башынан
Жоодо жаттым, Токтогул.

Он жылы жатып түрмөдө,
Канымдан баарын сордурдум,
Кантала менен бүргөгө.
Талаада жатып үшүдүм,
Ачкалыктан шишидим.
Карайсың мени таңданып,
Казак калкым жарданып.
Кечээги болгон тоюнда
Турдум четте арданып.
Түрмөдөн качып келдим– деп,
Айтамынбы жар салып.

Той башкарган Дован бий
Өлөң айт деп шылдыңдайт,
Жинди го деп мыңкылдайт.

[1] Токойлуу.

Кошоматчы акындар
Андай тойдо жылтылдайт.
Жардам кылды ал күнү
Жакеси жакшы Сулайман,
Жакшылык көрсүн кудайдан.
Айланайын туушкан,
Адилсиз заман куруткан,
Бир кезекте мен дагы
Булбулдардын бири элем.

Жашыман бери бар эле
Кызыл тилде өнөрүм.
Түгөнбөгөн кен элем,
Кызыл тилде өлөңүм,
Комузчу жигит мен элем
Коңур тоо кыргыз жеринде.
Жүйрүк элем талбаган,
Кызыл тилим сайраган.
Кызык өлөң чыгаргам
Кыз-келинге арнаган.

Бул кезекте карасаң,
Айылга келсем ит үрөт,
Кайырчы болуп баратам.
Үстүмдө бүтүн кийим жок,
Жамаачылар самтырап,
Талаада үшүп калтырап,
Ар кимден сурап кудайы,
Келе жатам жалдырап.
Кийгеним чарык тешилген,
Бүткөн бой терге эзилген,
Ыйлап жүрөм мусапыр,
Жыйырма беш жылга кесилгем.
Аягөз, Семей калаасы,
Ала-Тоо кыргыз арасы
Алыс экен казак эл.

Омбудан бери жөө келем
Орус жерин аралап,

Байкалда сексен тешкен тоо,
Басып өтүп келатам.
Жолдо тосмо көпүрө,
Качып өтүп келатам,
Канатым казак туушкан,
Кабар ал менин муңумдан.
Барың келип турасың,
Жашырбастан айтайын
Болгон иштин ырасын.
Тозок тарткан Токтогул
Жоргосу жок турамын.
Токойлуу жерди аралап
Тогуз ай болду качканым.

Айдалып келип болуштан,
Агаин таптым орустан.
Тутулуп келип болуштан,
Тууган таптым орустан.
Боорукер эл оруска
Комуз чертсем орусча,
Жай бериშти конушка.
Кондурбай кууду ууру – деп,
Казактан чыккан Бурулча.
Бай болсо да Бурулча,
Куну кеткен ушунча.

Айдалып жүрүп туткунда
Бир тууган таптым орустан,
Солдаттар мени тилдесе,
Харитон, Семен болушкан.
Асыл Токо качкын – деп,
Элиңди эсен тапкын – деп,
Эзилип жүргөн туйгунсуң
Элиңе ырдап калгын – деп,
Эрмегиңе баргын – деп,
Айланайын Семенум
Акыл айтты безилдеп.

Ачкычын таппай Харитон,
Мойнумдагы чынжырды
Семенум бурап сындырды.
Кусейин ыйлап бышактап,
Харитон өптү көзүмдөн.
Кайта-кайта кучактап,
Семен менен Кусейин
Комузду берген колума,
Азаптан орус бошотуп,
Аманат салды жолума.

Айрылганда Семенум:
Адил заман келет – деп,
Тилегиңди берет – деп,
Зулумдун торун үзөт – деп,
Ак падыша жыгылып,
Акыры тактан түшөт – деп,
Акыры заман оңолуп,
Ак, караны билет – деп,
Боштондук колго тиет – деп,
Айланайын Семенум:
Айлыңа аман кайткын – деп,
Айлыңа барып айткын – деп,
Аманат сөз тапшырды.
Кайыкчыга кат жазып.
«Тез жөнө!» – деп шаштырды.

Алты күн жүрүп акмалай,
Кайыкка келдим ат алып.
Кайыкчы орус жигити
Окуп көрдү бат алып.
Дарыядан өткөрдү
Кайык менен түн катып.
«Аман-эсен баргын» – деп,
Акча берди жыргатып.

Агайын казак туушкан,
Азап көрдүм болуштан.

Аталап таптым орустан,
Айылдан чыккан зулумдар
Ары экен деди доңуздан.
Карматып мени ак жерден
Каргаша болуп асылган.
Айлымдан чыккан беш каман,
Доңуз тууган атадан.
Артымдан түшүп каралап,
Ак падышачыл төрөгө
Акча берди паралап.
Каардуу душман айдады,
Карагат көзүм жайнады.
Омбуга чейин барат – деп,
Колу-бутум байлады.
Уруп солдат желкелеп,
Убайда жүрдүм энтелеп.
Үй көрбөдүм он жылы
Ак жеримен темселеп.
Туура сөздөн танбагам,
Бөлүнүп элге сайрагам.
Көралбастан тилимди
Бөйөн, чаян арбаган.
Ошон үчүн кузгундар
Артымдан түшүп калбаган.
Чыккан кыргыз жергеден,
Чапса байге бербегем,
Күлүк элем тер жеген.
Качып чыгып шордуу мен
Калкыңа сайрап турамын,
Ак падыша Николай
Адил кылбай сурагын.
Ойрон болгон заманда
Жетим, жесир ыйлаган,
Момун шордуу куураган.
Малай болду нечендер
Баш көтөрүп турбаган.
Каргыш тийген замана

Какшаганга карабайт,
Зарлаганды сурабайт.
Мени, Жаке, сурадың,
Сандалып турган убагым.
Эл экенбиз башынан
Казак, кыргыз бир тууган.
Туушкан элди бөрүлөр
Бир-бирине кас кылган.
Бул замандан мурунку
Кыргыз элде арман көп,
Молдолор сөздү көп айтат,
Сөздөрүндө жалган көп.
Манаптар элди бийлешип,
Карыптарды кул кылган,
Катындарды тул кылган.
Кендирин кесип жетимди,
Байгеге сайган жесирди.
Эшиткен элем, Сарсенбай,
Ормон хан менен Абылай
Калкты кырып өттү – деп,
Уккандырсың, Жакетай,
Кененсары, Норузбай
Далайдын канын төктү – деп.
Сулайман иним, сурадың:
Аталаш тууган барбы? – деп.
Атадан жалгыз мен карып
Азабым көп, кайгым көп.
Энеден жалгыз бала элем,
Тотудай сайрап үн салган
Тили булбул жан элем.
Атадан калгам жашыман,
Армандуу болгом башынан.
Асыл энем тирүү бар,
Аны да басты кайгы-зар.
Алган жарым бар эле.
Жыргалым жалгыз бала эле.
Ботосу өлгөн ингендей

Энем боздоп ыйлаган.
Чырагым уккун, Сулайман,
Жоо-душмандын колунда
Жабыр көрүп арыдым,
Жол тартып жүрүп карыдым.
Ак калпак кыргыз калкымды
Айдоодо жүрүп сагындым.
Ала-Тоого жетсем – деп,
Алда Таала теңирге
Айдалып жүрүп жалындым.
Караштың иним Сулайман,
Үч күн жаттым үйүндө,
Уктай албай түнүндө
Ар нерсе келет оюма.
Аманат жүрөм мен карып,
Азаптуунун жолунда.
Көрүнбөй качып келатам
Жашынып элдин тобуна.
Кайта түшүп калам – деп
Канкорлордун колуна.
Карыя Жаке, Сарсенбай,
Кулак салгын, Узакбай,
Куугунда жүрөм ушундай,
Карагым жигит Эсентай,
Качып жүрөм ушундай.

Той тараганча Токтогул Жамантай деген адамдыкына жатат. Тойдон кийин Жамантайдыкында бир түнү таң атканча ырдады. Андан кийин да 15 күн туруп, айыл кыдырып ырдай берди.

Бурулча деген бай кемпирге келсе, Токтогулду үйүнө кондурбай, тамак бербей кууйт. Ошол Бурулчаны мындай деп ырдаган:

Кондурбады Бурулча:
«Мал уурдайсың» – деп айтып.
Сөөгүмдү какшатты,
Кордоп сүйлөп, ыйлатып.

Боору таш экен Бурулча,
«Сандалбастан кет» – деди.
Мында неге келдиң – деп,
Мылтыгын мага кеседи.
Тамак-аш бербей боктоду,
Уурусуң деп соттоду.
Ушул адам алды – деп,
Жоголгон малын эстеди.
Айыптуу кылып өзүмдү
Ак жеринен кектеди.
Карып болгон Токтогул
Качтым ыйлап буркурап,
Сай-сөөгүм зыркырап.
Бурулчанын малайы,
Артыман келип бу шордуу,
Айтып берди бу жолду,
Бурулча деген байбиче
Ушинтип мени кордоду.

«Бурулчага таарынсаң да, жалпы казак элине таарынба. Ал жерге кирсин, өзү кемпир, бая күнкү тойдогу Дован төрөнүн эжеси, анын колунан бечарага жакшылык келбейт» деген Сулайман. Ошондо Токтогулдун ырдаганы:

Айдоодон качкан Токтогул
Айткан элем сырымды,
Эшиткен элең ырымды.
Түшүнгөн элең Сулайман,
Менин көрүп сынымды.
Айткан элем чынымды,
Айланайын Сулайман,
Эми эшиттим өзүңдөн
Дован деген чырыңды.
Сабатмак экен Дован бий
Көк чыбыкка бөлөтүп.
Бурулчанын музоосун
Алмак экен төлөтүп.

Курутмак экен шорумду
Кайта Омбуга жөнөтүп.

Токтогул ошол айылда Абдылда деген адамдын үйүндө олтуруп, Авитай жана Ахмат деген эки бир туугандын жакшылыгын, алардыкынан тамак жегенин, өзүнүн жыртык-тешигин жаматып алганын айтып ырдайт:

Айлансам болот элдерден
Авитай ишке жарады.
Авитайдын аялы
Чапанымды жамады.
Агасы Ахмат бечара
Ал-жайыма карады.
Козу союп, эт берди,
Алдыма чобур ат берди.
Азык кылып кеткин – деп,
Актаган таруу сөк берди.
Ээрчитип келип Авитай
Көпүрөдөн өткөрдү.
Толгонуп карап көз салды,
Токтогулдай карыпка.
Төө берген окшоду,
Астымда минген ат болду,
Азап күнүм шат болду.
Айтып берди Авитай:
Ашуусу бийик тар жолду,
Туздуу эчен көлдөрдү,
Жолдогу курган чөлдөрдү.
Жакын казак эл – деди.
Жатсаң шибер жер – деди.
Байсейит деген айылды
Баана кылып ал – деди.
Ал жерде менин жек-жаатым
Абдылда деген бар – деди.
Азык берет ал сага,
Кайгырба да, ыйлаба,

Ушинтип мени дайындап,
Авитай сага жиберди.
Кулак салгын, Абыке,
Куурагандын сөзүнө.
Назар салып карагын
Токтогулдун көзүнө.
Өлбөй келип олтурам
Орток болуп ашыңа,
Эгин, чөбүн чаппастан,
Жайып малым бакпастан,
Жабыр түштү башыма.
Кармалып кайра өлбөйүн,
Түн катып эми кетейин,
Түркүк элге жетейин.
Аягөз, Арка, Семейден,
Караганда, Саркөлдөн
Караңгыда өтөйүн.
Ыраазымын, казак эл,
Уруксат бер кетейин.
Узакбай менен Сулайман,
Жамантай, Жаке бир тууган,
Кудай мени ондурбас
Жакшылыгың унутсам.

## ЖЕРДИ КӨРГӨНДӨ

Көмүскө кеткен пенде элем,
Көргөздү кыргыз элимди.
Көгөрүп турган көк жайлоо,
Көңүлүм сага берилди.
Амандашып көрүштүм
Көөнүмдө турган кебимди...

Туурумдун башынан
Туйгунум боосу бошонду.
Эшендер кылган жаңжалдан,

Туткун болуп кармалып,
Түрмөдө жаттым ошондо.

Калайлуу туур башынан
Карчыга боосу бошонду,
Калпалар калбаа кылганда,
Кара жол Сибирь айдалып,
Караңгы тамдын түбүндө
Камакта болгом ошондо.

Каткырып ырдап тартынбай,
Калкымдай жүрдүм биерде,
Кабыргам тилип туз салып,
Карыш эркин баса албай,
Кайгыда жаттым тиерде.
Акыры, бактым бар экен,
Ага-тууган калган эл,
Кайрылып келдим силерге.

Зоолу салды мойнума,
Айыбы жок кез келдим
Ак падыша торуна.
Так он жылы өткөндө,
Олтурдум конуш ордума,
Кара-Моло, Ийри-Суу,
Кааладым эле жеримди,
Саргарып тамдын түбүндө
Сагындым эле элимди,
Сагынган элим, силерге
Сайрайын алтын кебимди.

Алмалуу тескей, Шар-Булак,
Уста-Сай менен Сары-Булак,
Кайгылуу болгом тиерде.
Каршылык кылган ит кыйнап
«Айылыма жетсем» – деп,
Эңсеп кетип барамын,
Кетмен-Төбө жеримди
Беттеп кетип барамын.

Керимбайдын кылганын
Кектеп кетип барамын.
Жетим, жесир калганды
Эстеп кетип барамын.
«Элге барып өлсөм» – деп,
Тилеп кетип барамын.
Кызыл тилим сайратып,
Бүлөп кетип барамын.
Өңчөй карып элдерге
Түнөп кетип барамын.
Алып учуп денемди
Сүрөп кетип барамын.

Кетмен-Төбө кенен сай,
Эңсеген жерим көрүндү.
Токтото албай боюмду,
Көңүлүм нечен бөлүндү.
Сагынган жерди көргөндө,
Көзүмдүн жашы төгүлдү.
Таласты көздөй мен чыгып,
Сагынган элге ырдадым.
«Булбул Током келди» – деп,
Кубанышты курбалым.

«Элиме эрте жетсем» – деп,
Бир жерге бир күн турбадым.
Эңсеп жүргөн эсимде
Элимдин көрсөм жыргалын.
Беш-Таштан ашып жөнөдүм
Кетмен-Төбө жериме.
Бутакка конуп сайрасам,
Болчу элем эрмек элиме,
Жорго болуп аталып,
Жолуккам ырдын кенине.

Түнөрүңкү көрүнгөн –
Тууган жерим карааны,

«Эркелетип өпсөм» – дейм,
Эрмегим жалгыз баламы.
Узун-Акмат – улуу суу,
Улуу жер ээлеп туруучу,
Убайымдуу Токондун
Келген кези мына ушу.

Сары-Булак, Айыкты,
Ичи мөмө жарыктык.
Эл-журтумду көргөндө,
Эсиме түштү карыптык.

Кош, Ийри-Суу – биздин жер,
Кой семиртчү Семиз-Бел,
Жаткан экен аркамда
Аманым тилеп калың эл.

Аркасы Талас, кең Арым,
Ар жуманын түнүндө
Күйүп турган панарым.
Коргон-Ата мазарың,
Колдон чыккан жан элем,
Көрдүм Ак-Чий базарын.
Көйтүндө[1] жүрүп Токтогул,
Көп тарттым залим азабын.

Астында аккан балы бар,
Үстүндө салган тамы бар,
Күндүзгүдөй түнүндө
Күйүп турган шамы бар.
Алты миң төөгө жүктөсө,
Аяктай жери оюлбас,
Оодарма тунук салы бар.
Келип турам өзүңө
Кенен жерим, Шамшыкал[2].

---

[1] *Көйтүн* – Куйтюнь станциясы Иркутскинин жанында.
[2] *Шамшыкал* – Кетмен-Төбөдөгү туз кени.

## ЭҢСЕГЕН ЭЛИМ АМАНБЫ?

Эңсеген элим, аманбы?
Ээгимдеги сакалым
Элсизде жүрүп агарды.
Булбулуң элем сайраган,
Муңканып айтам саламды.

Жеңе-желпи, карындаш
Жергеси менен келишти,
Жер сагынган Токоңо,
Жетине албай сүйүнүп,
Кучакташып көрүштү.

Азабын тарттым баланын,
Көрбөдүм алтын жамалын.
Башкага тийип кетиптир
Башында сүйүп алганым.
Азапта башым кор болуп
Арылбады арманым.

Кайгылуу жүрөк чер болуп,
Көзүмдөн аккан кара жаш
Токтолбоду сел болуп,
Жаралган экем жалганда
Күйүттүү булбул мен болуп,
Кейибеймин кеткенге,
Өкүнбөймүн өткөнгө,
Мен ыраазы боломун
Эл-журтумду көргөнгө!

Келбей турган болгон соң,
Кейиген менен келеби?
Айнектей болгон баламды
Алган кудай береби?
Арзып жүргөн ажырап,
Элим, аман барсыңбы?

Ээрчишип өскөн жашымдан,
Теңим, аман барсыңбы?

Кызыл кыргак тагынган,
Келин, аман барсыңбы?
Мен кеткенде аркамдан
Чыккан аман барсыңбы?
Кулак салып ырымды
Уккан аман барсыңбы?

Канча жылы көрбөгөн,
Калкым, аман барсыңбы?
«Токтогул» – деп кыйкырган
Жалпың аман барсыңбы?

Малай болуп жалданып,
Ыйлагандар аманбы?
Көр оокатка жандарын
Кыйнагандар аманбы?

Жан тынымын дүйнөдө
Кылбагандар аманбы?
Көк келтекке жыгылып,
Кыйрагандар аманбы?

Коюн багып байлардын,
Кул болгондор аманбы?
Бир жыл акы – бир көйнөк,
Пул болгондор аманбы?
Жайы-кышы жаанга
Суу болгондор аманбы?

Күч-кубатын байларга
Сордургандар аманбы?
Каны качып алсырап,
Жыланайлак тоо-ташты
Жол кылгандар аманбы?

Сар самандай саргайып
Зарлагандар аманбы?
Жыйын-топту аралап
Барбагандар аманбы?

Каршылык менен кармалып,
Калкымдан кеттим айдалып,
Калың кыргыз элиме
Кайтадан келдим айланып.

Душманга кеттим байланып,
Тууганым көрбөй зарланып.
Тушоолуу тулпар өңдөнүп
Жүргөмүн анда саргайып.

Күйүп-күйүп чок болдум,
Күйүттүү күнгө токтолдум,
Күкүктөй сайрап жүргөн жер –
Гүлүмө кайттым окшодум.

Кайнап күйүп чок болдум,
Кайгылуу күнгө токтолдум.
Калың кыргыз элиме
Кайрылып келген окшодум.

Каргашалуу заманды,
Кайгырып көрдүм амалды,
Кайрылып келип турамын,
Кадырман журтум, аманбы?

Манаптар мага кас болуп,
Пашаанын түштүм торуна.
Байкуштук тартып алтын баш,
Байландым азап жолуна.

Жандарм, төрө-залимдер
Жаралган менин шоруму.

Канаты түшкөн шумкардай
Уча албадым Токтогул,
Каргашалуу душмандан
Өч албадым Токтогул.

Залимден кармап кегимди
Ала албадым Токтогул.
Зар заманда жайчылык
Таба албадым Токтогул.

Айдалып жүрүп туткунда
Арбыны кетти алымын.
Аргымактай жүгүргөн
Алмадай болгон кайран баш
Азапты тартып карыдым.

Аскасы бийик дабандын,
Азабын тарттым замандын,
Айнектей көзүн көрбөдүм
Аркамда жалгыз баламдын.

Күңгөйү бийик дабандын,
Күйүтүн тарттым замандын.
Күмүштөй жүзүн көрбөдүм
Күкүктөй жалгыз баламдын.

Ак шумкар алтын мүрүмдү,
Айланып көрдүм элимди,
Арман менен өткөрдүм
Абалкы жаштык күнүмдү.
Айлымдан келип таппадым
Аркамда жалгыз инимди.

Басайын десем муунум жок,
Отураар алтын туурум жок,
Оюмдан кетпес бул кордук,
Ойнотом десем, уулум жок.

## АПАКЕМ, АМАН БАРСЫҢБЫ?

Сексенде энем сен элең,
Сенделип кеткен мен элем,
Ак сүтүң менен чоңойткон
Агын дайра кен элең.

Алты аркар жылдыз батканча,
Алты айланып эмизген,
«Анык акын Токтогул
Кимдин уулу?» дегизген.

Жетиген жылдыз батканча,
Жети айланып эмизген,
«Жергелүү журтта сайраган
Кимдин уулу?» дегизген.

Ардактап мени төрөгөн,
Алдейлеп сүйүп бөлөгөн.
Айланайын энекем,
Айдоодон аман келдим мен.
Ардагым жалгыз канакен?

Эсендигим сураган,
Эмгегимден сылаган,
Кагылайын энекем,
Кайрылып келдим туткундан,
Каралдым жалгыз канакен?

Ботосу өлгөн каймалдай
Бошотпо, эне, муунумду.
Өмүрүңдүн жарымын
Муң-кайгыга жуудуңбу?
Көрдүң, эне, кайрат кыл,
Көз көргүс кеткен уулуңду.

Тайлагы өлгөн каймалдай
Талытпа, эне, муунуңду.
Таза жүрөк каныңды
Санаа дартка жуудуңбу?
Саламат көрдүң шүгүр де,
Забайкал кеткен уулуңду.

Карыганча өмүрүң
Жашка жуулган энем сен,
«Каралдым кайта бир келсе,
Көрүп өлсөм» деген сен.
Кайгы-шорум күбүлүп,
Кайрылып аман келдим мен.

Соолгон экен ым калбай,
Ташыган татты булагың.
Өчкөн экен жел тийип
Өмүрү кыска чырагың.

Өлүм менен өкүмдүн –
Экөөнө тең чыдадың.
«Өлдү» деген Токонду
Кайта тууган убагың.

Кой, энекем, ыйлаба,
Кадырыңды сурадым.
Торго түшкөн Токтогул
Толгонуп келип турамын.
Айланып келдим алыстан,
Актоого ак сүт – карзыңды,
Алдейлеп мени чоңойткон,
Апакем, аман барсыңбы?

## КОРГООЛ ЫРЧЫ ТОПЧУБАЙДЫН ӨЛГӨНҮН УГУЗГАНДА

***Коргоол:***

Айталы сизге саламды,
Эшендер кылган жаңжалда,
Ак жеринен кармалып,
Айдоого кетти дечү эле.
Булбул үндүү, куш тилдүү,
Айнегим, Током, аманбы?
Түрмөдө турдуң зар болуп,
Сар оору кесел дал болуп.
Кайрылып элге келгенче,
Кайран жан кайгы кор болуп.
Жапасы күчтүү замана
Жабыркатты адамды,
Сен алыстан келгенче,
Амандашып көргөнчө,
Ноктолуу башка бир өлүм,
Токо, аткардык жалгыз баланды...

Калпалар кылган жаңжалда,
Караланып кармалып,
Калкынан кетти дечү эле,
Калганың кайгы жечү эле.
Кара жаак, кайчы тил,
Канатым, Токо, аманбы?
Калайлуу туур башынан,
Кайгылуу өлүм касынан,
Токо, качырдык жалгыз баланды!..

Токо, араладың гүл менен,
Адамга жактың тил менен,
Сен алыскы соттон келгенче,
Өзүңдөн ашык болду эле,
Арканда жалгыз Топчубай
Аткардык жалган дүйнөдөн!..

Пендени пенде билбеген,
Белгилүү жүрөк зилдеген.
Бербейт экен кара жер,
Перзентиң жалгыз Топчубай
Бегене[1] болгон дүйнөдөн.

Учук өтпөс ийнеден,
Уулуң жалгыз Топчубай,
Убайым болбо, кейибе,
Учурдук жалган дүйнөдөн.
Жибек өтпөс ийнеден,
Жибердик жалган дүйнөдөн...
Түздөгү коңур салкынча,
Жаркыра күмүш, алтынча,
Муунуңду бошотуп,
Жалпы агайын эл турса,
Жашыба жаман адамча.

Буурулду минип тердеткен,
Булумду кийип кирдеткен.
Муңайба жашык адамча,
Булбулуң жалгыз Топчубай
Мусапыр сапар жол кеткен.

Күлгүндү кийип кирдеткен,
Күлүктү минип тердеткен.
Күкүгүң жалгыз Топчубай
Күн тийбес сапар жол чеккен.

Карадан жорго тердеткен,
Кара киш[2] кийип кирдеткен,
«Кайрылар күнү барбы» – деп,

---

[1] *Бегене* – чоочун, жат.
[2] *Кара киш* – кымбат баа аң терилеринин бир түрү (соболь).

Калың элин дегдеткен.
Кайгырба, калың эл турса,
Канатың жалгыз Топчубай
Караңгы сапар жол кеткен...

***Токтогул:***
Алтындан саат бурама,
Азапты менден сураба.
«Айнегиң кетти» дегенге,
Алсырап бошоп турам а.

Күмүштөн саат бурама,
Күйүттү менден сураба,
«Күкүгүң кетти» дегенге
Күчүмдөн тайып турам а.

Кайнап, күйүп чок болдум,
Кайгылуу күнгө токтолдум.
Калайлуу туур башынан,
«Карчыгаң жалгыз учту» – деп:
Кайгырта турган окшодуң.

Калтырап муунум бошоду,
Каруу-күчүм кетирип,
Кантип бир айттың ошону
Коргоол, каяктан ичтиң бозону?

Айтамын алтын санатты,
Мени армандуу күнгө жаратты.
Кабарын айтып турупсуң,
Сынды деп жалгыз саадакты.
Каруумду кетирип,
Коргоол, каяктан ичтиң арακты?

Жамгыр тийбей көчкүдөй,
Ак топурак жер беле?
Атасы келсе Сибирден,
Амандашып көрүшпөс,

Топчубай, азапка туулган жан беле?!
Тамырына суу тийбес
Боорго тиккен дүйнөдөн,
Топчубай, өлүмгө бүткөн жан беле?!
Жабырга мынча салгыдай,
Менде кудайдын өчү бар беле?!

Туура-туура басканда,
Турумтай сыны бар эле,
Туурга эсен жеткирсе,
Дубанга чуркаар тай эле.

Кайра-кайра басканда,
Карчыга сыны бар эле.
Каруу күчкө толгондо
Калк үчүн чуркаар жан эле.

Каркылдап каздар көл сактайт,
Кара ылаачын чөл сактайт,
Карып калган атакең
Кай жакка барып жан сактайт?!

Куркулдап куулар көл сактайт,
Куу ылаачын чөл сактайт,
Куурап калган атакең
Куюгуп кайда жан сактайт?!

Түнүндө жарык панарым,
Туурумда калган карааным,
Түрмөдөн жаңы келгенде
Күйүтүн тарттым баланын.
Түн уйкумду үч бөлсөм,
Түйшөлүп чыкпайт кабарың..

Кармаган жарык панарым,
Кайрылар жалгыз карааным,
Камоодон кайтып келгенде

Кайгысын тарттым баланын,
Кайгырып ыйлап турсам да,
Кайрылып чыкпайт кабарың...

Булбулум учуп бурулду,
Чыгарбай ичтен муңумду,
Кантейин, тирүү көрбөдүм
Каргадай жалгыз уулумду.
Кайгысын тартып күнү-түнү
Картайып шорум куруду..

Күкүгүм учту элимден,
Күлпөтүм кетти жеримден,
Көзүмдөн чыккан кара жаш
Мөлтүрөп жерге төгүлгөн,
Көрбөдүм көзүн баланын
Көңүлүм калды өлүмдөн!..

Жамгыр тийбей куланган
Ак топурак жар белең?
Аксы, Анжыян, Таласка,
Акындыгым бар белең?
Аркамда жалгыз Топчубай
Ажалга туулган жан белең?

Бүчүрү түшүп кууранган.
Тамырын кырккан тал белең?
Кубанчым, сени көрбөдүм
Кууратар мени жан белең?..

Алтын айдай нур жүзүң
Көрөр бекем дегемин,
Абактан колум бошонуп,
Келер бекен дегемин.

Күлдү кыргыз журтумду
Көрөр бекем дегенмин.

Күкүгүм чуркап алдымдан
Келер бекен дегемин.
Күйүттүн муңун чыгарып
Өлөр бекен дегемин...

Алтындан чидер өрбөдүм,
Абактан колум бошонуп,
Агайын-журтка келбедим,
Амандашып, көрүшүп,
Жалгызым, анан өлбөдүң...

Мууну болот жалбыздын,
Муңу болот жалгыздын,
Гүлү болот жалбыздын.
Ат арытып жол келсе,
Сыйлары болбойт жалгыздын,
Ажал жетип, күн бүтсө,
Ыйлары болбойт жалгыздын...

Карайган дарак чарбагым,
Карааның көрбөй зарладым.
«Калкыман кетип калды эле,
Кайраным атам экен» – деп,
Учурашып алууга,
Топчубай, келээр бекен дарманың?!

Айнегим, Топчу, эрмегим,
Арманым атаң көрбөдүң.
Арманын ичтен чыгарып
Анан кийин өлбөдүң.
Караны миндим жел үчүн,
Кайрылып келдим эл үчүн,
Калкымды көрдүм каниет,
Колдон келер иш эмес,
Топчубай, козголбос эми мен үчүн!..

## ТУТКУНДАН КЕЛГЕНДЕ

Жети кез коргон пайдубал,
Чарбагын кошуп ырдайын.
Жеримден айдап Сибирге –
Алганын кошуп ырдайын.
Жеңе-желпим чуркурап,
Калганын кошуп ырдайын.
Алтымыш киши айдалган,
Арманын кошуп ырдайын.
Күндө коога, күндө уруш –
Көрбөдүм жандын жыргалын.

Туткунга кеттим кармалып,
Тууганым көрбөй зарланып,
Түрмөдөн бошоп мен келдим,
Турумтай куштай айланып.

Азапка кеттим кармалып,
Айлымды көрбөй сандалып.
Азаптан бошоп мен келдим,
Ак шумкардай айланып.

Күнөөсү жок, соту жок,
Айдап кеткен болучу.
Күкүктөй көзүм жалдырап,
Жайнап кеткен болучу.
Гувурнатор-генерал
Кармап кеткен болучу.

Аргасыз кылып залимдер,
Алып кеткен болучу.
Азаптуу күндү башыма
Салып кеткен болучу.
Кыямат түшүп башыма,
Токоң, карып кеткен болучу.

Элимден кеткен жан элем,
Эл көрүүгө зар элем.
Эсил башым кор болгон,
Энеден жалгыз бала элем.

Айлымдан кеткен жан элем,
Айыл көрүүгө зар элем.
Азиз башым кор болгон,
Атадан жалгыз бала элем.

Калкымдан кеткен жан элем,
Калк көрүүгө зар элем,
Кайран башым кор болгон –
Каргадай жалгыз бала элем.

Айланып келип шумкардай,
Айлымды таап турамын.
Ак калпактуу көп кыргыз,
Амандыгын сурадым.

Элирип келип шумкардай,
Элимди таап турамын.
Эзелки тууган агайын –
Эсендигин сурадым.

Каруусу кеткен тулпардай,
Арып келдим, Токтогул,
Кара жол Сибирь айдоого,
Барып келдим, Токтогул.
Кайран жашты жоготуп,
Карып келдим, Токтогул.

Азаптуу күндүн зордугун,
Көрүп келдим, Токтогул,
Ар кыл кыйноо турмушка
Көнүп келдим, Токтогул.

Элимдин жүзүн көрүүгө,
Көксөп келдим, Токтогул.
Эчен шумдук кордукту
Тепсеп келдим, Токтогул.

## ТОКТОГУЛ СИБИРДЕН КЕЛГЕНДЕ ЭШМАМБЕТ ЫРЧЫНЫН УЧУРАШКАНЫ

**Эшмамбет:**
Кунандын оозун керген бейм?
Кудайым чындап берген бейм?
Куюгуп элден адашкан,
Кургурум Током келген бейм?
Кубанышып бир өскөн
Булбулум Током келген бейм?!

Аргымак оозун керген бейм,
Аябай кудай берген бейм?
Айдалып кеткен Сибирге,
Акын Током келген бейм?
Акындыгы кыргызга
Маалым Током келген бейм?!

Телгүрөң оозун керген бейм?
Теңирим чындап берген бейм?
Тентип Сибирь айдалган,
Тепки жеп колу байланган,
Теңтушум Током келген бейм?!

Каранын оозун керген бейм?
Каардуу торго кармалган,
Кара жол Сибирь айдалган,
Кара жаак, кайкы тил
Кайраным Током келген бейм?!

Күлүктүн оозун керген бейм?
Күнадыр келип кармаган,
Күйүттүү күндө зарлаган,
Күмүш жаак, күлүк тил
Күкүгүм Током келген бейм?

Бууруддун оозун керген бейм?
Бу кудайым берген бейм?
Мусапыр болуп айдалган,
Бурулуп колу байланган,
Булбулум Током келген бейм?
Бурулушта чарчабас
Дулдулум Током келген бейм?!

Торунун оозун керген бейм?!
Толгонуп колу байланган,
Топ солдаттар айдаган,
Торгоюм Током келген бейм?!

Кара чепкен, кыйма тон,
Кийген Током келген бейм?
Камакта туткун көп жылы
Жүргөн Током келген бейм?!

От араба, машине
Минген Током келген бейм?
Залимде туткун көп жылы
Жүргөн Током келген бейм?!

Зар кайгыда, түрмөдө
Жаткан Током келген бейм?
Саабалар жар болуп
Баккан Током келген бейм?!

Үркүттөгү[1] түрмөдө
Жаткан Током келген бейм?

---

[1] *Үркүт* – Иркутск.

Үстүдөн кудай жар болуп
Баккан Током келген бейм?!

Маскөөдөгү түрмөдө
Жаткан Током келген бейм.
Баавединдер жар болуп
Баккан Током келгенбейм,

Итке салган чанага
Түшкөн Током келген бейм?
Ичкиликке кара чай
Ичкен Током келген бейм?!

Кайнап күйүп, чок болгон,
Кайгылуу күнгө токтолгон,
Каардуу торго чалынып,
Кармалып кыйноо сот болгон.

Күйүп-жанып чок болгон,
Күйүттүү күнгө токтолгон,
Күкүктөй болгон алтын баш,
Күнадыр сурап сот болгон,
Өчкөнүм кайра өнгөн бейм?
«Өлдүбү?» – деп түңүлсөк,
Өнөрпоз Током келген бейм?!

Бугуга салган чанага
Түшкөн Током келген бейм?
Мусапыр болуп кара чай
Ичкен Током келген бейм?!

Алты жылы пияда
Баскан Током келген бейм?
Алтындын кенин талкалап,
Казган Током келген бейм?
Ак падыша залимге
«Жазган» Током келген бейм?!

Жети жылы пияда
Баскан Током келген бейм?
Жездин кенин талкалап,
Казган Током келген бейм?
Жергелүү калың элинен
Азган Током келген бейм?
Жети жылы мээнет, шор
Тарткан Током келген бейм?!

Күнү-түнү пияда
Баскан Током келген бейм?
Күмүштүн кенин талкалап,
Казган Током келген бейм?
Губернатор залимге
«Жазган» Током келген бейм?

Жайы-кышы пияда
Баскан Током келген бейм?
Жамбынын кенин талкалап,
Казган Током келген бейм?
Жарым падыша залимге
«Жазган» Током келген бейм?!

Түрмөдө төктүң жашыңды,
Тууганга тирүү жеткирди
Тутулуп кеткен башыңды,
Айдоодо төктүң жашыңды,
Асырап тирүү келтирди
Алмадай азиз башыңды.

Барып келдиң Маскөөгө,
Туруп келдиң Үркүткө,
Туткун болдуң көп жылы
Тумшугу кандуу бүркүткө.

Кармалып кеттиң кар болуп,
Калкыңа жетпей зар болуп,

Кайтып келдиң, Токтогул,
Капсылазам[1] жар болуп.

Үркүттө жүрдүң кар болуп,
Үйүңө жетпей зар болуп,
Кайрылып келдиң, Токтогул,
Үстүртөн кудай жар болуп.

Камакка түштүң кармалып,
Калкыңа жетпей зарланып,
Кайтып келдиң, Токтогул,
Карчыга куштай айланып.

Түрмөдө жаттың байланып,
Тууганга жетпей зарланып,
Тууруңа кондуң, Токтогул,
Турумтай куштай айланып.

Жер тамда жаттың байланып,
Жериңе жетпей зарланып,
Жете келдиң, Токтогул,
Жетигендей айланып.

Түрмөдө жүрдүң алдырап,
Тууганга жетпей дабдырап,
Тумшугу жок солдаттар
Туура кылыч көтөрүп,
Туруп кадам бастырбай,
Тушунда турду балдырап,
Туткунда жүрдүң, Токтогул,
Туйгундай көзүң жалдырап.

Жер тамда жаттың алдырап,
Жериңе жетпей дабдырап,
Жерге кирген солдаттар

[1] *Капсылазам* – боорукечтердин периштеси.

Жети кадам бастырбай,
Жез пайнек[1] кылыч көтөрүп,
Желкенде турду балдырап,
Жете албадың элиңе,
Жетимдей көзүң жалдырап.

Айдоодо жүрдүң алдырап,
Ага-ини көрбөй дабдырап,
Айбаалыдай солдаттар
Алты атар мылтык көтөрүп,
Алты кадам бастырбай,
Арканда турду балдырап.
Амалың жок ошондо
Айнектей көзүң жалдырап.

Ак кагазга чийилип
Сөзүң келди, Токтогул,
Ак панардай жалтырап,
Көзүң келди, Токтогул.
Аманыңды сурачу
Кезим келди, Токтогул!

Ак карагай тилгирем
Кайсы шаардан кактыңыз?
Ак падыша залимге
Кай себептен жактыңыз?
Абалдан ишиң ак экен,
Ачылыптыр бактыңыз,
Ачылгандын белгиси
Айланып элди таптыңыз.

Тилгирем – сым тирөөч,
Кайсы шаардан кактыңыз?
Зили бузук залимге
Кай себептен жактыңыз?

---

[1] *Пайнек* – тутка.

Түбөлүк ишиң ак экен,
Ачылыптыр бактыңыз.
Ачылгандын белгиси
Айланып элди таптыңыз.

Боз шапке менен, боз кемсел
Казанадан кийдиңиз,
Порумдуу элден ажырап,
Бозоруп кайда жүрдүңүз?
Көк шапке менен көк кемсел
Казанадан кийдиңиз,
Көркөмдүү элден ажырап,
Көйкапта кандай жүрдүңүз?

Жылаңаяк, жылаң баш,
Басканың айт, Токтогул,
Жыты сасык там үйгө
Жатканың айт, Токтогул.
Алты сай бараң, ак келте
Атканын айт, Токтогул.
Ат боорунан кара кан
Чачканын айт, Токтогул.
Аманат жаның саламат
Кайтканың айт, Токтогул!

Этеги жок, чолок тон
Кийгениң айт, Токтогул,
Эртели-кеч жөө басып
Жүргөнүң айт, Токтогул.
Тогуз жыл жаттың түрмөдө,
Билгениң айт, Токтогул,
Күнөөсү жок жалынга
Күйгөнүң айт, Токтогул.
Көзүңдү ирмеп уктабас
Түндөрүң айт, Токтогул.
Итке араба, чананы,
Салганың айт, Токтогул.

Илдеттүү күнгө жолугуп,
Калганың айт, Токтогул.

Атка араба, чананы
Салганың айт, Токтогул.
Азаптуу күнгө жолугуп,
Калганың айт, Токтогул,
Алыста жүрүп зарланган
Арманың айт, Токтогул.

Маскөөдөгү түрмөгө,
Жатканың айт, Токтогул,
Балдырашып солдаттар,
Чапканын айт, Токтогул.
Барса-келбес сапардан
Кайтканың айт, Токтогул.

Кара башыл ак токту
Карышкыр жесе койдо жок,
Кармалып кеткен залимге
Кайрылат деген ойдо жок.

Кетмен-Төбө кең жерден,
Берекеси тең жерден,
Өзүң менен айдалган,
Өлүмгө колу байланган,
Алтымыш эки кишинин
Адатын айтчы, Токтогул!

Аманы канча калды экен,
Санатын айтчы, Токтогул!
Тутулуп кеткен көп киши
Адатын айтчы, Токтогул! –
Тирүүсү канча калды экен,
Санатын айтчы, Токтогул!

Өзүң менен кеткендин
Адатын айтчы, Токтогул!

Өлгөнү канча болду экен,
Санатын айтчы, Токтогул!

Сагызгандын уясын
Салганын айткын, Токтогул.
Самарда өлгөн мундуунун
Калганын айткын, Токтогул.
Саламат келдиң өлүмдөн,
Арманың айткын, Токтогул.

Көгүчкөндүн уясын
Салганын айткын, Токтогул.
Көп муңдуулар кырылып
Калганын айткын, Токтогул.
Көзүң келди жылтырап,
Арманың айткын, Токтогул!
Сагызгандын уясы
Сайда калды, Токтогул,
Сараланы калың мал
Байда калды, Токтогул,
Зарландырып залимдер,
Айдап алды, Токтогул,
Зарланышкан муңдуулар
Кайда калды, Токтогул?

Көгүчкөндүн уясы
Көлдө калды, Токтогул,
Көк алалуу калың мал
Байда калды, Токтогул,
Көп солдаттар имерип
Айдап алды, Токтогул,
Көп жолдошуң ажырап
Кайда калды, Токтогул?

Боор толгон калың мал
Байда калды, Токтогул,
Бозортуп солдат баарыңды

Айдап алды, Токтогул,
Молдосан менен Карабаш
Кайда калды, Токтогул?

Курбу толгон калың мал
Байда калды, Токтогул,
Куу солдаттар имерип
Айдап алды, Токтогул,
Куламбай, Мамыр, Курама
Кайда калды, Токтогул?

Айдыраалы айдалган,
Тирүү бекен, Токтогул?
Аман-эсен көрүшөр
Күнү бекен, Токтогул?

Андаштын эки баласы –
Супатай менен Сады эле,
Супатай өлдү деп уктум,
Сарысы тирүү бар беле?

Акыреттик жан досум,
Аман бекен а дале?
Аман болсо сенчилеп
Качан келер чагы эле?
Шадыбек калды кай жерде?
Кармалып барып Токтогул
Карып болдуң аерде.

Букаранын мыктысы,
Бир тараптын ыктуусу,
Көкүмбайдын көк жалы,
Чок такыя балдары,
Көрдүң бекен, Токтогул,
Курама менен Мамырды?
Куштай торго түштү эле
Сураганым табирби?

Бекеттерден айдалган,
Бекилип колу байланган,
Баратаалы, Салбанды
Көрдүң бекен, Токтогул,
Кыдыраалы балбанды?
Уктуң бекен, Токтогул,
Ошолордон арманды?

Сарбагыштан беш киши,
Санаты менен айдалган,
Залимдер кылып бир канча
Букарадан байланган.

Көрдүң бекен, Токтогул,
Көк-Арттан кеткен Чыйбылды?
Күнадыр келип кармаган
Күмүш боолуу туйгунду.

Жетим бала, тул катын
Арзын айтып даттады,
Айдалып кеткен баласын
Эмдигиче таппады.
Куттуу болсун, Токтогул,
Жаныңдын тирүү кайтканы!..

Теңтуштарың өлгөндө,
Көрдүң бекен, Токтогул?
Терең көрүн кең казып,
Көмдүң бекен, Токтогул?
Тентип жүрүп азапка,
Көндүң бекен, Токтогул?

Курдаштарың өлгөндө
Көрдүң бекен, Токтогул?
Куран окуп, кутпа айтып
Көмдүң бекен, Токтогул?
Тагдыр жазган жазууга
Көндүң бекен, Токтогул?

Айдалгандар өлгөндө,
Көрдүң бекен, Токтогул?
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Көмдүң бекен, Токтогул?
Айдоодо жүрүп азапка,
Көндүң бекен, Токтогул?

Ажыдаарга арбалган,
Ак капканга кармалган,
Алтымыш эки азамат
Кай жерде өлдү, Токтогул?
Ал мусапыр карыпты
Кимдер көмдү, Токтогул?

Кара топчу бойдо жок,
Кармалып кеткен кургурум
Кайрылат деген ойдо жок.

Кызыл топчу бойдо жок,
Кыйноого кеткен Токтогул
Кылчаят деген ойдо жок.

Ага-иниге айттың саламды,
Аралап келдиң, Токтогул,
Анжиян шаар калааңды.
Аман көрдүң Токтогул,
Аркаңда жалгыз балаңды.

Келтирип айттың саламды,
Келип көрдүң, Токтогул,
Кетмен-Төбө калааңды.
Келип сүйдүң арман жок
Керээзиң жалгыз балаңды.

Кулпунтуп ачып багыңды,
Курсант кылды жаныңды.
Куп дөөлөтүң бар экен,

Кучактадың жарыңды.
Кол кармашып көрүштүм,
Курбулугум таанылды.

Асырап келдиң саламат
Бир чымындай жаныңды,
Аман көрдүң, Токтогул,
Алганың Тотуй жарыңды.
Теңселишип бир өскөн
Теңтуштугум таанылды.

Жети-Суу менен Жерге-Тал,
Жериңе келдиң, Токтогул,
Жети уруу саяк, көп сарттар,
Элиңе келдиң, Токтогул.
Жер сагынып, эл самап,
Демиңе келдиң, Токтогул.

Кайырма менен кең Арым,
Жериңе келдиң, Токтогул.
Калың сарттар, көп багыш
Элиңе келдиң, Токтогул.
Кадимкидей кайгысыз
Демиңе келдиң, Токтогул.
Кайгы-зарың сурачу
Эбиңе келдим, Токтогул.

Имерилип турамын,
Ишене албай сурадым.
Токтогул, сени көргөнүм,
Өңүм бекен, түшүмбү?
Өлүмгө кеткен кишимби?

Чын, Токтогул, сен болсоң,
Өрттөбөй айткын ичимди?
Кадик кылып турамын,
Кайта баштан сурадым,
Капилет көргөн түшүмбү?

Кан соруучу залимге
Кармалып кеткен кишимби?
Чын Токтогул, сен болсоң,
Кайгыртпай айтчы ичимди!

Анык болсоң, Токтогул,
Ачыптыр кудай жолуңду,
Арылткан экен шоруңду.
Аттан түшчү, Токтогул,
Бир кармайын колуңду.

Аттан түшчү көрөйүн,
Алкымыңдан өбөйүн.
Коё бербей карышып,
Коюн-колтук алышып,
Кучакташып турайын.

Аман-эсен келдиңби,
Куюгуп кеткен жубайым?
Ал-абалың сурайын,
Айкалышып турайын.
Аман-эсен келдиңби,
Айдалып кеткен жубайым?

**Т о к т о г у л:**
Амансыңбы, карагым?
Азыраак айткан сөзүңө
Алсырап кетип барамын.
Эч кабарың албапсың,
Имерилип барбапсың,
Өлгөндө турпак салбапсың,
Аркамда жалгыз баламын.

Эсенсиңби, карагым?
Элдир-селдир сөзүңө
Эзилип кетип барамын,
Эч кабарың албапсың,
Имерилип барбапсың,

Үстүнө турпак салбапсың
Эрмегим жалгыз баламдын.

Туулбасаң да, Эшмамбет,
Тутунгандай бала элең,
Мен тутулуп кеткенде,
Туурумда калган жан элең.
Имерилип барбапсың,
Энемден кабар албапсың,
Иниңе турпак салбапсың.

Мен кеттим колго тутулуп,
Сен келипсиң, Эшмамбет,
Койчулуктан кутулуп.
Комуз чертип ар кайда
Ырдап жүрсүң кутуруп.
Малайлыктан кутулуп
Манаптардын алдында
Мактап жүрсүң кутуруп.

Калайык калкым күлсүн – деп,
Капастан келген Токоңдун
Кайгы-зарын билсин – деп,
Көөнүңө алба, Эшмамбет,
Айтып ийдим ар кыл кеп.

Калк угар кызыл тилимди,
Кадырымды сураган,
Кара жашы кулаган,
Кара жаак инимби?
Башта жөнөкөй ырчы экенсиң,
Эми кадырың көпкө билинди.

Эл угар кызыл тилимди,
Эсендигим сураган,
Эки көздөн аккан жаш
Эки беттен кулаган,
Эшмамбет кичүү инимби?

Башта сен элдир-селдир экенсиң,
Эми элиңе дайның билинди.

Жанымда бирге жүргөнсүп,
Жазганымды сурадын,
Жайы-кышы пияда
Басканымды сурадың.
Жамандык менен жакшылык
Тартканымды сурадың.
Жамбынын кенин талкалап,
Казганымды сурадың.

Айдоого бирге баргансып
Азганымды сурадың.
Алты жылы пияда
Басканымды сурадың.
Азап менен мээнет шор
Тартканымды сурадың.
Алтындын кенин талкалап
Казганымды сурадың.

Кармалып бирге баргансып
Азганымды сурадың.
Караңгыда пияда
Басканымды сурадың,
Кайгы менен мээнет-шор
Тартканымды сурадың.

Калайдын кенин талкалап
Казганымды сурадың,
Ак эшендин ишинен
Алтымыш эки кишинин
Адатын менден сурадың.
«Аманы канча калды?» – деп,
Санатын менден сурадың.
Өзүм менен кеткендин
Адатын менден сурадың.

«Өлгөнү канча болду?» – деп,
Санатын менден сурадың.

Сагызгандын уясын
Салган жерин сурадың.
Сапарбай менен Кыпчакбай
Калган жерин сурадың.
Саламат келген Токондун
Барган жерин сурадың.

Көгүчкөндүн уясын
Салган жерин сурадың,
Көп мундуунун кырылып
Калган жерин сурадың,
Көзү келген Токондун
Барган жерин сурадың.
Алтымыш эки кишиден,
Айдалган элдин ичинен:
Кутубай, Бакай, Качканак,
Качып чыккан баштараак.

Муратаалы, Мурзабек
Мурун качып келди эле.
Аркасынан Кулданбай
Куба качып келди эле.
Ошонун баары залимге
Кылмыш кылган эл беле?

Муратаалы эр эле,
Кас санаган душманга
Оозун ачкан бөрү эле.
Бу да калды Маскөөдө,
Мусапырлар кырылып,
Жуда калды Маскөөдө.

Молдосан менен Карабаш
Айдалып бардык аралаш,

Жолдоштордон айрылып,
Бетимди жууду кара жаш,
Мунун баарын айтпасам,
Муңдуулугум жарабас.
Биз алыска барганда,
Булар да өлдү арманда.

Айдыраалы тирүү келди,
Өзүм менен бир келди,
«Амандашып келгин» – деп,
Астыртан мени жиберди.
Ал киши да аз күндө
Аралап көрөт силерди.
Айдоодо жүргөн Токонду,
Ага-иним, тузуң имерди.

Андаштын уулу Сары эле,
Айдалып барган а деле.
Колунан көөрү төгүлгөн
Усталыгы бар эле.
«Чоюн башты куйду» – деп,
Найзалык жыгач кыйды – деп,
Урушууга камынып,
Жарактын баарын жыйды – деп.
Айдатып ийген залимдер
Бечара уста Сарыны,
Сары бар тирүү Сибирде,
Мен өңдөнүп карыды.
Анын да өттү кайгыда
Өмүрүнүн жарымы.

Сары калды сактанып,
Залимден күйгөн тапталып,
Келсем деген ою бар
Падышадан акталып.
Калың топтун жартысы
Кара дарга асылган,

Калган элдин баарысы
Жыйырма беш жылдан жазылган.

Букара элден тың чыккан,
Бир тарабын тынчыткан,
Курама менен Мамырды,
Саратүпкө барганда,
Салды өлүм амырды.
Сар оору болуп айдоодо
Тарттык далай жабырды.

Бекеттерден айдалган,
Бекилип колу байланган,
Сен сурадың, Эшмамбет,
Баратаалы, Салбанды.
Көңүлгө алып сурадың
Көмүлбөй жолдо калганды.
Бир солдатты өлтүрсө,
Атып ийген болучу
Кыдыраалы 'балбанды,
Кызыл өрттөй залимден
Кыбыраарга ал барбы?..

Көйкапка кеткен кургурду,
Көрүп жүрдүк өлгөнчө
Көк-Арттан барган Чыйбылды.
Айдалып кетип баратып,
Жолдо калды өлгөндө,
Жору, кузгун жеди окшойт,
Адам чыкпай көмгөнгө.

Адигине Өмүрбек
Сексен бир жашка барыптыр,
Сакалында кара жок,
Куудай болуп карыптыр.
Карыны жаштай кыйыктап,
Падыша залим тарыптыр.
Алты жашар баладай

Акылынан таныптыр.
Анын да сөөгү көмүлбөй,
Ара жолдо калыптыр.

Теңтуштарым өлгөндө,
Көргөнүм жок, Эшмамбет,
Терең көрүн кең казып,
Көмгөнүм жок, Эшмамбет.

Азаматтар өлгөндө,
Көргөнүм жок, Эшмамбет,
Ак кепиндеп, аруу жууп,
Айпооч салып, белин бууп,
Көмгөнүм жок, Эшмамбет.

Көрөйүн деп сурансам,
Көрсөтпөдү көзүмө,
Кулак салбайт залимдер
Мусапыр, муңдуу сөзүнө.
Кайран эрлер өлгөндө,
«Кандай неме өлдү?» – деп,
Кабакка сүйрөп койду окшойт,
Карга, кузгун, ит, куштар
Тарпын талап тойду окшойт...
Катуу турмуш курусун,
Как ушундай болду окшойт!..

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТ

(*Экинчи варианты*)

**Э ш м а м б е т:**
Капталдын куму эшилет,
Кайберендин изиби?
Кабыл кылды өзүмдүн –
Өгүнү көргөн түшүмү.
Калп эмес сөзүм чын болду,

Кармалып кеткен калкымдан,
Кадимки Toком жүзүбү?
Кайта көрдүм кубанып,
Калкымдан кеткен кишими.

Адырдын куму эшилет,
Ак жолборстун изиби?
Айдалып кеткен элимден –
Акыным Toком жүзүбү?
Аман көрдүм арман жок,
Айлымдан кеткен кишими.

Көрүп келдиң Шыбырды,
Көпкө айтчы, Токо, кебиңди.
Көргөнүңө кубангын,
Көк адыр тоону ээлеген –
Көп тууган кыргыз элиңди.
Көрөмбү деп жүрчү элем,
Көңүлдөш сендей теңимди.

Саламат көрдүм түрүңдү,
Самадым эле, Токтогул,
Сайраган булбул тилиңди.
Сагынып жүргөн Токомду,
Саламат көргөн күнүмбү?..

Күлүктүгүң башкача,
Күкүк, булбул сен элең.
Муңдуу болдуң нечен жыл,
Булбул кушка тең элең,
Сайрап турган кезиңде
Замандаш болуп бирге өсүп,
Сабак алган мен элем.
Жатсам-турсам сени ойлоп,
Саламат көрсөм дээр элем.

Айтканым кабыл болдубу?
Адашып элден бөлүнгөн –

Ак булбул шакка кондубу?
Акындын ордун жоктотпой,
Агайын, tyyган элинде –
Арзыткан жокмун ордуңду.

Талда булбул учканда,
Таппай калдык изиңди,
Өзүбү Током, башкабы?
Ага-ини, тууган, карачы –
Өңүмбү же түшүмбү?!
Элирип ырдап турганда,
Эл таркаган кумардан.
Эшендин кесир зарпынан –
Эл эрмеги булбулкөй,
Эргип учтуң чынардан.

Эсен-аман кутулуп,
Келипсиң, Токо, зындандан.
Адамдан тулпар жорго элең,
Артыңда чаңың буралган.
Ак сүтүн берген энекең,
«Айдоого балам кетти» – деп,
Азабың тартып кубарган.
Алганың ыйлап кайгырып,
Көңүлүн кайгы-муң алган.

Күндө сайрап талбаган,
Күкүк элең элиңе,
Санаабызда тиледик,
Током, саламат эсен келүүгө,
Кырк жылы келбей калсаң да,
Биз сени кыйган жокпуз өлүмгө.
Кыюсун таап көрүштүм,
Бууракандын белинде.
Кубанчы сарттар элинин,
Курдашым Током, келгенби?
Курчалган топко кыйкырып,
Ырдачу Током, келгенби?

Талыкпай угуп калың журт,
Тыңдачу Током, келгенби?!

Ак тилекти бергенби?
Ак жерден Шыбыр айдалган,
Ак таңдай тили сайраган,
Акын Током, келгенби?
Ар бир сөзү белгилүү –
Накыл Током, келгенби?

Атабыз башка болсо да,
Агайын болуп бирге өскөн,
Жакын Током, келгенби?
Салкын-Арым, Кушчу-Суу,
Жерден кеттиң, Токтогул.
Сарттар, багыш, көп саяк,
Элден кеттиң, Токтогул.

Каз айланып конбогон,
Көлгө кеттиң, Токтогул.
Кар боройлоп, түн түшкөн
Жерге кеттиң, Токтогул.
Канаттуу куштар жеткисиз,
Чөлгө кеттиң, Токтогул.
Караланган ишиң жок,
Селге кеттиң, Токтогул.

Айланып өрдөк конбогон,
Көлгө кеттиң, Токтогул.
Атаң тууп көрбөгөн –
Жерге кеттиң, Токтогул.
Ак канат куштар жеткисиз –
Чөлгө кеттиң, Токтогул.

Байланып Шыбыр алыска,
Барганың айт, Токтогул,
Пашаанын түшүп торуна –
Калганың айт, Токтогул!

Башыңдан өткөн көп кайгы –
Арманың айт, Токтогул?

Эки-экиден көчөгө,
Бөлгөнүн айт, Токтогул.
Асыл жаның азапты –
Көргөнүң айт, Токтогул.
Элине жетпей нечен жан,
Өлгөнүн айт, Токтогул.
Эсебин таап кутулуп,
Эсен-аман элиңе –
Келгениң айт, Токтогул.

Эсинен сени чыгарбай,
Эстеген сарттар, багышты,
Көргөнүң айт, Токтогул.
Жыланайлак, жыланбаш,
Басканың айт, Токтогул,
Жыты сасык түрмөдө
Жатканың айт, Токтогул.
Жалпы кыргыз элиңди –
Тапканың айт, Токтогул.
Жалдырап ыйлап, көз жашың,
Акканын айт, Токтогул.

Кыдырып келдиң жөө басып,
Кызыл-Жар менен Семейден,
Кыйласы кетти сага окшоп,
Малы жок жарды кедейден.

Анжиян менен Алайдан,
Айдалып кеткен далай жан.
Аман келдиң, Токтогул,
Ажалдуу түрмө сарайдан.

Санатка кеткен жан элең,
Сарттар менен багыштан,

Саргайып өңүң, жөө басып,
Саламат келдиң алыстан.

Сагынып жүргөн мен элем,
Салам айтып таанышкан.
Зарыгып жүрүп журт таптың,
Санааңыз элге калыстан.

Куткардың шордон жанынды,
Кубанып көрдүң Арымды.
Кургурум, аман таптыңбы
Курдашың, алган жарынды?
«Эсен-аман келди» – деп,
Эл кубанып калдыбы?
Эркең жалгыз Топчубай –
Алдыңдан чуркап бардыбы?

Куткардыңбы башынды?
Кургаттыңбы жашынды?
Кубанып бүгүн көрүпмүн,
Курдашым, сендей асылды.
Кучакташып, өбүшүп,
Кумарым ичтен жазылды.

Кармалып башың камалды,
Кайгырып чачың агарды,
Калкыңдан эсен көрдүңбү
Каргадай жалгыз баланды?
Кара жаак, жез таңдай,
Кайраным, Током, аманбы?
Аз да болсо көптөй көр,
Токо, айтып турган саламды!
Кубаныч менен көрүпмүн,
Курдашым, сендей адамды.

Саламат көрдүң жеринди
Саламыма алик ал,
Сайратып кызыл тилинди.

Кубанып угуп туралык,
Булбулдай мукам үнүңдү.
Ээрчитип жүргүн артыңдан –
Эшмамбет мендей иниңди.

**Т о к т о г у л:**
Сайраган булбул тилимби?
Зарлаган добуш үнүмбү?
Салам айтып көрүшкөн
Саякта калган инимби?
Салбасын, элим, башкага –
Зарланып көргөн күнүмдү.

Эки эли кызыл тилимби?
Элирген добуш үнүмбү?
«Эсенби?» – деп көрүшкөн,
Ээрчип жүрүп чоңойгон,
Элимде калган инимби?
Эч адамга салбасын,
Элсизден көргөн күнүмдү.

Кара жаак тилимби?
Кайгырган добуш үнүмбү?
Кадырым айтып көрүшкөн,
Катарда калган инимби?
Кадырман иним, сурадың,
Кайгырып көргөн күнүмдү.
Каргадай болгон алтын баш,
Калың элден сүрүлдү.

Калайык тууган, калың журт,
Кайта көрдүм түрүңдү.
Ак кардуу тоону ээлеген,
Ата Журтум кыргыз эл,
Киндик кесип, кир жууган,
Кичинемде өскөн жер.
Калкым, сени көп ойлоп,
Кара көздөн аккан сел.

Өлсөк дедик өкүнүп,
Табылган жок казган көр...

Мен Сибирге кеткенде,
Эшмамбет, ээрчип жүргөн бала элең.
Атагың чыгып элиңе,
Акын болчу жан элең.
«Эрмексиз элим калбайт» – деп,
Эсимде сен бар элең.

Айтканымдай болупсуң,
Айланып шакка конупсуң.
Каалагандай болупсуң,
Кайрылып шакка конупсуң.

Мен сайрачу бутакка,
Конуп калган экенсиң.
Байланып кеткен Токондой,
Болуп калган экенсиң.

Кара болот зулпукор,
Курчу болгон экенсиң.
Калдайган топто сайраган,
Ырчы болгон экенсиң.

Оолуккан элдин көңүлүн,
Жазып калган экенсиң.
Мен көргөндөн канча өйдө,
Ашып калган экенсиң.

Алтын жаак, жез таңдай,
Ырчы болгон экенсиң.
Андай-мындай ырчыны,
Куучу болгон экенсиң.
Алты уруу жыйын топ болсо,
Асыл сөзүң чубатып,
Турчу болгон экенсиң.

Саламың алик алайын,
Сагынышып көрүшкөн
Замандаш элек агайын,
Өксөп ыйлап азапта,
Өткөрдүм өмүр далайын.
Акылдан танып калсам да,
Алты сан кыргыз жалпыңа,
Али да бир сөз табайын...

Камоодо жатып, элди эстеп,
Кайгырып жүрөк эзилген.
Кара тил сайрап турганда,
Калк танбаган сөзүмдөн.
Эркиндеп ырдап жүрөм – деп,
Эл үчүн түрмө кесилгем.

Жамбашымдан сыз өтүп,
Жаттым түрмө камалда,
Жатындаш тууган иним жок,
Жан күйүп издеп барарга.
Жардам берген киши жок,
Жаш калган жалгыз балама.

Калган экен туулуп,
Кайгылуу жаман заманда.
Тууганым начар, күчү жок,
Душмандан кегим аларга.
Жүрдүң беле чын ойлоп,
Жүрөгүң менен санаанда?

Байлап берген манапка,
Бар беле кылган жазыгым?
Эшмамбет, айткан сөзүңө,
Эзилип жүрөк жашыдым.
Элсизде жүрүп өткөрдүм,
Өмүрдүн жаштык асылын.

Куулуп кеттим айдалып,
Кушчу-Суу менен Арымдан.

Кубат берсе туушкан,
Кутулар бекем деп ойлоп,
Кузгундардын зарпынан.
Жазыгы жок айдалып,
Жаңы келген карып баш,
Жардам сурайм баарыңан.
Кармап берсе манаптар,
Калайык, сага таарынам!..

Эңгиреп түрмө Сибирге,
Барганым менден сурадың,
Элине жетпей канча жан,
Калганын менден сурадың.
Көз көргүс жерге айдалып,
Барганым менден сурадың.
Көмүлбөй сөөгү талаада,
Калганын менден сурадың.
Көп ыйлаган өзүмдөй,
Арманын менден сурадың.

Жан кургур таттуу өлүүгө,
Жапааны тарттым өмүрдө.
Жарагы барбы Токондун
Өлгөндү жерге көмүүгө?
Кетменим барбы казарга,
Кепиним барбы бычарга?
Калың кыргыз элиме –
Канатым барбы учарга?

Карлыгач белем келүүгө,
Калкыма кабар берүүгө.
Жаны кургур көп таттуу,
Жарадар болбой өлүүгө.
Арасы жакын жол эмес,
Түрмөдөн качып келүүгө.

Турганбыз көздөн кан агып,
Түрмөнүн сыздуу төрүндө.

Учурашып көрүштүм,
Байгазы менен кошулуп,
Бастырып жүргөн жеринде.
Келгеним болду бир далай,
Ар кылдыңбы, Эшмамбет,
Айлыма издеп келүүгө?

Жатканым түрмө караңгы,
Жазакөр кылды адамды.
Каматып башты кор кылды,
Кылгамын кимге залалды?
Жатсам, турсам ойлодум,
Жаркыным жалгыз баламды.
Бир туугандай көрчү элем,
Бир сапар барып, Эшмамбет,
Албапсың, иним, кабарды?

Айдалгам кыргыз ордомдон,
Адаштым салган жоргомдон,
Ак жерден айдап залимдер,
Ак булбул Токоң кор болгон.
Алыска чуркар күчү жок,
Аягым аксап чор болгон.
Аламын кантип кегимди,
Азаптуу кылып койгондон?
Артым чийки акталбай,
«Айдалып кетер бекем» – деп,
Ар нерсени ойлоном.

Каралап мени залимдер,
Кармалып элден кеткемин,
Кейишти тартып кайран баш,
Кийдим кенеп чепкенин.
Чаалыгып жаным кыйналып,
Чаптым чоюн кетменин,
Көтөрдүм темир самбалын,
Көрө албай элди зарладым.

Болуш болдум бул жерде,
Бок ташыдым ти жерде.
Кайгырбай кантип айтайын,
Колума кишен салганын.
Элиме келсем, ашынды,
Эзилип жүрөк арманым.
Башкага тийип кетиптир,
Башында сүйүп алганым.

Эсиңе алсаң, Эшмамбет,
Элиме неге барбадың?
Уялбай бүгүн сурайсың,
Укпагансып, Эшмамбет,
Уулумдун өлүп калганын.
Кайгыны кайта жаңыртып,
Ушубу кылган жардамың?!

Кайгы адамды өлтүрөт,
Кайгырса адам эскирет.
«Жалгызың аман барбы?» – деп,
Учурашып сурадың –
Уялбай, иним, мелтиреп.
Кайта мени сынайсың,
Карыш жерге бир барбай,
Кантип менден сурайсың.
Кайгырып жүргөн Токоңо,
Кай бетиң менен ырдайсың?!

Эки көз көрбөй тунарып,
Экинчи кайгы муң алып,
Энем бар үйдө,балам жок,
Эзилип жүрөм муңайып.

«Кайран Током айлы» – деп,
Кайрылып, иним, келбепсиң,
Кадырымды сен эстеп,
Баламдын жүзүн көрбөпсүң.
Каргадай жалгыз өлгөндө,
Өз колуң менен көмбөпсүң.

Айдоого кетпес чагымда,
Аралашып бир жүрдүң,
Азапка башым малынып,
Айдалып жолдо түн жүрдүм.

Агайын, тууган дечү элем,
Эшмамбет, бөлөктүгүң билдирдиң!
Жакын туруп барбастан,
«Жалгызың аман барбы» – деп,
Жашып калган жүрөктү –
Жаңыртып кайта бүлдүрдүң...
Жалгызым тирүү болгондо,
Калбайт белем кубанып.
Казылган бейит мүрзөсүн,
Калыптыр кара чым алып.

«Карып атаң келди» – деп,
Эстетер дүйнө болсочу.
Казылган көрдөн чыгарып,
Көрсөтөр дүйнө болсочу.

Күкүк элем сайраган,
Күлүк элем талбаган.
Гувурнатор залимдер –
Күнөөсүз кармап айдаган.
Күн тийбес тамдын түбүндө,
Күзгүдөй көзүм жайнаган.
Акын элем сайраган,
Аргымак элем талбаган.
Ак падыша залимдер
Ак жерден кармап айдаган.
Артымдан издер тууган жок,
Азапта шорум кайнаган.

Элсизде жүрдүм кайгырып,
Элиме келсем, балам жок.
Эрмегимден айрылып,

Эсиңе алып, Эшмамбет,
Ээн калган айылга –
Бир барбапсың кайрылып.

Көңүлүн сурап койбопсуң,
Көңүлү мундуу энемин.
Көзү өткөндө барбапсың,
Көтөрүп баккан белегим.
Бир туугандай көрчу элем,
Билинди сенин бөлөгүң!

Азаптуу жолдо көп жүрүп,
Ак кирди сакал, муртуңа.
Ажалым жок кайрылып,
Аман келдим журтума.

Ичимде кайгы-зилди айтам,
Башымдан өткөн күндү айтам.
Балам өлсө барбапсың,
Таарынган өпкө, кирди айтам.
Аралашкан курбу элең,
Сага айтпай, муну кимге айтам?!

Арманым айтып ырдасам,
Айдаткан залим билеби?
Азаптуу жолдо көп жүрүп,
Айныган Токоң жүрөгү.
Капа болбо, Эшмамбет,
Ойноп-күлүп жүрөлү.

Кайгымды айттым бир далай,
Катарым элең, таарынба,
Калың эл кылып жардамды,
Калтырсаңар жанында.
Карыган кезде тентитпей,
Калса экен сөөгүм Арымда?..

## НИЯЗАЛЫГА ТААРЫНЫЧЫН АЙТУУ

Суудан аккан дөңгөлөк –
Ниязалы жөргөлөк,
Кысталышка келгенде
Мунун айтар сөзү ар бөлөк.
«Күлбү кан» деп күү айткан,
Күлдү журтту муңайткан,
«Сары барпы» күү айткан,
Сан миң элди муңайткан,
Сары алтын Аксы жердensиң,
Сан урук саруу элденсиң,
Саргалдак Майлыбайды Таласта
Санат күү менен жеңгенсиң.

Болгон тоо, Бозбу арасы,
Борош чалдын баласы,
Болор-болбос доо кылып,
Мындай болуштун кетпейт жалаасы.

Кетмен-Төбө кең жерге
Мен Сибирден келгенде
Канакей издеп барганың?
Жаш кезимден бул күнгө
Эки колум байланып,
Эч кылмышым жок туруп
Үркүткө бардым айдалып,
Катын-бала, ага-ини
Калкымда калды зарланып,
Ниеттешиң чын болсо,
Барбайт белең айланып?

Ач кадырын билеби
Айылында кардың ток?
Досун сурап не кылат
Дилинде мүшкүл кайгы жок?
Күкүктөй таңшыйт комузун,

Көңүлдүү чыгат добушуң.
Курдашың сага не керек
Күлпөттүү болсо конушуң?
Торгойдой сайрайт комузуң,
Токудуң жылкы торусун.
Торой чалып жыкты бейм,
Токоң таап туруп оңутун!

**БУУРУЛ БОЛУП КАРЫДЫМ**

Сары дарак жеримди,
Сагындым кыргыз элимди.
Сагынган менен бошотпой,
Залимдер кести демимди.

Кара дарак жеримди,
Кайрылып көрсөм дечү элем,
Калың кыргыз элимди.
Кайгырсам да бошотпой,
Кара жүрөк залимдер
Кайыштай кести демимди.

Бутумда кишен шалдырап,
Мусапыр болуп жалдырап,
Полицай келет балдырап,
Муштап өтсө желкеге,
Муунум калат дабдырап.

Жез кишен бутта шалдырап,
Желкеге коёт балдырап.
Жети муштап, бир тепсе,
Кала берем тура албай
Жетимдей көзүм жалдырап.

Бутакка конуп сайраган,
Булбул элем биерде.

Муңумду айтып кудайга,
Мусапыр болдум тиерде.

Тоо башында сайраган,
Торгой элем биерде.
Топ солдатка туш болуп,
Тозок тарттым тиерде.

Күндө чыгып таңшыган,
Күкүк элем биерде.
Күнөөсү жок айдалып,
Күйүттүү болдум тиерде.

Торгой элем, тилим жок,
Торго түшкөн экемин
Толгонуп жетер күнүм жок.
Булбул элем, тилим жок,
Мусапыр болдум залимден,
Бошонуп кетер күнүм жок.

Арзымды угар заман жок,
Айланы табар чамам жок.
Айланып келсем он жылда,
Аркамда жалгыз балам жок.

Буудан элем, басындым,
Булбул элем, басылдым,
Буйруптур насип элимден,
Муңумдан быйыл ачылдым.

Торгой элем, басылдым,
Тобурчак элем, басындым.
Толгонуп учар канат жок,
Топ жылдары жашындым.
Тобумдан насип бар экен,
Тозоктон быйыл ачылдым.

Булбул элем, наалыдым,
Буудан элем, талыдым,
Мусапыр болуп өткөрдүм
Мырзалык жаштын жарымын.
Мундуу күндө көп жүрүп,
Буурул болуп карыдым.

Торгой элем, наалыдым,
Тобурчак элем, талыдым,
Тозок тартып өткөрдүм –
Толкуган жаштын жарымын,
Томсоруп жүрүп Сибирде,
Тоголонуп карыдым.

Күкүк элем, наалыдым,
Күлүк элем, талыдым,
Күйүт менен өткөрдүм –
Күлгүн жаштын жарымын.
Көркүм кетип ушинтип,
Көк ала болуп карыдым.

Басайын десем, муунум жок,
Отурар алтын туурум жок.
Оюмдан кетпес бул кордук,
Ойнотом десем, уулум жок.

Тутулуп кеттим Сибирге,
Билек күчүм толгондо.
Мен өңдөнгөн миллион –
Камалган кара коргонго.
Шүгүрдүк кылам кубанып,
Туурума кайта конгонго.

Кармалып кеттим Сибирге,
Каруу күчүм толгондо,
Карыптан мендей миллион,
Камалып жаткан коргонго,

Канимет кылам кубанып –
Кайрылып туурга конгонго.

## ТОГУЗ КАЙРЫК

*(Комуз күүсүнүн ыры)*

Тогуз толгоп кайырсам,
Торгой болот комузум.
Миң кубулган күү менен
Кошо кетет добушум.
Дуу-дуу бир кайрык,
Тырпа-тырпа бир кайрык,
Тепкесине жакындап,
Кайра минтип мен кайрып,
Бир, эки удаа үч кайрып,
Үшкүргөндө үч кайрык,
Ушуну менен төрт кайрык,
Мындан ары көп кайрык.
Черте түш, черте түш,
Беш кайрыкка кечке түш,
Безелентип черте түш,
Эл зериксе эрте түш,
Алты кайрып, бир толго,
Мына, эми түш чоң жолго.
Калайык бар, кыргыз бар,
Кайран күүм, кор болбо;
Жети кайрып жайланып,
Жетигендей айланып.
Чар көпөлөк чимирик,
Кылга бармак илинип.
Сегиз кайрып жеткенде,
Тогуз толгоп черткенде,
Токтунун эти бышкан күү,
Токтогул тордон чыккан күү.
Он эки кайрып, он чалса,
Айкалышып сызган күү.

Айдалып жүрүп Токтогул,
Айды карай учкан күү.
Тогуз кайрып, бир чертип,
Түрмөдөн Токоң чыккан күү.
Комузчудан комузчу,
Уялуу кыргыз уккан күү.
Тобуна келип чертилген –
Токтогулга кутман күү!

**КЕРБЕЗ**

Толгоп тарткан кыл аркан,
Тор кашка аттын кермеси.
Топ жыйында сайраган,
Токтогулдун кербези.
Толкун жашың өткөн соң,
Толгонуп кайтып келбеспи!
Тобуңдан кетсем аман бол,
Толгон кыргыз жергеси.

Эки кабат кыл аркан,
Элик сурдун кермеси.
Эл ичинде сайраткан,
Эсил Токоң кербези.
Эсил жашың өткөн соң,
Эстесең кайтып келбеспи!

Бура тарткан кыл аркан,
Буурул аттын кермеси.
Мукам-мукам сайраган,
Булбул Токоң кербези.
Бул дүйнөдөн өткөн соң –
Бурулуп кайтып келбеспи!

Айыпсыз кармап сот кылып,
Айдаганда кербезим.

Айнектей көзүм чачырап,
Жайнаганда кербезим.
Артыма колум чынжырлап,
Байлаганда кербезим.

«Аман бол кыргыз элим» – деп,
Сайраганда кербезим.
Катын, балам чыркырап,
Калгандагы кербезим.
Кан залим башка капаны
Салгандагы кербезим.
Каптаган селге кайран баш,
Баргандагы кербезим.

Алыска айдап элимден,
Бөлгөндөгү кербезим.
Алмадай башым азапты
Көргөндөгү кербезим.
Ажалым жок өлбөстөн,
Алты сан кыргыз көп журтка,
Келгендеги кербезим!..

Жүрөгүм күйүп кыйноодо,
Жүргөндөгү кербезим.
Туткунга түшүп зарлаган,
Түрмөдөгү кербезим.

Жыланаяк, жыланбаш,
Баскандагы кербезим.
Акыл-эстен ажырап,
Шашкандагы кербезим.

Көзүмдүн жашын бурчактай,
Чачкандагы кербезим.
Калың кыргыз элди эстеп,
Качкандагы кербезим.

Карагай комуз балталап,
Чапкандагы кербезим,

Комузума темир зым –
Таккандагы кербезим.

Боздоп ыйлап түрмөдө,
Жаткандагы кербезим.
Боз тоголок бүргөлөр
Чаккандагы кербезим.

Кол-бутум байлоо кордукта,
Жаткандагы кербезим.
Жергелүү кыргыз калкымды
Тапкандагы кербезим.

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ТОГОЛОК МОЛДО

**Т о к т о г у л:**

Байымбет Молдо булбулум,
Баарыдан чыккан туйгунум,
Бала-чакаң аманбы,
Басынып жүргөн кургурум?
Насылың саяк тууганым,
Туугандан чыккан бууданым.
Башынан өзүң билесиң,
Мени манаптар сүрүп кууганын.
Рыскулбектин беш каман,
Мээнетке башым чырмады.
Пейили бузук манаптар -
Мени Үркүткө айдап кыйнады.
Булбул Токоң Маскөөдө,
Акыл-эсин жыйнады.
Комузун алып колуна,
Айдалганын ырдады.
Жаңжалынан эшендин –
Адамдын баары кыйрады.
Элиме аман кетсем – деп,

Эт жүрөгүм туйлады.
Өлбөгөн жан кайрылып,
Токоң келди калкына.
Жаамы кыргыз балдары,
Бириң эмес, жалпыңа.
Жериме келдим Токтогул
Жетер деп тууган баркыма...

**Байымбет:**

Айдалып кеткен Шыбырга,
Акын Током, аманбы?
Жалпы жарды-жалчыга,
Жакын Током, аманбы?
Манаптар менен басташкан,
Баатыр Током, аманбы?
Кызыл тилин сайраткан,
Булбул Током, аманбы?
Арыштап алыс чуркаган,
Дулдул Током, аманбы?
Күмүш чалгын күүлөгөн,
Туйгун Током, аманбы?

Амандыктын соңунан,
Айткым келди оңунан,
Арзып чыккан Токомдун –
Учурап калдым жолунан.
Ырчынын баары шаңкылдап,
Ырдап турат кашында.
Ак туйгундай күүлөнүп,
Булбул Током башында.
Калыкты мурун көргөнмүн,
Бала кезде, жашында.
Сапатын байкап жактырып,
Сынагамын Калыкты,
Чечен бала көрүнөт,
Чечер деп кыйла тарыхты.

Кара сакал Эшмамбет
Кайнап турган кези экен.
Калтырбастан санатты,
Сайрап турган кези экен.
Адам уулу кемиткис –
Акындын анык өзү экен.

Жаңыбай менен Курманың,
Жаңшап ырдап турганың.
Жаңыбай болсо Кулжыгач,
Өзүмдүн жакын тууганым.
Коного чапса чарчабас,
Айтылуу тулпар бууданым.
Жолой жолдон кошулган,
Жолдош болуп озунган,
Бул мырза чыкма бала экен.
Ырдаган ыры чала экен,
Эңги-деңги куу туяк –
Эрмектик ыры бар экен.

Ырчынын баары дүбүрөп,
Ээрчиптир, Токо, өзүңдү.
Элет кыргыз тууганың,
Эрмек кылат сөзүңдү.
Жаркырап алтын сакалың,
Жаңыдан көрдүм көзүңдү.
«Токтогулдан үйрөнүп
Ырчы болуп алсак – деп,
Ылгап ырдын сарасын,
Сынчы болуп калсак» – деп,
Талап менен баарысы,
Келген экен жаныңа.
Талабына жетишсин,
Таалим бергин баарына!

## ТЕРМЕ

Ким эле үмүт кылбасын,
Дүйнөдөн жыргап өтүүгө.
Эсиң болсо, жигиттер,
Капа кылып тилдебей,
Кайрыла жүр жетимге!
Өтүп кеткен ишиңдин –
Артынан бекер өкүнбө,
Көтөрүлүп көп сүйлөп,
Учураба кесирге.
Курчтугуңду майтарып,
Таш чапкандай кетилбе.

Ар ким ойлойт жакшылык,
Талаптуу ишке жетүүгө.
Тамаша кылба жыртаңдап,
Эри өлгөн аял жесирге.
Уяты бар адамдын,
Нуру болот бетинде.
Алдап айтса бир бузук,
Алдоосуна эсирбе...
Кайраттуу болор жигиттин,
Оту болот көзүндө.
Айткан кебин орундап,
Туругу болот сөзүндө.

Өлөңдүү жерде саз болот,
Өлчөмү менен дайрага,
Өрдөк менен каз конот.
Өткөрө сүйлөп кеп айтсаң,
Өлгөнчө кектеп унутпай,
Өз тууганың кас болот.

Ушакчы болгон жигиттин,
Урматы болбойт элине.
Уурдап кепти ташыган,
Уяты чыгат бетине.

«Ушундай шүмшүк болчу» – деп,
Жолотпойт элдин четине.
Туура сүйлөп, түз жүрсөң,
Кадырың болот калкыңа.
«Жайдары жигит болчу» – деп,
Ыракмат айтат артыңа.
Кыялың, оюң түз болсо,
Кыргыз эмес, кытай да
Жетет го, балдар, баркыңа.

Одоно сүйлөп, кеп айткан,
Обу жок адам көп болот.
Орунсуз жерге көп кирип,
Ушунча журтка кеп болот.
Туура жүрбөй кыйшандап,
Туугандан алыс чет болот.

Кыз кыялдуу кылтыңдап,
Жакшы ат камчы салдырбайт.
Жакшы адамдын белгиси –
Көңүлүңдү калтырбайт.
Сыртыңдан түзөп, көп айтып,
Душманга сырың алдырбайт.
Жакшы көрүп жолдошуң,
Жамандык ишке бардырбайт.

Жакшы аялдын белгиси –
Жайдары болот кишиге.
Кызматын эрте бүтүрөт,
Баа жеткис кылган ишине.
Адамдын пейли берилет,
Ар күнү кирип түшүнө.

Кадырың билбес аял бар,
Караңгы күндүн түнүндөй.
Кылыгы кымбат жакшынын,
Карагат көзү мөлтүрөп
Калтардын бермет жүнүндөй,

Кадимки жаздын күнүндөй.
Күлүк аттын белгиси,
Байгеден чыгат сүрөтпөй,
Жакшы аялдын белгиси,
Колдогу шумкар түлөктөй.
Ар мүчөсү келишкен,
Тартып койгон сүрөттөй.

Алганың жаман жолукса,
Кулак салбайт кебиңе,
Туюк сойгон чаначтай,
Түшүнбөйт сөздүн жөнүнө.

Кубултуп айтып берейин,
Кулак сал, балдар, кебиме.
Айдоодон аман кутулуп,
Айланып келгем элиме.

Азамат болсоң, жигиттер,
Туура сүйлө кебиңди.
Ары жок ишке барганча,
Артык көр андан өлүмдү.

Пейили бузук кишиге,
Ички сырың айтпагын.
Алты саның соо болсо,
Бекер карап жатпагын.

Атаң жаман болсо да,
Акылын ойго сактагын.
Насыятым ыр менен
Терме кылып айтканым.

Көйрөң болсоң – көмүлдүң
Эл көзүнө жеңилдиң.
Баркын билип Токоңдун
Маанисин байка кебимдин.

Көтөрүлүп көп сүйлөп,
Болбос ишке күлбөгүн.

Алган жарың жаш болсо,
Акырын айтып үндөгүн.

Акылың жетсе ар ишке,
Билип туруп сүйлөгүн.
Айдалган булбул Токондой
Ак жеринен күйбөгүн.
Айдоодон сакал агарып,
Азабын тарттым дүйнөнүн.
Ышкылуу балдар умтулуп,
«Булбул Током ыры» – деп,
Айтып жүрсүн билгенин

Карыганда сүйлөтүп,
Алжытпасын адамды.
Каласың, балдар, зыянга
Жолдош кылсаң нааданды.
Арамдык менен азгырып,
Бузуп коёт санаанды.
Айыктырбай ырбатат
Болор-болбос жаранды.

Келтирбегин жанына
Кесири тийчү арамды.
Бөөшсүнүп сыртындан
Байкап жүрөт чаманды.
Андай бузук адамдар
Агайинден жат кылып,
Ачып коёт аранды.
Көз карашы бузулуп,
Түзүк айтпайт саламды.
Үйүп коёт башына
Пайдасы жок залалды.

Сөз айтсаң жооп бербеген
Арамдыктын белгиси.
Колунда дүйнө жок болсо,
Чабалдыктын белгиси.
Чогулган топко барбаган

Жамандыктын белгиси.
Орой болсоң таркылдап,
Наадандыктын белгиси.
Аялың алса бетинден
Адамдын келет өлгүсү.

Бууданы чыгып байге алса,
Аттын ээси сүйүнөт.
Күлүктүктүн белгиси -
Жер тандабай жүгүрөт.
Эки душман беттешсе,
Коркоктор жандан түңүлөт.
Өкүм конок кондурсаң,
Айлыңдын баары бүлүнөт.

Жайлоонун көркү ачылат
Жайылып жаткан мал менен.
Булбулдун көркү ачылат
Буралган кырчын тал менен.
Жигиттин көркү ачылат
Айнектей сулуу жар менен.

Торгой сайрайт уктабай,
Агарган шоола – таң менен.
Караандай адам иче албайт,
Чайдын көркү – нан менен.
Салкындын тиет пайдасы
Саратан – ысык жай менен.
Кубалашып ойносо,
Баланын көркү – тай менен.

Жалама зоого жаралган
Эчки, теке – кайберен.
Чубашып басса жарашат,
Төөнүн көркү – нар менен.
Чилденин көркү ачылат,
Ак кардуу суук кар менен.
Айылдын көркү ачылат,
Көк шибер майдан саз менен.

Дайранын көркү ачылат,
Айланган өрдөк, каз менен.
Кыйын иш бүтпөйт ойлосоң,
Жалгыз-жарым аз менен.
Кеңешпегин баш кошуп,
Кем акыл жаман пас менен.

Күлүктүн көркү ачылат,
Суутуп чапкан тер менен.
Өтүп кеткен өмүрүң –
Айланып кайра келбеген.
Жаңыртып сөздү чыгарып,
Жаак, тилди сермегем.
Артымда калсын бир нуска,
Айтайын, балдар, термеден.

Ак кагаз көрүп, жат албай,
Алтын жаак, жез таңдай
Акындар чыгат пендеден...
Кабарым угуп сыртымдан,
Көрбөгөн адам көп экен –
Ак калпак кыргыз жергемден.
Картайсам да, балдарым,
Таң атып, күндү чыгарып,
Баштайын узак термеден.

Аман келет алыстан,
Ажалы жетип өлбөгөн.
Ага-иниң кор кылат,
Айткан тилге көнбөгөн.
Акылы бар азамат,
Жаман ишти жөндөгөн.

Кызылды кийсе кыз-келин,
Кызыгат экен тирүү адам,
Ынтымагың болбосо,
Жеңе албайт жоону бир адам.
Каптаган душман ала албайт,
Тилектеш болсо миң адам.

Көптүк кылба жалгызга,
Көп тийбегин байкушка.
Чоңдук кылба жалгызга,
Чоң сүйлөбө байкушка.
Колдон келсе тартынбай,
Кайрылгыла карыпка.
Карыптын тиет пайдасы,
Чыгарсаң, балдар, жарыкка.

Акылы жок боз бала,
Уурулукка айланат.
Туура жолго түз жүрбөй,
Арамдык ишке жалданат.
Бекер этке кызыгып,
Пейлинен таап кармалат.
Кутулмакка алдастап,
Иши кара болсо да,
Иле менен карганат.
Артынан чыкса айыбы,
Кантип жүрүп актанат?
Теске салса түзөлүп,
Тетири иштен сактанат.

Тентек жүргөн жок болот,
Кайраттуу жигит шок болот.
Калдайган калың топ болсо,
Калыс сүйлөп октолот.

Арамдык кылган кишинин,
Аягы жипсиз байланат,
«Кармалган ууру ушул» – деп,
Кара малча айдалат.

Жакшы адамдын белгиси –
Жашырбай айтат билгенин.
Бар тамагын аябай,
Чакырып алат сүйгөнүн.

Чала тоют болгонсуп,
Чакырбас үйгө кирбегин.
Болор жигит порумдап,
Жасап коёт үйлөрүн.
Азамат болсоң, жаш балдар,
Жамандык ишке күлбөгүн.
Жаңшаган жаак, кызыл тил,
Булбулдай мукам сүйлөгүн.
Кыргызга калсын бир нуска
Ыр менен комуз күүлөрүм.

Кыштын күнү алыска,
Кашаң атты минбегин.
Ай-талаада айыл жок,
Азап тартып жүрбөгүн.
Жетекке баспай тартынып,
Жегизет, азап күндөрүн...
Арамза жигит бузуктун –
Алдоосуна кирбегин.
Ал бузуктар көрө албайт,
Ак май чайнап жүргөнүң.

Жатпагыла, боз балдар,
Жаш убакта бекерге,
Жок жерден сөздөр табылат,
Жаңшаган кыйын чеченге.
Какшадым ырдап талыкпай,
Калк чогулган неченге.
Жаштардын жакшы талабы,
Жакшылык ишке жетүүгө...

Душманыңдан жалтанып,
Кайра тартып коркпогун.
Кара ниет адамды,
Катарыңа кошпогун.
Ак ниеттүү адамды,
Кесир кылып тоспогун.

Ырдачу тилим куюлуп,
Ырдын кенин козгогун.

Жолобо, балдар, зыянга,
Күнүмдүк ишке кубанба.
Токондун айткан насаатын,
Эсиңерден чыгарба.
Жаның болсо, камынгын,
Жазгысын эмгек кыларга.
Кыюусу келсе сөзүңдүн,
Кезектүү кептен уялба.
Жаш кезинден, эр жигит,
Жалак болуп суранба.
Агарып сакал картайдым,
Аттанып үйдөн чыгарга.

Беш тыйын бербе март болуп,
Пейили жаман бузукка.
Бекер тамак ичем – деп,
Адам болсоң, кызыкпа.
Туура сүйлө тууганга,
Жакындаба жанына –
Акылы жок урганга.
Кантип ичиң бук болбойт,
Бекер карап турганда?
Ээрчигиле эринбей,
Алал ниет кылганга.
Ага-ини көөнүн калтырба,
Алагар көзүн кылайтып,
Ажал келет бир жанга.

Далай түркүн адам бар,
Тамаша кепти сүйбөгөн.
Жамандык санап ичинен,
Жакшылык ишке күлбөгөн.
Ала көөдөн андайлар,
Адамдын жайын билбеген.

Жаман адам көпкөндө,
Жакшыны көзгө илбеген.
Сөзгө конок бербестен,
Өз билгенин сүйлөгөн.
Жаш кезимде талыкпай,
Сайрачу элем тил менен.
Акын Токоң айдалып,
Азап тарткан түрмөдөн.
Алдамчы, жалкоо курусун,
Пайдасы журтка тийбеген.

Жалганда ишиң оңолот,
Жакшы болсо алганың.
Адамга жыргал эмеспи,
Аталап турса балдарың.
Айылдаш коңшу кишиңе,
Чакырбаса, барбагын.
Кумарчыга кошулуп,
Чатагына калбагын.
Пейили бузук адамдан –
Беш тыйын карыз албагын.

Азамат болсоң, боз балдар,
Ачык айтып, ак сүйлө.
Орундуу кепти талашып,
Онтобой сөздү бат сүйлө.
Бирде бар да, бирде жок,
Опосу жок шум дүйнө.
Алмадай болгон башыңды,
Алып тынат куу дүйнө.

Тууганыңды жамандап,
Душманыңа качпагын.
Жолдошуңду жамандап,
Абийириңди ачпагын,
Айдалып Токоң Сибирде,
Азабын тарткан ачканын.

Адам болсоң, туура жүр,
Кылт этип кыйшык баспагын.
Артымда калсын бир нуска,
Жаштарым, сага таштадым.
Айтышып калган жеринден,
Акылың болсо качпагын.

Ак калпак кыргыз калкыма,
Алтындай сөзүм чачкамын.
Көкүрөктө ырымдын
Ачкычын бурап ачкамын.
Эриккенде элиме,
Эрмектеген дастаным.
Адал болсо пейилиң,
Арам ишти таштагын.

Экөөгө бирөө бата албайт,
Аттуруга жөө жете албайт.
Туура жүргөн азамат,
Туугандан алыс кете албайт.
Кайраттуунун алдынан,
Каршы душман өтө албайт.

Уурулар жүрөт түн катып,
Мекендеп элсиз талааны.
Бекер малга кызыгып,
Ачылып кетет арааны.
Топ жыйында сайраган,
Торгойдой Токоң сабагы.
Кара мүртөз адамдын,
Карыш түшөт кабагы.
Андайларга кошпогун,
Жакшы чыгар баланы.
Уурулукка жыгылат,
Тирүү адамдын жаманы.
Жакшылыкка бет алган,
Узарат жаштын кадамы.

Күкүк-Зейнеп чакырат,
Бирин бири таба албай.
Кекенип жүргөн адам көп,
Душмандан кегин ала албай.
Кайратсыз адам коркунчаак,
Касташкан жоого бара албай.
Түрү болот наадандын,
Тоодогу жапан камандай.
Акылсыз адам көп чыгат,
Өткөн ишти кектеген.
Артынан ушак кеп айтып,
Акырына жетпеген.

Жаман чыкса аялың,
Булуттуу күндөй сурданып,
Бүркөп турат кабагын.
Карандай карап отуруп,
Калдыратат табагын.
Эптеп күтүп ала албайт,
Үйүнө келген адамын.
Өзүнүн билбейт башында,
Көрүнүп турган жаманын.

Асмандан балкып күн тийсе,
Шооласы жерге төгүлөт.
Ажал келсе бир күнү,
Алмадай болгон кайран баш,
Ага-иниден бөлүнөт.

Табына келген буудандар,
Суулугун чайнап кемирет.
Калдайган калың топ болсо,
Картайган Токоң талыкпай,
Булбулдай болуп элирет.

Укурук салбас азоолор,
Жүгөндөп минсең көнүгөт.

Белсенип жумуш кылгандан,
Акылсыз адам эринет.
Кызыкпа, балдар, бекерге,
Саргайып адам зеригет.

Бириндеп булут бөлүнсө,
Күндүн көзү ачылат.
Асмандан жамгыр төгүлсө,
Чөптүн гүлү ачылат.
Дыйканчылык, айдасаң,
Жердин гүлү ачылат.
Акындар сайрап ырдаса,
Элдин гүлү ачылат.

Кезектүү сөзгө тең болбой,
Жаман адам басынат.
Коном деп барсаң андайга,
Жайым жок деп жер карап,
Чекесин сыйпап кашынат.
Пейилин бузуп меймандан,
Бар тамагын жашырат.

Мүнүшкөр салат бүркүтүн,
Агытып кошо тайганын.
Кууп жөнөйт артынан,
Көрөмүн деп алганын.
Кыйкырып чаап байкабайт,
Атынын чарчап калганын.
Кызыгы кыйын бүркүттүн,
Камчы кылып балдагын.
Тапка келбес бүркүттү,
Жалгыз чыгып салбагын.
Ачуусу келсе качырат,
Арманда болуп калбагын.

Ат үстүнөн алдырып,
Акылыңдан танбагын.
Көрүнгөнгө мактанып,

Көтөрүлүп калбагын.
Кыз алган жарды «жаман» – деп,
Акылың болсо чанбагын.
Оң колуңдун ачуусун,
Сол колуң менен кармагын.
Ак калпак кыргыз элиме,
Адашпай, тилим, сайрагын!

## КУРДАШТЫН КӨӨНҮН БИЛИП ӨТ

Аттууга жөө жете албайт,
Экөөгө бирөө бата албайт.
Эки ат минген кеч калбайт,
Элдүү түлкү ач калбайт.
Эр жигиттин белгиси:
Эч нерседен жалтанбайт.

Чаң созулат тамандан,
Жакшылык келбейт жамандан.
Кылчайып келип бир тийип,
Кыялы орой камандан.

Оройлук белги болушта,
Окуунун кени оруста.
Оюң менен күү чалып,
Ойнокто, колум, комузга.

Азамат эрдин жүрүшү
Аргымак аттай арыштайт.
Кол таягы болсо да,
Курбусунан калышпайт.
Жалган-жашык сөз сүйлөп,
Жамандыкка барышпайт.

Ак пейилдүү азамат
Адамга кылбайт кыянат.

Бойго жеткен кызга окшоп,
Болумсуз иштен уялат.
Оргу-баргы сүйлөбөй
Орундуу болот азамат.
Акылы толук азамат
Алдоо сөзгө бат кирбейт.
Асылчу болсо бир душман
Амалын таап жеткирбейт.
Жаман менен баш койсоң
Таң атпайт да, кеч кирбейт.
Ай тегерек, сабы жок,
Алты миң жылдыз жаркырап,
Аяктай Айча табы жок.

Жарганаттын жүнү жок,
Айбанаттын тили жок.
Мектепке атам берген жок,
Мааниге тилим келген жок.
Жакшы адамда наалуу жок,
Жалкоо, наадан иштебей,
Жатып ичет каруу жок.
Апырылтып калп айтып,
Ала өпкө болот ары жок.
Кээ бирөөнүн уулу жок,
Уулу жоктун мууну жок.
Дыйкандардын карды ток,
Соодагерде нысап жок.

Бирди тапсаң кийип өт,
Бирди тапсаң минип өт,
Жаш күнүңдүн ыраатын
Жаштыгыңда сүрүп өт.
Кубанышып бир жүрүп,
Курдаштын көөнүн билип өт.

Кары да бол, жаш да бол,
Кадырлашкын тирүүндө.

Калат го бир күн алтын баш
Казылган көрдүн түбүндө.

## КЕЛГЕНДЕГИ КЕРБЕЗИМ

Эки колду кишендеп,
Байлаганда кербезим.
Элден бөлүп башымды,
Айдаганда кербезим.
Эмгек тартып кызыл тил,
Сайраганда кербезим.
Эки көзүм түрмөдө,
Жайнаганда кербезим.

Кайран колду кишендеп,
Байлаганда кербезим.
Калктан бөлүп башымды,
Айдаганда кербезим.
Капа тартып кызыл тил,
Сайраганда кербезим.
Кара көзүм түрмөдө,
Жайнаганда кербезим.

Алты жылы пияда,
Баскандагы кербезим.
Алтындын кенин талкалап,
Казгандагы кербезим.
Ак падыша залимге
Жазгандагы кербезим.
Айдалып жүрүп азапты,
Тарткандагы кербезим.

Жети жылы пияда,
Баскандагы кербезим.
Жездин кенин талкалап,
Казгандагы кербезим.

Жезиттин каны залимге,
«Жазгандагы» кербезим.
Жети жылы мээнетти –
Тарткандагы кербезим.

Боз тоголок бүргө этим,
Чаккандагы кербезим.
Боздоп ыйлап түрмөдө,
Жаткандагы кербезим.
Боору ооруп барышня,
Баккандагы кербезим.
Борумдуу кыргыз элимди –
Тапкандагы кербезим.

Сары тоголок бүргө этим,
Чаккандагы кербезим.
Зарлап, ыйлап түрмөдө,
Жаткандагы кербезим.
Садагасы барышня –
Баккандагы кербезим.
Сары алтын кыргыз көп элди,
Тапкандагы кербезим!..

## ТЕГИРМЕНЧИНИН ҮЙҮНДӨ

Жанаалы деген тегирменчинин үйүндө Токтогул келди деп угуп, шашып жөнөп калдым. Салам айтып кирип бардым. Жанаалы: «Кел, Калык, Токоңдон үйрөнүп кал» – деди. Чогулган элге карата Токтогул саламдашып минтип ырдады:

**Т о к т о г у л:**

Көпчүлүк журтум, аманбы?
Көргөнүм айтсам жаманбы?
Көңүлүңө салайын,
Көйтүндө көргөн заманды.

Калкымдан насип жок болсо,
Кайрылып элди табамбы?

Көргөнү кайгы Токтогул,
Көп жылдар элден адашкан.
Көпчүлүктөн түңүлүп,
Көйтүнгө чейин жөө баскан.
Базарга сатчу малындай,
Солдаттар айдап тынбастан,
Кыйналбай өлүп кетерге,
Кабар жок жетер ажалдан.
Кайгынын күнүн өткөрүп,
Кайрылып келдим карып жан.

Жамандыкты көп көрүп,
Жашыды жалын жүрөгүм.
Эңсеген элдин баарына,
Эсендешип жүрөмүн.
Айланайын калың журт,
Алдыңа салып сүрөгүн.
Кайгы дартым күбүлүп,
Кабыл болду тилегим.

Көзүмдүн курчу чачырап,
Көтөрдүм шорду жонума.
Күнөөсүз айдап алпарып,
Көк темир салды колума.

Падыша залим, төрөнүн,
Бактысы качан байланат?
Агынан кеткен бизчилеп,
Алар качан айдалат?
Качканын көрөр күн болсо,
Туш-туштан кирсек пайзалап.
Тукумун үзүп түгөтсөк,
Топурактай майдалап.

Адилетсиз залимдин,
Алымы качан жоголот?
Көйтүнгө кетип бизчилеп,
Алар качан кор болот?
Кара жер казып, жөө басып,
Кандуу тер акса шорголоп.
Шаңшыган шайыр күү чертип,
Карап турсам жорголоп.
Падыша залим баш болуп,
Бардык ак сөөк жоголсо,
Мителерден кутулуп,
Биздин заман оңолсо.

Булутсуз чыккан Ай, Күндөй,
Жарыктык дүйнө тоголсо.
Жарды, жалчы, букара,
Жакшылык күнгө ээ болсо.
Ошо күндү бир көрсөм,
Ошол замат мен өлсөм,
Калбас эле арманым.
Чыгар эле көңүлдөн,
Залимден көргөн зарларым.

Былтыр келдим жаңыдан,
Түндүк Сибирь жагынан.
Забайкал, Үркүт, Көйтүндөн,
Мен барган жерде миң сандап,
Мундуулар бар кишенчен,
Качаган аттай кол бутун –
Чынжырлаган ишенсең.

Ала-Тоодо айдыңдуу,
Ак калпак кыргыз элим сен.
Асмандап учкан куш элем,
Айланып аман келдим мен.
Кадырын сурап келатам,
Өйүз-бүйүз баарыңын.
Жаркырап көрдүм жүзүңдү,

Жазы кыргыз жайыгым.
Жаштарыңды биле албай,
Жалгыз Жанаалыны тааныдым.
Ушак айтпай түз жүрүп,
Уят болбой оокат кыл.
Падышанын заманы –
Тарып барат жылдан жыл.
Кары да бол, жаш да бол,
Кызматыңды ылдам кыл.
Сагынып келген Токондун,
Саламдашкан сөзү бул.

Токтогул Сибирде өткөргөн күндөрүн ырдап отурду. Элдин алды ыйлап, аркасы жашыды. Токтогул ал ырын таштап, элди күлдүрүп, Жанаалынын тегирменин кошуп ырдады:

Ийри-Күнгөй, Кош-Таштан,
Ийи майда беш таштан,
Жара чаап түшүрдүң –
Жабыктай болгон боз таштан.
Тегирменге таш чапкан,
Усталыгың айтылсын,
Убай-чубай бир баштан.
Теңтуш элек экөөбүз,
Тепкедей кезде сырдашкан.

Зооттон чыккан эмедей,
Астыңкы бети кызыл таш,
Абыдан бекем салыпсың,
Аз болсо он жыл бузулбас.
Каласын бербей тартабы,
Куда-сөөк, карындаш?
Ал өз жакының эмеспи,
Алсаң да, сага таарынбас.
Андан көрө, Жанаалы,
Алыскы элге кадырлаш.

Калган кадыр, өлгөн жан
Кайгырган менен табылбас.

Арыгыңдын алышын,
Абыдан терең алгансың.
Жасалгалуу мүлкүңдү,
Жайлуу жерге салгансың.
Жадабай ишке берилген,
Жаш күнүңдөн балбансың.

Шимегин курчтан чыңаттың,
Огун оюп кынаттың.
Бургусун күндө бекитип,
Ыргайдан шынаа мык кактың.
Картайганча кажанып,
Кайрат менен мал таптың.
Таман акы, маңдай тер,
Таалайың бар, жан бактың.

Жалпы журтка пайдалуу,
Жакшылап чексең тегирмен,
Жайы, кышы өксүтпөй,
Буудайдын нанын жедирген.
Казы байлап Жанаалы,
Капталын чыңап семирген.

Аңгыча өзүнүн аты жемсиз калганы эсине түшө калып, Жанаалыны карай ырдаганы:

Окуранып жер чапчып,
Оңурандайт Актуяк.
Отурган бойдон унутуп,
Атыма болдум чоң уят.
Каңтарган бойдон эмгиче
Айбан үчүн тим турат.
Адам болуп ач калса,
Ыйлайт эле буркурап.
Эстетип койсоң болбойбу,

Жанымда жүргөн шум бала.
Ат болбосо экөөбүз –
Айылчылар күн кана?
Ачып алып кампаны,
Салып чыккын арпаны.
Өзүбүз чыгып илбесек,
Башкадан пайда артпады.
Токтогула, туугандар,
Кумарыңар таркады.
Эмгиче аты жем жебей,
Эрмегиң Токоң чарчады.

Отурган элдин баары кыраан-каткы күлүп калды. Жанаалы жембаштыктын жарымынан жем салып келди эле, Током жембаштыкты колуна алып элди күлдүрүп, ага карай кайта ырдады:

Ээ, түгөнгөн Жанаалы,
Сенин убадаң кана, жанагы,
Бир күнкү келген конокко,
Ушунчадан жем берсең,
Сенин өзүңө оокат калабы?
Бир ат тоёр жем үчүн,
Түн катып кайда баралы?
Таанnetwork,
Жанымда жүргөн баламы?
Бир атыма муну илсем,
Бир атым ачка калабы?

Кайра салып алдыңбы,
Бир баштык жемдин жарымын?
Же жарып кетет дедиңби,
Аттарынын карынын?

Элде жүрөр бекемин
Кайрат кылам, калкым бар.
Калкында Токоң жаркылдар.
Ырыстуу кыргыз элимде
Таалайым бар, баркым бар.

Кыз-келин тушта дүбүрөп,
Акырын сүйлөп күбүрөп,
Туурдукту туштан түрүшөт,
Шыкаалашып карашып,
Шыңкылдашып күлүшөт.

Бирине бири шыбырап,
Жылдыздай көзү жыбырап.
Жаш өмүрдүн белгиси –
Жарык күйгөн шам чырак.
Жаңы бышкан алманын
Кызылындай адамдын
Мууну бошойт шалдырап.

Тиш түшкөндө, тил калат,
Сүйлөй албай балдырап.
Доочу келсе күнүгө
Мээң катат каңгырап.
Жаштарга мисал көрсөтөт,
Жайлоодо жашыл жалбырак.
Күзүндө барып карасаң
Күбүлгөн куурап калдырап.
Ошондон мисал ойлосом
Жоё элек жүргөн экенсиң,
Жокчулуктун калыбын.

Күлбөгөн киши калган жок, Жанаалы уялып кетип чуркап чыгып, каптын кулагынан арпа салып келди. Токтогул жанындагы балага: «Тур, балам, аттарыңа жем илип кел, адамдын канаты ат, аттан кийин жат» деген карыялардын сөзү бар деди да, кайра ырдады.

Эч жазыгым жок туруп,
Элден кеттим токтоосуз.
Алтымыш эки кишиден,
Араң калдык он тогуз.
Тынчыбыз кетип кыйналып,

Тырмагы уу колдобуз.
Түндүк Сибирь, күн тийбейт,
Жайы, кышы көпкөк муз.
Кол, бут катып темирге,
Өлдүк го деп коркобуз.
Көргөн жабыр жапаалар,
Көңүлүмдөн эч калгыс.
Уктасам кетпейт түшүмдөн,
Улутум ушул топ кыргыз.

Бошогондо Сибирден,
Учкум келди канатсыз.
Туз насип буйруп калкымдан,
Тууганга жетип жан тынган.
Түрү суук душмандар,
Кууйт деп корком артымдан.

Туулуп өсүп көз ачкан,
Жерде жүрөр бекемин?
Кең пейилдүү көп кыргыз,
Элде жүрөр бекемин?

Жашчылыкта жайнагын,
От жаккан казан сыяктуу,
Оргуп-оргуп кайнагын.
Жазгы чыккан булбулдай,
Жанаша конуп сайрагын.
Ырыс алды – ынтымак,
Бирдигиңден тайбагын.

Тиш – ырыскы, тил – дөөлөт,
Тирүү жүрсөң бир дөөлөт.
Ажал чиркин башында,
Акыры адам бир өлөт.
Ажал менен өлүмгө,
Алы жетсе ким көнөт?

Таңшып көнгөн Токтогул,
Таң атканча талыбайм.
Тартынсам, эгер жарыбайм.
Тагдырым жетип өлбөсөм,
Таалайым бар, карыбайм.
Ыраспы сөзүм, Жанаалы?
Кубантайын кулпунтуп,
Ини менен аганы.

Дагы бир тааныт өзүмө,
Жанагы ырчы баланы.
Жетиле элек жаш экен,
Акындыгы чалабы?
Айта келсе оолугуп,
Ар бир сөзү даанабы?
Кандай экен, Жанаалы,
Бу баландын талабы?
Жакшы ырдасаң кубанат –
Жазы кыргыз танабы.

Токтогул ырдап басылды. «Жанагы ырчы бала кайда?» дегенде эле эки жагымдагы элдин баары: «Мына Калык, мында отурат» – деп калышты. Токтогул: «Кана, баштагын балам» – деди. Эл дагы: «Ырда, ырда!» – деп жаалап кетишти. Ошондо саламдашып ырдаганым:

**К а л ы к:**

Аргымак аттай арыштап,
Ар дубанга жүгүргөн.
Колуңа комуз алганда,
Кубанып калың эл күлгөн.
Үлгүңдү алып калсам – деп,
Учураштым бүгүн мен.

Жакырлык жаба токунуп,
Жалчылыкта турамын.

Жаш балапан күнүмдөн,
Жамандыкка чыдадым,
Жарганаттай баланды,
Токо, жакшы байкап сынагын?
Жактырсаң мени чыңагын,
Жакшы жолго көндүрсөң,
Болом го түбү ынагың.

Жабыктырып үстүмө,
Жаба минди жаман тон.
Өлбөсөм өсүп кетем – деп,
Ишенемин, тилек чоң.

Басылбаймын ырдасам,
Бозо салган жерлерге.
Адиссиң деп ырдаймын,
Аркар аткан мергенге.
Айтып ырдар алым жок,
Аш, той берген элдерге.
Атамдан ысык көрүндүң,
Акын Током келгенде.
Бакты-дөөлөт ырыскы,
Мартабаң бар жергенде.

Томуктай болгон балаңа,
Током берсең батаңды.
Топ жыйында шаңкылдап,
Жазар элем капамды.
Токтогулдун шакирти,
Торгой Калык атансам.
Тобурчак минип топ жарып,
Тонумду таштап жасансам.

Балапан куштай талпынып,
Канат күүлөп жүрөмүн.
Жакшы айткан киши көрүнсө,

Жалындайт ысып жүрөгүм.
Үлгүлүү нуска үйрөтүп,
Токо, чукул коштоп сүрөгүн?..

## ТОЙДОГУ АЙТЫШ

Нусуп ажы деген той берди. Анжиян, Арканын акындары бүт келишти. Аксыдан Жеңижок, Анжыян жактагы кыргыздардан: атактуу ырчы Бекназар жана Карамырза, Кара, Жолдош дегендер, Кетмен-Төбөдөн: Токтогул, Эшмамбет, Курман, Жаңыбай, Накен, Жолой жана мен. «Ушул тойдо ырчыларды айтыштырат деген кабар айылдан айылга тараган болучу. Эл чогулуп келгенден кийин жыйырмадан ашуун ырчылар даярданып калдык. Ошондо бир жак көзүн ак жаап калган, карылыгы жеткен Накенди карай Карамырза минтип ырдап калды:

**К а р а м ы р з а:**

Карыя Накен, карыпсың,
Карылыкка барыпсың.
Карылыктын үстүнө –
Ак көз болуп алыпсың.
Сол көзүңдөн ажырап,
Сокур болуп калыпсың.
Колуң кетпей тырманып,
Котур болуп алыпсың.
Оң көзүңдү, Накеним,
Окура басып калыптыр.
Оозуңда бүдүр тиш калбай,
Азуусунан чалыптыр.
Карыганча топко ырдап,
Акылынан таныптыр.
Топугуң кеткен, Накеним,

Тойго ырдайсың күнүгө,
Тоголонуп атыңдан,
Кулап өлбө түбүндө.
Алдыңда кызыл атыңдын –
Жалын бештен өрөсүң.
Жыргап жаткан элиңдин,
Жыйынын кантип көрөсүң?
Жалгыз көзүң карайлап,
Жардан учуп өлөсүң.
Таалайың качып, Накеним,
Тарыган го мүнөзүң?
Алтымышты ашканча,
Өлбөй неге жүрөсүң?
Оозуңда жалгыз тишиң жок,
Оңураңдап ырдайсың.
Өнөрүңө ишенип,
Өлмөйүнчө тынбайсың.
Жайлуу жерге барганда,
Жалгыз көзүң ымдайсың.
Тишиң түшүп, тил калган,
Эби келбейт сүйлөөгө.
Эмдигиче өлбөйсүң,
Пул бердиңби дүйнөгө?..

Карамырза Накенди шылдыңдап ырдап басылганда, Токтогул, биринчиден, Накендин көңүлүн көтөрүп, экинчиден, ынтымак болсун деп ырдады:

**Т о к т о г у л:**

Анжыяндык, аркалык,
Баш кошконун айталык.
Алышкан итче кабышпай,
Аман-эсен кайталык.
Карамырза, сөзүңдүн –
Калтысы чыкты байкалып.
Тегерете тийиштиң,

Тебеген чалпоо жылкыдай.
Карамырза, качырып,
Каптай кирдиң тынчыбай.
Кадырлашсаң болбойбу,
Кабыргадан чымчыбай?

Амандыкка келишпей,
Азоо аттай тебишпей,
Асыла кетсең жакшыбы?
Аксакал Накен карыя,
Акын эмес, бакшыбы?
Карамырза акындын –
Бул эмне какшыгы?
Ызаатың жок, сыйың жок,
Ыркыраган иттейсиң.
Өтпөс өч, кетпес кек бардай,
Мынча неге зиттейсиң?
Жетимиште атаңды –
Жерге тирүү көмдүңбү?
Жергелүү элдин карысын,
Желмогуздай көрдүңбү?

Алтымышта энеңди,
Көргө тирүү көмдүңбү?
Арканын Накен карысын –
Албарстыдай көрдүңбү?
Ата-энеңден кутулуп,
Анан мында келдиңби?

Атаң менен энеңди,
Өлтүрүп келген баштанып,
Жапырандап ырдайсың –
Уруулуу элди башкарып,
Урматты, сыйды билбейсиң,
Опураңдап какшанып.

Эр азамат салышып,
Жан аябай жоодо өлгөн.
Акылы толук азамат –
Адам уулун тең көргөн.
Ажалы жетсе, кээ бирөө
Агыны катуу сууда өлгөн.
Кээ адамдын өмүрү,
Узун жашап, күн көргөн.
Ооругу болуп онтолоп,
Кээ бир адам үйдө өлгөн.
Ажал жетип, кээ бирөө
Зоодон кулап, жарда өлгөн.
Анда бирөө жыргаса,
Мында бирөө зар көргөн.
Абалтан адам өлбөсө,
Атаңдын кана атасы?
Дүнүйө-мүлкүң тозбосо,
Тонуңдун кана жакасы?
Эзелден адам өлбөсө,
Энеңдин кана энеси?
Сынбас-бүлбөс бар бекен,
Бу дүйнөнүн чегеси?

Ойнойт десем, чындадың,
Олутун таап ырдагын.
Оң менен Солду ырдаган,
Орошон Токоң мындамын.
Тамаша десем, чындадың,
Дайынын таап ырдагын.
Далай жерди арыткан
Даңктуу Токоң мындамын.
Кажашам деп ойлобой,
Карамырза, тыңдагын!

Ынтымак жакшы, ырк жакшы,
Ынтымактуу журт жакшы.
Кош айтышып сыйлашып,

Тараганың куп жакшы.
Өлүп кетсек бирибиз,
Өкүнүшөр ый жакшы.
Тирүү болуп көрүшсөк,
«Сиз», «биз» деген сый жакшы.

Орусия элинде,
Сибирдин түндүк чегинде,
Көйтүн менен Забайкал,
Көргөнүм айтам кулак сал.
Аралап көрдүм далайды,
Бириңди бириң жат көрүп,
Сүйбөгөнүң жарайбы?
Ыркырабай, ырчылар,
Ынтымактуу тарайлы.

Катынды мээнет чырмаса,
Эри өлүп кара жамынат.
«Каражолтой болду» – деп,
Үстүнө ушак жабылат.
Кушту мээнет чырмаса,
Жердеги торго чалынат.
Момунду мээнет чырмаса,
Залим менен дос болот.
Бардык малы түгөнүп,
Анын зайыбы үйдөн козголот.

Жылкыны мээнет чырмаса,
Үйрүнөн жалгыз бөлүнөт.
Таппай калса ээси,
Тарпы калат бөрү жеп.
Эчкини мээнет чырмаса,
Тыйтак болуп, эт кетет.
Кала берсе баса албай,
Кашкулак басып жеп кетет.

Баланы мээнет чырмаса,
Жетим калып, таз болот.

Жетилгиче «шүмшүк» – деп,
Жеңелери кас болот.

Атты мээнет чырмаса,
Алдыңкы буттан басынат.
Төөнү мээнет чырмаса,
Котур болуп кашынат.
Ырчыны мээнет чырмаса,
Бирине бири асылат.
Ушуну менен, акындар,
Токондун сөзү басылат.

Бардык ырчылар бул сөздү жүйө көрүшүп, оройлук кылган Карамырзаны аябай жектешти.

## АНЖЫЯН ТАРАБЫНДА

Арадан бир жыл өттү. Токтогул мага: «Балам, Анжыян тарапта эл көп, аш-тою да көп болот, Сибирден кайткандан бери бара элекмин, ошол жакка барып элдин көңүлүн ачалы» – деди. Мен макул болдум. Ошентип, Анжыян багытындагы кыргыздарга барып калдык. Токтогул айткандай эле тойаштын болуп жаткан учуру экен. Аңгыча Мырзакулбек деген чоң той берип калды. Ошол тойдогу ат чабышта Маман деген дыйкандын Акбайпак деген күлүк аты чыгып келди. (Манаптар эчен курдай сатып алабыз дешсе да сатпай коюптур.) Маман байгеге эки миң сом, эки түп терек, бир ат арабасы менен, эки өгүз буурусун, окто тиш-тиркичи менен алды. Ошондо Токтогул экөөбүз Мамандын өзүн жана Акбайпагын кошуп ырдап калдык.

Т о к т о г у л:

Айткын, балам, элирип,
Аты чыккан Маманды.

К а л ы к:

Акбайпагың топ жарган,
Азамат Маман, аманбы?

Т о к т о г у л:

Курсакта жатып жай болгон,
Кулун туулуп тай болгон.

К а л ы к:

Тай кезинде таптаган,
Кунанында мактаган.

Т о к т о г у л:

«Бузулуп калар бекен» – деп,
Быштысында чаппаган.

К а л ы к:

«Анык күлүк болот» – деп,
Асыйына сактаган.

Т о к т о г у л:

Асылган менен манапка,
Ыраа көрүп сатпаган.

К а л ы к:

Таалайың бар, эр Маман,
Бу бактыңа келген Акбайпак.

Т о к т о г у л:

Күчү кетип далай ат,
Жолдо калды баш чайкап.

К а л ы к:

Ар мүчөсү келишкен,
Тоо текедей тору экен.

Т о к т о г у л:

Күндө чыгып, байге алган,
Балам, күлүк түгү зор экен.

К а л ы к:

Катар, катар аң келсе,
Кабаты менен чураган.

Т о к т о г у л:

Аягынан чыккан чаң,
Жөө тумандай бураган.

К а л ы к:

Баткакка буту батпаган,
Чылалуу жерге жатпаган.

Т о к т о г у л:

Ташка салса тайгылбас,
Туягы болот жаралган.

К а л ы к:

Чыгарын билип эр Маман,
Чык калтырбай тер алган.

Т о к т о г у л:

Аркан бою жар келсе,
Арыштай түшүп аттаган.

К а л ы к:

Тулпар сындуу Акбайпак,
Туулганбы маралдан?

Т о к т о г у л:

Көз илээшпейт жүгүрсө,
Жаныбар жаралганбы шамалдан.

К а л ы к:

Өзүндө тубар бээси жок,
Эр Маман муну кайдан таап алган?

Т о к т о г у л:

Бактысына туш келип,
Балам, жолуккан го бир малдан.

К а л ы к:

Токтогул, Калык ырдаса,
Толкундап Маман шаңданган.

Т о к т о г у л:

Акбайпагың чыкканга,
Анжыян, Арка таң калган.

К а л ы к:

Эл ичинде, эр Маман,
Калган жок сенде эч арман.

Т о к т о г у л:

Аты чыккан Маманды,
Айта түшкүн, Калыгым.

К а л ы к:

Бөлүп берет Маманың
Токо, байгесинин жарымын.

Т о к т о г у л:

Балам, жарылып кетип жүрбөсүн,
Аш кыла албай карынын?

К а л ы к:

Бербей койчу киши эмес,
Токо, пейлин көрүп тааныдым.

Т о к т о г у л:

Бир аргымак бергин – деп,
Айтпайсыңбы аныгын?

К а л ы к:

Манап менен байга айтсак,
Үчтөн-төрттөн сом берет.

Т о к т о г у л:

Абдан марттык кылганы –
Алеки чапан тон берет.

К а л ы к:

Марттык кылар убагы,
Токо, Маман бизге чоң берет.

Т о к т о г у л:

Биз дагы байлап чапкыдай,
Бир аргымак берсе оң келет!

К а л ы к:

Тобурчак берсең, Мамаке,
Токулуу болсун ээри?

Т о к т о г у л:

Көк бөрүгө чапкыдай,
Жоору жок болсун зээри.

К а л ы к:

Ооздук тиштеп оолукма,
Кыялы болсун жиндидей.

Т о к т о г у л:

Көк бөрү болсо, асылып,
Чабендес сурап мингидей.

К а л ы к:

Берсең берер кезегиң,
Марттык кылсаң бир атты.

Т о к т о г у л:

Дүнүйө деген чиркиниң,
Жакын кылат ыраакты.

К а л ы к:

Макем берсе, бир атка
Куржун арта кетели?

Т о к т о г у л:

Чапаны көп Токондун –
Болбой турат жетеги!

К а л ы к:

Берсе берип коёт ко,
Бир байталдын тезеги...

Токтогул экөөбүз алым-сабак ырдап турдук. Курчап алган миңдеген эл. Маман бир кишиге сүйлөшүп турду да, баласын чакырды. Баласына: «Түш балам, атыңдын ээрин ал, мына бу акындарга беремин», – деди. Ал түшүп, ээрин алды. Током көмөлөнүп кошо эле түшүп токуна баштады. «Балам Калык, аттын ээр-токум, жүгөн-куюшканына уйкалыштырып Токтогул дей бер, дагы бир сыйра элге күлкү салалы» – деди. Ошондогу менин баштаганым:

К а л ы к:

Жүздүктөй кашка ат миндиң,
Жүрбөйсүңбү Токтогул?

Т о к т о г у л:

Жүрөктүн чери жазылды,
Балам,жүгөндөйүн токтогун!

К а л ы к:

Оозу жорго жан элең,
Ойноктогун, Токтогул.

Т о к т о г у л:

Оюмда бар менин да,
Балам, ооздуктайын токтогун.

К а л ы к:

Самаганың туш болду,
Сайрачы, булбул Токтогул!

Т о к т о г у л:

Сагалаган чунагым,
Сагактайын, токтогун.

К а л ы к:

Тобурчак берген Мамакең,
Теңиз экен, Токтогул.

Т о к т о г у л:

Текилдеген түгөнгүр,
Тердик салам, токтогун.

К а л ы к:

Жаңшап атып токунуп,
Жаңылып кетпе, Токтогул.

Т о к т о г у л:

Жаагың сынган, жубарымбек,
Жааз салайын, токтогун.

К а л ы к:

Элдин баарын күлдүрүп,
Элирчи, булбул Токтогул?

Т о к т о г у л:

Элтеңдеген жубарымбек,
Ээр салайын, токтогун.

К а л ы к:

Курчаган элдин ичинде,
Кулжуңдайсың, Токтогул.

Т о к т о г у л:

Куру эле жүрөт дейсиңби?
Балам, куюшкан салам, токтогун.

К а л ы к:

Көпчүлүктүн кубанычын,
Көрбөйсүңбү Токтогул?

Т о к т о г у л:

Күпүлдөгөн жубарымбек,
Көрпөчө салам токтогун.

К а л ы к:

Бастырмак болду калың эл,
Бачым жүргүн, Токтогул.

Т о к т о г у л:

Барабыз балам, артынан,
Басмайыл тартам, токтогун.

К а л ы к:

Калың элди кубантып,
Каркылдайсың Токтогул.

Т о к т о г у л:

Карбаластап тынбайсың,
О балам, камчымды алам, токтогун.

К а л ы к:

Илбериңки тил алгыч,
Иниң элем, Токтогул.

Т о к т о г у л:

Бу көк кашка күлүктү
Минейин, балам, токтогун.

Токтогул токунуп минип бастырды, көк кашканын жоргосу бар экен. Токомду карай ырдадым:

К а л ы к:

Толкуган кыргыз элиндин,
Токо, тоюнан алдың көп кашка.

Т о к т о г у л:

Токоңо кудай буюрган,
О балам, бу тоту куштай көк кашка.

К а л ы к:

Ар дубанды аралап,
Аштан алдың көп кашка.

Т о к т о г у л:

Анык күлүк болот го
Бу аркар шыйрак көк кашка.

К а л ы к:

Асыл тукум көрүнөт,
Айбандан сыны бир башка.

Т о к т о г у л:

Ырасын айтсаң Маманды,
Ылайык келди ырдашка.

К а л ы к:

Бастырып келсе, чайпалган,
Жол жоргосу дагы бар.

Т о к т о г у л:

Байкачы, балам, ушунун,
Байгеден ачкан багы бар.

К а л ы к:

Жоголуп кетсе – белгилүү,
Мандайында агы бар.

Т о к т о г у л:

Былтыр жаман миниптир,
Басмайыл кескен тагы бар.

К а л ы к:

Теги жаман мал эмес,
Токо, ардактап жакшы багып ал.

Т о к т о г у л:

Ак кежим үртүк жабуулап,
Жетелеп алып баралы.

К а л ы к:

Ат чабуучу баланын,
Токо, чыйрагынан табалы.

Т о к т о г у л:

Жайында чапсаң ылайык,
Кең, Суусамыр түз болот.

К а л ы к:

Шашпа, Токо, анчалык,
Мунун жүгүрчү кези күз болот.

Т о к т о г у л:

Балам, жеринен чыкса Көк кашка,
Жээрде жылкы жетпейт го?

К а л ы к:

Токо, жеринен чыкса бөлүнүп,
Баш байге бизден кетпейт го?

Т о к т о г у л:

Балам, байласак бузат дубанды,
Байкачы, сыны куланбы?

К а л ы к:

«Мактай жүрсүн элге» – деп,
Маманың берди бууданды.

Т о к т о г у л:

Байгесине алабыз –
Балам, күлүк чыкчу кунанды!
Көкүлүн көккө серпкенин
Көрүп көөнүм кубанды...

## МЫНДАН КӨӨНҮМ ИШЕНБЕЙТ

Иттин үнү угулса,
Эшикке чыга жүгүрөм,
Илгерки жорук келет – деп,
Ичи бузук бир душман
Имерип кармап берет – деп,
Эсил жандан түңүлөм.

Адашкан булбул мен элем,
Ак калпак кыргыз көп журтум,
Айдалып жүргөн жериме
Айланып жетсем деп жүрдүм.
Көңүлүмдөн кетпедиң,
Көчмөндүү кыргыз көп журтум,
Көңкү кыргыз элимди
Көрө албайм го деп жүрдүм.

Санаган сайын кыргызды
Эт жүрөгүм зырп этип,
Санаага жетпей Көйтүндө
Өлөм го дедим тырп этип.

Жаным тирүү, баш эсен,
Жалындап жүрөк дегдетип,

Жаркырады көңүлүм
Тилегиме мен жетип.
Атыр жыттуу абасы
Коңур-Өгүз, Коштуулук.
Кусамат болуп залымдан,
Айдалдым эле мен куулуп,
Азап тартып көп жылы
Аман келдим бурулуп.

Алты атамдан бер жакка
Арымда өстүм туулуп,
Араң жеттим элиме
Арам терден жуулуп.

Сары оору жүрөк чечилди,
Саламат көрдүм четиңди.
Калың журт, сени тапканда,
Кайнаган күнөөм кечилди.

Кутулуп келдим күнөөдөн,
Колго түшүп жүдөгөн,
Кордуктуунун бири мен,
Караңгы тамда жатканда:
«Кайрылып элди көрсөм» – деп,
Жарыктыкты тилегем.

Бай курусун битирейт,
Малайдын акын бүт бербейт,
Манап алкы бузулду,
Мал ордуна киши жейт.
Манап менен байларга
Мындан көөнүм ишенбейт.
Букарадан тың чыкса,
Буту, колун кишендейт.

## ЭКИНЧИ АЙДАЛГАНДА

Топ-топ чыккан кара курт,
Токтогон жерим Балыкурт.
Кайгырып ыйлап турасың,
Кагылам кыргыз калың журт.

Жалгыз-Өрүк, Бөлөк-Таш,
«Жалгаган жерим калды» – деп,
Жашып агат көздөн жаш.
Ат башы менен эр башы
Каерде калбайт алтын баш.

Токтобек менен Бөлөк-Таш,
Токтогон жерим сен калдың,
Токтобай агат көздөн жаш.
Эч кылмышы жок туруп,
Тозокко кетти алтын баш.

Эки колум байлатып,
Эки көзүм жайнатып,
Кыямат салдың башыма,
Кылмышы жок айдатып.

Кармалып кетип барамын,
Калың эл ыйлап буркурап,
Кадимки жаштык жүргөн жер,
Кан жайлоо менен Кыркырак.
Антташканым Сейдимкан
Аркамда калды чыркырап.

## КАМАКТАН КҮЙГӨН ЖАН ЭЛЕМ

Кармалып кеткен бала элем,
Камактан күйгөн жан элем.
Калкымда тынчып жатканда,

Капилет түндө кармадың,
Каршылык жайым бар беле?

Айдалып кеткен бала элем,
Азаптан күйгөн жан элем.
Эч жазыксыз кармадың,
Атаңдын акы бар беле?

Мен элимден кеткен бала элем,
Эртеги зулум кылгандан –
Эсим чыккан жан элем,
Эсебин кармап таппадың,
Энеңдин акы бар беле?

Жазуумду көрөрмүн,
Ажалым жетсе өлөрмүн.
Айланып келип эл тапсам,
Аласаң болсо берермин.
Көнүлүмдө шегим бар,
Көнкү багыш, көп сарттар –
Көлдөп бир жаткан элим бар.
Көрүшөр дүйнө бар болсо,
Көңүлдө жаткан кегим бар.

Боздоп калды алганым.
Улуу-кичүү, кары-жаш,
Учурашып калбадым,
Ушул менин арманым.
Урматтуу атам Сатылган,
Укту бекен арбагың,
Кек калып ичте албаган,
Кетип турат дарманым.

Атадан калган жер менен,
Ага-ини, тууган, эл менен,
Амандашып калбадым.
Атаңдын күнү бар болсо,

Айылдан сурап текшерип,
Аныгына жеткирип,
Анан кийин албадың.

Канаты сынган аркардай,
Саргаяр үйдө калганым,
Сары ооpу болор алганым.
Айдалып кетип баратам,
Кароосуз калды чарбагым.
Картаяр бекен суу ичпей,
Көлөкө майдан талдарым.
Көп санаа тартар алганым.

Айланайын атакем,
Кылычтын кыркар мизинен,
Душмандын заар тишинен,
Сактар бекен арбагың,
Тиер бекен жардамың?

Эки колду байлатып,
Дал кырк кишиге айдатып,
Абдразак, Бекберди –
Экөөнө карматып,
Тынчтыкта жаткан Токонду,
Күнөөсүз жерден сабатып,
Жуманаалы баратат,
Не табат мени каматып?

Таалай жолум тар беле?
Тынч жатканды тынч койбой,
Албаган акың бар беле?
Бечарага себепкер,
Мен өңдөнгөн карыптын,
Ишин алга жөнөтөр
Калыс улук бар бекен?

Адамга адам себепкер.
Андан айла болбосо,

Айдалып жүрүп күн өтөр.
Мындан көрө жашабай,
Өлүп калган жөн экен.
Куп курчандым белимди,
Кубат кылдым элимди.
Кудай тиксе кастарын
Кимге айтамын кебимди?

Айыптын чоңун тапкансып,
Атасын жыга чапкансып,
Жуманаалы жулунду,
Кыл чылбыр кыркты колумду.
Каршылык кылдың жолума,
Туз насибим бар болсо,
Мен келер бекем ордума.
Атаңдын куну бар окшоп,
Каяктан келдиң шорума?

Чымындай жанга тынччылык,
Берсең боло азыраак.
Көңүлдө жок иш эле,
Кармалдым кайра кишенге.
Байлоого түштү кайран баш,
Болсомчу бир аз жашыраак.
Түн караңгы, ай жарык,
Качмак белем сандалып.
Чечсеңер боло кол-бутту,
Кыл чылбыр кыркып оорутту.

## БАРПЫ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Барпы ырдап, жыйынга көрүнө баштаган күндөн тартып эле Токтогулдун кабарын уккан. Токтогул менен жолугушуп, андан үлгү алууга кызыккан. Бирок жардылыктын кесепетинен алыскы Кетмен-Төбөгө барууга мүмкүндүк таба алган эмес. Ошон-

дой болсо да, Токтогулга жолугууга, анын нускалуу сөздөрүн угууну алдына максат кылып койгон Барпы 1915-жылы Кетмен-Төбөгө атайы барып, улуу акын менен учурашат. Бул жөнүндө Барпы мындай дейт:

«Мен улуу акындын үстүнө капыстан кирип баруудан тартындым. Жүрөгүм даай алган жок. Анын ырларын, наамын Жеңижоктон уккан болучумун. Мени менен Кетмен-Төбөгө ээрчишип барган Далбай: «Мына бул Токтогул» – деп көрсөттү. Мен Далбайды ээрчий үйгө кирип бардым.

Т о к т о г у л:

«Комузум кымбат арчадан,
Черткенде черим таркаган.
Көңүлүн жазат жалпынын,
Көңүлү ачык март адам.
Черткенде комуз кылынан,
Комуздун күүсү угулган. '
Уккула балдар, кубанып
Токондун айткан ырынан!» –

деп ырдап, комуз чертип жаткан экен. Менин ала топу, өзбекче чапан кийип отурганым абам Токтогулдун көзүнө көрүнө калды. Абам мени карап ыр тизгинин коё берди:

Эшиктен келдиң бир мейман
Көңүлүм сага бөлүндү.
Сезбейт деп мени ойлобо,
Сыягың акын көрүндү.
Кандай иним экенсиң
Үйгө кирбей тартынган?
Араң кирип отурдуң –
Бир кишинин артынан.
Сырдашсак арман бөлүнөт,
Илебиң жука көрүнөт.
Өнөрүң болсо өргө чап!

Тартынбай, балам, сырыңды айт.
Ичинде болгон чыныңды айт.
Чын сырыңды айтпасаң,
Адебиң менен өзүң кайт!

Б а р п ы:

Жеңижок айткан атыңды,
Билдим го, аба, баркыңды
Эми таанып турамын
Кир болбогон алтынды.
Адеби жоктук кылып мен,
Кирип келген өңдөнөм.
Жеткиче, аба, шашылдым,
Алдыңа келдим көлдөлөң.
Каталык өтсө кечиргин,
Эшитким келет үнүңдөн,
Булбулдай назик тилиңден,
Аттанып келдим атайы
Төөлөс, бостон элимден.
Болжолдоп чыктым бостондон,
Насибим сага кошкондон.

Т о к т о г у л:

Байкадым сенин өңүңдөн
Сурайын аты-жөнүңдөн.
Сен да ырчысың го элирген,
Ырга көөнүң берилген.
Баатыр болчу жигиттин
Маңдайынан билинет.
Күлпөтүңдү карасам,
Пайдубалдай бекемсиң.
Токтогулдун ырларын
Токтотпостон чечерсиң.

Алыстан келген баласың,
Айтымдуу сөзгө канасың,
Билбеймин ата-тегиңди,

Аныктап айтчы кебиңди?
Көңүлгө жагар сен болсоң,
Таркатайын чериңди.

Пикири жок аттанган,
Бий баласы болбогун?
Пардашы жок батпаган,
Бай баласы болбогун?
Түбү сурап эл бийлеп,
Жеп келгенден болбогун?
«Ырым менен эритем» –
Деп келгенден болбогун?
Арыктатып ала атты
Аксаткандан болбогун?
Аламанды күйгүзүп,
Какшаткандан болбогун?
Бейкасам кийип түрдөнүп,
Жасангандан болбогун?
Калп менен чынды жоруган,
Атангандан болбогун?
Эшен менен молдодон
Бата алгандан болбогун?
Кожо келсе кой союп,
Сыйлагандан болбогун?
Кедейлерди «кой тап» – деп,
Кыйнагандан болбогун?

Канкорлордо эзилип,
Кара таман тешилип,
Жүргөн болсоң, мунуңду айт.
Сырыңды ачкын чечилип,
Кана эмесе, кезегиң,
Кайсыны ырдар экенсиң?
Калкыма жакса айтканың,
Сен кубаныч менен кетерсиң.

Б а р п ы:

Андадым, аба, кебинди,
Табасың менин эбимди.
Айтайын, аба, чечилип,
Сурасаң ата-тегимди:
Пикири жок аттанган,
Бир күн тынып жатпаган,
Бий баласы эмесмин.
Пардашы жок батпаган,
Жалгыз өзүн мактаган,
Бай баласы эмесмин.
«Ырым менен эритем,
Отурганды дегдетем» –
Деп келгенден эмесмин.
Түбү сурап эл бийлеп,
Калайыкка чоң сүйлөп,
Жеп келгнден эмесмин.
Арыктатып ала атты –
Аксаткандан эмесмин.
Аламанды күйгүзүп,
Айылдын ичин бүлгүзүп,
Какшаткандан эмесмин.
Бейкасам кийип түрдөнүп –
«Жакшымын» – деп күүлөнүп,
Жасангандан эмесмин.
Калп менен чынды жоруган,
Карышкырдай улуган,
Атангандан эмесмин.
Кудурети колдогон,
Эшен менен молдодон,
Бата алгандан эмесмин.
Кожо келсе кой союп,
Алдын алып нан коюп,
Сыйлагандан эмесмин.
Кедейлерди «кой тап» – деп,
Жалгыз малын алып жеп,
Кыйнагандан эмесмин.

Чын ыкласым болбосо,
Аба деп издеп келбесмин!

«Зулумду Током сүйбөйт – деп,
Манаптар менен жүрбөйт – деп,
Эшен менен молдонун
Айтканына кирбейт – деп,
Жардыга Током тарап – деп,
Адашкан Барпы сен болсоң,
Азгырбай жолго салат» – деп,
Айткан эле Эшмамбет.
Акылдуу акын Током – деп,
Артык көрдүм өзүңдү.
Тыңшап угуп турамын,
Булбулдай мукам сөзүңдү.
Комузуңду карасам –
Келтирип чапкан арчадан.
Сен ырдасаң чогулат,
Алыс, жакын – барча жан!
Комуз менен жарышкан
Тилиң ширин канчадан!
Тирилей жетим мен калып,
Машакат өттү башымдан.
Айла таппай жалдырап,
Падачы болдум жашымдан.
Жетинбей жети жашымдан,
Муңайып жүрдүм азапта.
Жыйырма жыл жылбастан,
Малай болдум Сузакта.
Бай тырмагы – уу тырмак
Балыктай этке батырат.
Унутуп калсам бир ишти,
Олоңдоп мага бакырат.
Түнүнкүсүн төрт ирет
Уйкумду бузуп чакырат.
Азапты көрдүм Сузактан,
Кутула албай тузактан.

Аба, сени сүйчү элем,
Келе албай жүрдүм узактан.
Эшмамбет акын аныктап:
«Барсаң сени жактырат.
Алыңды сурап асырап» –
Деп дайындап айткандан
Келдим эле ашыгып,
Ичимден сырым ачылып.
Сындадың, аба, сындадың!
Сындап туруп ырдадың.
Булбулдай үнүң уксам – деп,
Мен кезиге албай турбадым.
Адеби жок мен иниң
Астыңа келип көрүштүм.
Андай болуп жаркырап,
Токо, бактыбызга келипсиң.
Акындардын ичинде
Артык экен ардагың.
Комузду күүгө келтирген,
Аты жок, ортон, бармагың.
Керек болду иниңе
Таалим, нуска алмагым.

Т о к т о г у л:

Жетимди көрсөм жашыймын
Муунум бошоп тура албай.
Катуу сүйлөп койдумбу?
Жайыңды сурап сыр албай.
Көзүңдүн көрсөм карасын,
Шам чырактай жанасың.
Касиетсиз душмандан
Азап чеккен баласың.
Мени бирөө айткандан,
Көңүлүңө жаккандан
Келген балам экенсиң.
Мен ырдасам сөзүмө
Канып кетер бекенсиң?

Келбеске Токоң кетти деп,
Беш каман көөнүн жайлады,
Бекитип колум байлады...
Жалгандан кара көрсөтүп
Бездирип элден айдады.
Кабарым алган киши жок,
Согончогум туурулду,
Заманам жаман куурулду.
Зарлаган менен көрбөдүм,
Артымда калган уулумду.
Кубанчым элден айрылып,
Башкы азабым бул болду.
Менин тирүүмдө сүйгөнүм,
Армандуу жесир тул болду.
Он жыл Сибирь токтодум,
Кайрылып калың кыргызга,
Келбей турган окшодум.

Үйдөгү калган зайыбым
Жаман аттуу болом – деп,
Башына кайгы түшүптүр.
Акырында ал дагы
Байга тийип кетиптир.
Бешенеме тартылган
Мөөнөттүү азап калабы...
Алганым кетсе кантейин,
Өз күнүн көрсүн а дагы.

Шумкарым арып-азыптыр,
Туурумдан уча качыптыр.
Ачылбай гүлүм солуптур,
Арманым ичке толуптур.
Бузулган экен турмушум,
Сынган экен кылычым.
Туяктан мени айырып,
Көрчү мындай кылышын...

Бузулса турмуш мейли эле,
Булбулум бактан качыптыр.
Булбулду көрбөй бүктөлдүм,
Булбулдун тили катыптыр.
Булбул сындуу чолпонум
Буралып жерге жатыптыр.
Жолуктум мындай азапка,
Ата деп мойнум кучпады.
Адашып келген Токондун –
Алдынан тосуп чыкпады.
Жаркырап жайнап күлбөдү,
Жаңырып атам келди – деп,
Жанымдан чыкпай жүрбөдү.

Калдым оттуу түтүндө,
Кайгырат агаң бул күндө.
Муңга батса ар киши,
Түгөнөт өмүр бир күндө.

Жашсың, балам, билип ал
Ичи кара бузуктар:
«Ат берем» – деп оолугуп,
Кымындай жанды күйгүзөт.
Каяша айтсаң бир ооз,
Ачуу таяк тийгизет.
Сени такыр аябай,
Өлүшүңө карабай,
Чоңдугун мындан билгизет.
Караны сүйлөйт аныктап,
Атыңды алат айыптап.
«Жаман ырчы экен» – деп,
Жалпы элге жайылтат.
Сүйгөн жардан айрылтат,
Канатыңды кайрылтат.

Б а р п ы:

Алыстан келдим айлыңа,
Байкадым, аба, түрүңдү.

Урматтуу Током аман – деп,
Укканда жүрөк сүйүндү.
«Беш каман деди мени» – деп,
«Түгөтөмүн сени» – деп,
Көрсөткөн экен казатты.
Тартыпсың, аба, азапты.
Уйкуга көзүң илинбей,
Үйдөгүдөн түңүлбөй.
Бардаш бир кылдың билинбей,
Балдарыңдан түңүлбөй.

Касташкан байлар камынган,
Сенин кадырың кайдан табылган?
Кектешкен душман камынган,
Сенин келбетиң кайдан табылган?
Алтыным элең кирдедиң,
Сен кылмышың кайдан билбедиң?
Күмүшүм элең кирдедиң,
Сен күнөйүң кайдан билбедиң?

Сибирде жүрдүң нечен жыл,
Сыздадың ыйлап күнү-түн.
Кара чачың агартты
Тепсеген сенин күйүтүң.
Бешенеде бүтүптүр
Арылбаган катуу шор,
Душмандардан байланды,
Комузду черткен кайран кол.
Аман көрдүм жолугуп,
Токо, азыркы менин ишим оң.
Таалимиң алып калсам – деп,
Абалы менде үмүт чоң.

Т о к т о г у л:

Комуздан берген саламым
Улап кет, иним, аягын.
Эмкисин бөлөк ырдайын,

Акындыгың сындайын.
Кеп түйүнүн чечпесең
Чечендигиң ким билет.
Кереметиң болбосо,
Чебердигиң ким билет.
Табышмакты таппасаң,
Сырчылыгың ким билет.
Жабылтып ырды төкпөсөң,
Ырчылыгың ким билет.

Б а р п ы:

Аркар менен кулжанын,
Оттоор жерин ким билет?
Талыбаган күлүктүн
Токтоор жерин ким билет?

Т о к т о г у л:

Жүрөгүндө оту бар
Айтымдуу киши жаталбайт,
Түбү бузук адамдар
Башкага келип баталбайт.
Белгилүү чечен, белен эр,
Сүйлөгөн сөзгө такалбайт.
Алмакка оору тооруса,
Эч айласын табалбайт.
Эшен, кожо чогулуп,
Дем салган менен айыкпайт.
Өлөрүн билсе адамзат,
Өзүнөн өзү арыктайт,
Ажал кыстап келгенде,
Агага сырын айталбайт.
Айткан менен пайда жок,
Агасы кууп кайтарбайт.
Аманат жаның өтпөсө,
Алганы кара жамынбайт.
Өлбөй киши айрылбайт.
Өпкөлөнгөн өз тууган –
Өбөктөсөң табылбайт.

Ашыккан менен алдастап,
Ажалсыз эч ким өлө албайт.
Ыраактан учса ылаачын
Карааныn эч ким көрө албайт.
Жан күйөрүң болсо да,
Аркандан ээрчип бара албайт.
Жаңжалдашып мушташып,
Ажыратып ала албайт.
Тууштуу тууган арданбайт,
Күйүтсүз киши зарланбайт.

Б а р п ы:

Октобой мерген ата албайт,
Онтобой оору жата албайт.
Түздөбөй мерген ата албайт,
Түйшөлбөй оору жаталбайт.
Сынбай сөөк чор болбойт.
Тилеп алган балдарың
Жетим болбой кор болбойт.
Бузуктун иши оң болбойт,
Буйруктуу алтын жоголбойт.
Булбулдун үнүн эшитпей
Буралып гүлдөр ачылбайт.
Мурунтан күйүт кеп көрсө,
Муңдуунун үнү басылбайт.
Күкүктүн үнүн эшитпей,
Гүл жайкалып ачылбайт.
Күйүттүн дартын көп тартса,
Күйгөндүн үнү басылбайт.

Т о к т о г у л:

Куш канаттуу кир болбойт,
Душмандын көөнү бир болбойт.
Кароолуңа илинбей
Качкан кайып аттырбайт,
Алганың жакшы болгон соң
Тууганды сенден жат кылбайт.

Жакшы чыкса элинден
Душманга сени КАКТЫРБАЙТ.

Б а р п ы:

Эски пахта бөз болбойт,
Эсептешкен дос болбойт.
Жакшынын сөзү корс болбойт,
Жамандын сөзү жоош болбойт.
Жалаң ачуу, бал болбойт,
Жакшынын пейли тар болбойт.
Токтогул, сендей акындар
Ар жерде жүрсө кар болбойт.
Калемпир ачуу, туз болбойт,
Кар түшпөй сууда муз болбойт.
Катын кыркка чыкканда
Кадимкидей кыңшылап,
Кабыргаңдан чымчылап,
Кайра жашап кыз болбойт.
Кайран дүйнө ишине
Карап турсаң көз тойбойт.
Жаманды мактаган менен баш болбойт,
Токтогул, нээти жакшы кас болбойт.

Т о к т о г у л:

Эмчегин салса энеси -
Эмгектүү бала ыйлабайт.
Боорткосун бек тартса,
Бешикте бала туйлабайт.
Кушуңду өзүң салбасаң,
Чырмалып колдон баралбайт.
Анык табын билбесе,
Илбесинди алалбайт.
Бул ырды иним таштайын:
«Менен» деп ырдай баштайын.
Көл сөөлөтү каз менен,
Мелмилдеп жаткан сөз менен,
Сулуулар бетин өптүрөт
Кайрылып туруп наз менен.

Б а р п ы:

Дарыя агат сай менен,
Жылкынын көркү тай менен.
Көк соорун учат балалуу –
Ошо сай боюнда жар менен.

Кулаалы жүрөт аң менен,
Көк карга учат жар менен.
Сагызган ойнойт сай менен,
Баласыз киши зар менен.

Жигиттин көөнү кубанат,
Булкунган буудан ат менен.
Жолдош болуп бир жүрбө,
Көңүлү кара жат менен.

Т о к т о г у л:

Өз баркын билбес жан болот,
Басташпагын мас менен.
Капалыгым жазам – деп,
Кадырлаш болбо нас менен.
Кучакташып дос болбо
Асты акылы пас менен.
Жанашсаң жакшы март менен,
Сооданын иши карт менен.
Моюнуң кылдай ичкерет,
Сары оору мээнет дарт менен.

Б а р п ы:

Араба жүрөт таш менен,
Ууру жүрөт пас менен.
Адамдын сыны баш менен,
Мандайдын сыны каш менен,
Киши акыл табат эс менен,
Ороюң ысык бет менен.
Өз элинден бөлүнүп,
Басып өтпө чет менен.

Т о к т о г у л:

«Мененди» иним, таштайбыз
«Турбайбыдан» баштайбыз.
Аркар, кулжа жайыты
Зоодо болот турбайбы.
Ар өсүмдүк мийвалар
Тоодо болот турбайбы.

Б а р п ы:

Жамандын бейли белгилүү:
Казанын тээп сындырып,
Быркыратат турбайбы.
Үйдөгү бала-чаканы
Чыркыратат турбайбы.
Басып алып тооктой,
Тырпыратат турбайбы.

Т о к т о г у л:

Балам, «турбайбыдан» өтөлүк,
Эми, «жазылатка» көчөлүк.
Арабаны көргөндө
Аттын чери жазылат.
Элге шилен бергенде
Марттын чери жазылат.
Илбесинди көргөндө
Куштун чери жазылат.
Акмакты урсаң аябай,
Муштум чери жазылат.
Нарын тартып эт жесең
Тиштин чери жазылат.
Жер бетине кар түшсө,
Кыштын чери жазылат.

Б а р п ы:

Арык байлап суу келсе,
Салдын чери жазылат.
Жайылып шибер оттосо,
Малдын чери жазылат.

Иштен кийин эс алса,
Жандын чери жазылат.
Тышка казып чыгарса,
Кендин чери жазылат.

Балтыркан оттоп чалкалап,
Чалканды басып талкалап,
Курсагы тойсо кайкалап,
Нардын чери жазылат.

Ак мөңгүлүү жылгада,
Муздун чери жазылат.
Булгаары ийлеп шым кылса,
Өңү сонун кулпурса,
Уздун чери жазылат.

Жаңы күйөө келгенде,
Чымчылашып күлүшүп,
Чын көңүлүн беришип,
Сары майдай эришип,
Кыздын чери жазылат.

Т о к т о г у л:

Сен дагы мендей ырдадың,
Ырыңдан иним, сындадым.
Адаштырып ырдасам,
Айтканымдан жылбадың.
Менин айткан ырымды
Бекеринен бурбадың.

Сайраттың кызыл тилиңди
Акындыгың билинди,
Мен көрсөткөн ырымды
Улабастан койбодуң.
Ажыратпай бир жериң
Кынабастан койбодуң.
Адис акын экен – деп,
Бул жериңден ойлодум.

Б а р п ы:

Мен үчүн, аба, чечилдиң,
Кубанып көөнүң көшүлдүң.
Айтканым айып болсо да
Агалык кылып кечиргин!
Кечирет деп жол сурап
Алдыңдан, аба, өтүндүм.
Жаңылбаган чеченсиң,
Бизге жазылган каттан экенсиң.
Элге тийген керегиң,
Кимге калат белегиң?..
Сайрап турган бул күнүң,
Калат жерде бул тилиң.
Жаздырып кагаз таштап кет
Суранамын мен иниң.
Иниңдин ушул айтканын
Акылман, аба, бир билгин.
Эми мен кетип барамын,
Аман-эсен тынч жүргүн?

Т о к т о г у л:

Эми жок менин арманым:
Бар экен сендей ардагым.
Аман келдиң, аман кет,
Боордошум, дарманым.
Карадан алган кашка атты
Бердирдим сени минсин – деп,
Атаңдай болгон агаңмын
Кадырымды билсин – деп,
Кай жерге барса агасын
Эсине алып жүрсүн – деп.
Көңүлүмдө достоштум,
Кайырдашып коштоштум
Бери сун, иним, колуңду!
Биздин элден сен көрдүң,
Эчен түркүн сонунду.

Анжиян барсаң агандан
Үзө көрбө оюнду.

Жаралганда эзилип,
Жүргөн балам экенсиң.
Кордук тартып зарланып,
Күйгөн балам экенсиң.
Ырдашыңда айып жок,
Калыпка тартып койгондой,
Ырга канган кишинин
Көңүлү артык толгондой.
Кынадың терме, санатың,
Сен болдуң менин канатым.
Устасы болуп жол ачсам,
Адашпай кеттиң ырыңдан,
Анык билдим сыныңдан.
Кетмен чапкан кедейди,
Келиштирип ырдагын,
Кеңешин угуп жыргагын.
Башынан бузук байларга,
Балам, көңүл бурбагын,
Малайды кошуп ырдагын.
Орокчу болсо, толуксуң,
Өзүң барып жолуккун.
Кубандырып ырдагын,
Кошулуп бирге жыргагын.
Өспүрүм жаштан экенсиң
Жолуңду тапкын,чырагым!
Оңолор заман биздики –
Оодарылып кылымдан.
Кутуларбыз жарк этип,
Куруттай эзген зулумдан.
Жаркырап бизге таң атар,
Жамандар бизден адашар,
Кабарын уккам, түшүнөм,
Аракет кылган бирөө бар!

Айтайын десем ашкере,
Чыгарбайт азыр турмуш тар.
Душмандын туусу бүктөлөр,
Турмуштун туусу тиктелер.
Бизге каршы душманга
Кайгынын зары жүктөлөр.
Карышкыр түшөр капканга,
Ырдарбыз анда жакканга.
Душмандар түшөр оруна,
Чыгарбыз тендик жолуна.
Бизге каршы душманды
Келтирер балдар колуна.
Акылың болсо билип ал,
Абаңдын айткан ырларын
Алтындай сактап түйүп ал.
Сүйгүлүктүү турмуштун,
Түрү келер бир күнү.
Жыргалчылык кубаныч
Күнү келер бир күнү.
Алыс-жакын дебестен,
Тең туулар бир күнү.
Эзилген элдин жардамы –
Эр туулар бир күнү.
Өлбөсөң анда билерсиң,
Абамдын ыры анык – деп,
Чын экен бизге тарых – деп,
Ичиңен тынып жүрөрсүң.
Көзүң менен көрөрсүң.
Жан, иним, эми унутпайт,
Токтогул агаң өзүңдү.
Айланып элге айта жүр,
Агаңдан уккан сөзүңдү.

Б а р п ы:

Айтканың ырас, Токтогул,
Анығы мага билинди.
Манаптан жеген таягым,

Көкүрөккө чийилди.
Дарманымды куруткан,
Узун түндө улуткан,
Залимден көргөн азапты
Иниң кайдан унуткан?
Берчи, аба, колуңду,
Көрсөтчү баштап жолуңду.
Алыстан келдим арзылап,
Билейин кызык сонунду.
Эзилген кедей баласы,
Токтогул деп эшитип
Токтобой келдим карачы!
Көрсөтсөң ырдын тазасын,
Көңүлдү, аба, жазасың.
Ырдап бериң, күү чертип,
Жүрөгүмдү басасың.
Насаат берип, жол ачып,
Алдыңда Барпы олтуруп,
Жазды жүрөк капасын.
Өнөрдү көпкө бересиң.
Өзүңө жакын жардыга,
Үйрөнгүн, иним, дегенсиң.
Казыналуу көп ырдын
Түгөнбөс түптүү кенисиң.
Жарды-жалчы – жалпынын,
Кайрылбас катуу белисиң.
Адашып келген адамдын,
Түнөп кетер жерисиң.
Кайраттуу калың элиндин
Кайнап чыккан эрисиң.
Булбулдай сайрап турганда
Таанығам элдин четинен.
Жол көрсөткөн абасын
Чыгарбайт Барпы эсинен!

## КАНДАЙ АЯЛ ТУУДУ ЭКЕН, ЛЕНИНДЕЙ УУЛДУ

Түпкү атабыз – кыргыздан,
Запкыны көрдүк турмуштан.
Айтканда сөзүм жапжарык
Асманда күйгөн жылдыздан.
Он жетинчи жылында
Николай тактан жылбышкан.
Кеңешти куруп Ленин
Кедейге устун тургузган.

Басып жеген калкымды
Бай-манаптар куулду.
Аты кедей балдары,
Артындан шоруң жуулду.
Николай нанын жегендер
Амалын таппай муунду.
Панардай жанып боштондук
Бактыбызга туулду.
Кандай аял тууду экен
Лениндей уулду!

Он жетинчи жылында
Өктөбүрдүн таңы атты.
Жаркылдаган большевик
Жакшы заман жаратты.
Мусапырды кубантып
Муңдууларга жол ачты.
Көп жылдар аккан тыйылбай
Көздүн жашын кургатты.
Жетигиң Ленин куткарды,
Жезиттин жаккан отунан.
Жетилип кедей кутулдуң
Желмогуздун оозунан.

Желпинтип тууну көтөрдүң
Жергелүү кыргыз тоосунан.
Баягыда чайналдың
Бай-манаптын тишинде.
Кантээр айла табалбай
Кан жуткансың ичинде,
Мындай заман болорун
Көрдүң беле түшүңдө?
Ачылды бактың, букара,
Аргымактай күжүлдө!

Ал кезекте мен дагы
Айдоодо жүрүп ыйлагам.
Алсырап жатып түткүнда
Айлымды самап ырдагам.
Кыйноону тартып алтын баш
Кырк кабыргам кыйраган.
Ырыска бүткөн Ленин
Ыйыңды басты кыйладан...

Өмүрүнүн бардыгын
Кедей үчүн зарп кылган,
Эзилген калың кедейди
Эркелетип барк кылган,
Паанайын элдин ачууга
Жашынан Ленин ант кылган.

Көзүм барда айтайын
Көргөнүмдү калкыма,
Сайратайын тилимди
Самап жүргөн жалпыңа,
Кубанамын булбулуң
Ала-Тоо кыргыз даңкыңа!

Термеден айттым кебимди
Кубантып, балдар көңүлдү.

Салпактап учкан кулалы
Таптаган куштан жеңилди.
Ноктодон башын куткарды,
Тозокто жаткан элимди.
Куп ыракмат айтабыз
Куттуктап асыл Ленинди!..

Көзүмдүн жашы төгүлгөн
Көп жылы тартып азапты.
Көйкүттө жатып телмиргем
Көңкү кыргыз көп калкым
Көрдүңөр жыргал Ленинден!

Кечинен бер деп тилеймин
Кейиген жанга өлүмдү.
Өбөктөп ыйлап түрмөдө
Өткөргөм жаштык өмүрдү.
Кедейлер, алып бердиңер
Керимбайдан кегимди.
Ушунчалык жыргаткан
Урматтайбыз Ленинди!

Кеңчилик доор чыкканда
Териме батпай семирдим.
Тушалган темир чидерден
Бошоткон бутун элимдин
Атаңдай баккан алдейлеп
Аманын тиле Лениндин!

Кесири тийген кузгундар
Келбес жайга көмүлдү.
Эзүүчү залим байлардан,
Эсиңе алсаң, жаш балдар,
Эми жигиң бөлүндү.

Карып менен бакырга
Калтырбай чачтың ырысты.
Кантип айтпайт бул Токоң
Казыркы жыргал турмушту?
Караңгы жаткан эл элек,
Катарга кошту кыргызды.
Кетпес дөөлөт, кең Заман
Кеңеш өкмөт тургузду.

Жетим менен жесирге
Жемишин бөлүп таратты.
Зарыккан элдин багына
Ленинди жаратты.
Талыкпас калып тактыңыз
Шумкарга алтын канатты.

Ак калпак кыргыз элиме
Алтын, күмүш кен бердиң,
Эзилип жүргөн кедейге
Энчисин бөлүп жер бердиң.
Кайгыда жүргөн элиме
Кайрат-кубат дем бердиң.
Ушунчалык жыргалды
Урматтуу Ленин, сен бердиң!

## ЖАШАГЫН, КЕҢЕШ ӨКМӨТ!

Боздоп ыйлап түрмөдө
Жаткан болчу, Токтогул,
Боз тоголок бүргө этин
Чаккан болчу, Токтогул
Бозоруп жүрүп кыргызды
Тапкан болчу, Токтогул.

Кайгырганмын бир кезде
Капалуу көргөн турмушка,
Канча жыл жүрүп талаада
Кайтып келгем кыргызга.
Айдалып жүрдүм Сибирде
Азаптуу жаман турмушта.
Ажалым жок, өлбөстөн
Аман келгем кыргызга.
Жашагын, кеңеш өкмөт,
Жалаа кылган бузукту[1]
Жатканынан тургузба!
Эриктүү эмгек, жаңы журт
Эргисин багың жылдызга!
Эскирип кеттим кошулбай
Эмки сонун турмушка.

## ЗАМАНА

Далайларды кор кылып,
Зарланткансың, замана.
Кедейлерди байларга
Карматкансың, замана.
Ажыдаардай залимге
Арбаткансың замана.
Желмогуздай байларга
Жалматкансың замана.
Кедейлерге шор болуп
Жармашкансың замана.
Ач бүркүткө түлкүдөй
Алдырткансың замана.
Уу тырмакты кедейге

[1] «Жалаа кылган бузукту» – деп акын өзүн күнөөсүз айдаткан бай-манаптар жөнүндө айтып жатат.

Малдыргансың, замана.
Ажыратып акылдан
Маң кылгансың, замана.
– Атаганат, дүйнө! – деп,
Таң кылгансың, замана.
Чарчы бөзгө жеткирбей
Зар кылгансың, замана.
Бирөөгө жок, бирөөгө
Бар кылгансың, замана.
Байларга кең, кедейге
Тар болгонсуң, замана.
Кедейге кымбат, байга арзан
Мал болгонсуң, замана.
Кара жарма кедейге
Бал болгонсуң, замана.
Байга – буудай, кедейге
Чар болгонсуң, замана.
Кедейге – туюк, байларга
Шар болгонсуң, замана.

Байың сүйлөп, кедейди
Тумчуктурган замана.
Кедейге байды кыйкыртып
Унчуктурган, замана.
Бий, старчын, болушун
Курчуттурган, замана.
Кедейди – түлкү, байларды
Бүркүт кылган замана.
Байды – чынар, кедейди
Чырпык кылган замана.
Байды – жаңы, кедейди
Жыртык кылган замана.

Байды – бөрү, кедейди
Кой кылгансың, замана.

Жок кылмакка кедейди
Ой кылгансың замана.
Бир-бирине байларды
Той кылгансың, замана.
Жалгыз малын кедейдин
Сойдургансың замана.
Кара жерди кедейге
Ойдургансың, замана.

Кедейлердин үйүнөн
Жибин алган замана.
Табалбаган кедейдин
Үйүн алган замана.
Канча малга чуу түшүп,
Күйүп калган замана.

Бөөдө кайгы кедейге
Күйүт кылган замана.
Кедейди - жапыс, байларды
Бийик кылган замана.
Байды мерген, кедейди
Кийик кылган замана.

Талбаган булбул мен элем,
Сайрайын тынбай калкыма.
Заманың келди айланып
Жаркылда, кедей, жаркылда!

## БИЙИК КӨТӨР ТУУНДУ

Бай-манаптын тушунда
Айдалып жүрүп куурадым,
Баш кесерлер жоголуп
Кубанып жүргөн убагым.

Куттуу болсун, кедейлер
Жаңы конуш турагың!
Эркиндик көрүп толкундап
Учурашып турамын.
Түбүнөн бери жок кылгын
Мурункунун сурагын.

Жатып жешкен көркоолор,
Кедейлер, сенин акыңды.
Багыңды ачып, малайлар
Ленин тапты акылды.
Эл жегичти жоготуп
Күлүн көккө сапырды.
Түбөлүк шордон кутулуп
Кедейлер, багың ачылды.

Бечара, карып, кедейге
Ушул заман туулду.
Байларды айдап арандан
Бийик көтөр тууңду!

Кечээ каралап мени айдаган,
Капаска башым байлаган,
Керимбай өңдүү манаптар
Эл ичинен куулду.
Ниети бузук залимдер
Бечара, сени талашкан.
Каяша кылсаң азыраак,
Байлап алып сабашкан,
Чыгымдан башың бошобой
Ар ким келип жадаткан.
Ошолордун айынан
Мен дагы нечен жыл элден адашкам.
Айдалып жүрүп ар жерде,
Качып чыккам камактан.

Кутулдук го түбөлүк
Бай-манап чапкан балактан.
Адил заман тушунда
Өчүмдү алдым манаптан.

Ленин сени тең кылды
Катардагы адамга.
Кубандың кедей, мен өңдүү
Эркинди колго алганга.
Бир азыраак капамын
Бул кезде карып калганга.

## ТУУЛГАН ЖЕРИМ

Сайрачы, тилим, талыкпай,
Комузум кошуп көрөйүн.
Алып калгын, жаш балдар,
Токондун айткан өнөрүн.
Шакка конгон булбулдай,
Сагынган элге төгөйүн,
Кыябын таап келтирип,
Кызыл тилдин чеберин.
Таралсын калкка ырларым,
Ташыркап калдым дебейин.
Колума комуз алганда,
Кошулуп, добуш, жөнөгүн.
Туулган жерим айтайын,
Жаштарга тиер керегиң.
Жамгырдай төгүп ырымды,
Жамактап айтып берейин.
Коного чапкан буудандай,
Козгоюн ырдын түнөгүн.

Киндик кесип, кир жууган
Төрөлгөн жерим айтпасам,

Сыр бешик чаап кастарлап,
Бөлүнгөн жерим айтпасам
Акындыгым не керек!
Качырбасам касымды,
Калкаласам башымды
Баатырдыгым не керек!
Агып жаткан деңиздей,
Терең сөздөн баштасам,
Эл кумары таркабайт
Ырдын кенин ачпасам.
Күрдөөлдүү сарттар элимден
Күкүк болуп туулдум.
Ак жеринен айдалып,
Айнектей көзүм чачырап,
Эки кол бекем байланып,
Азабын тарткам зулумдун.
Кузгундардын зарпынан,
Бир кезде, кедей, кырылдың.
Калың сарттар, арандан
Кармалып алыс куулдум.
Элсиз жерде жөө басып,
Кыйласын көрдүм кылымдын.
Кеңеш өкмөт жыргалым,
Кетирдиң ойдон бардыгын,
Камалган кайгы-муңумдун.
Ала-Тоо салкын, атыр жел,
Кой семирчү бийик бел,
Арасында туулдум.

Ак калпак кыргыз калың эл,
Кара-Күңгөй, Беш-Ташта
Алма, өрүк бышып төгүлгөн.
Атыр жыттуу кең жайлоо,
Алда кандай көрүнгөн.

Кузгундар алган энчиктеп,
Куу чокой байкуш кедейлер
Ченине басып барбаган.
Жан алгычтай ошолор,
Жакындап барсаң кармаган.
Жайлоосун байга тарттырып,
Көп болчу мендей зарлаган.
Рыскулбек датка балдары
Кедейлерди келтектеп,
Далайдын башын кандады.
Алсыздарга тийчү эмес
Ийне, жиптей жардамы.
Жалгыз уюн тарттырып,
Жетим, жесир байкуштар
«Желмогуз!» – деп каргады.
Кетмен-Төбө жеримден
Көкүмбайдын Байгазы,
Жоготмокко кедейди,
Көп болгон мунун айласы.
Кузгундардын кылыгын
Калтырбай, тилим, сайрачы?
Калың журтка кузгундун
Тийген эмес пайдасы.
Тишине кокус илинсең,
Кышында кирген буурадай,
Кырчылдата чайначу.
«Ажы болуп Зулпукор
Мекеге барып келдим,– дейт.
Адамдын акын жебеймин,
Кудайдын үйүн көрдүм» – дейт.
Казандай селде чалынып,
Калктын баарын алдаган.
Кара жиндүү калпасы
«Эшенмин» – деп жандаган.
Аялга бала берем – деп,

Шыбырап эшен арбаган.
Ат баштап кунан, тай алып,
Кедейден козу, кой алып,
Кылбаганы калбаган.
Алдырып, алы жетпестен,
Далай катын каргаган.
«Жалгыз уйдун торпогун
Алып койду ажы» – деп,
Алсыз кедей зарлаган.
Алымбек менен Жыланжан
Керимбайды жандаган.
Көрүнөө өкүм көрсөтүп,
Кедейди малдай айдаган.
Акшыңдаган Алымбек,
Үй башына бир койдон,
Салбаганы калбаган.
Касымбек менен Мамбетжан
Калың сарттар элимдин
Кыштоосун ээлеп бербеген.
Жалдыраган кедейдин
Айтканына көнбөгөн.
Туулуп-өскөн жеримди
Зулумдар ээлеп жердеген.
Сопунун уулу Кайназар,
Кудай болуп көрүнгөн.
«Куу аяк кедей сенсиң» – деп,
Тартынчу эмес сөгүүдөн.
Керимбайга жүгүнгөн,
Алкыш айтып көңүлдөн.
Кезектүү жерде тартынбай,
Токондун ыры төгүлгөн.
Акындыктын ар сөзүн
Укпаган адам сагынат.
Ак карды теше тиктесе,
Айнектей көзүң карыгат.

Сайраган булбул акындар
Калдайган топко чабылат.

Чакыртыптыр Керимбай
«Миң-Дөбөгө келсин» – деп,
Касиеттүү эшен бар,
Кадырлап ырдап берсин – деп.
Ажысы бар ак курлуу
Алардын пейлин көрсүн – деп.
Аттанып бардым айлына,
Барганда карап турбадым,
Эшендей коркпой, мен ага
Көңүлүмдү бурбадым.
Эшендин элден алганын
Өткөрүп ойдон ырдадым.
Кара жиндүү жанында,
Калпаларын сындадым.
«Алганымды айттың» – деп,
Айыпкер кылды байлатып.
Керимбай, Акмат баш болуп,
Кесири тийди Токоңо
Келбес жерге айдатып.
Ак-Чийден солдат чыгарып,
Айнектей көзүм жайнатып,
Кол-бутумду күндөлөп
Кишен салып байлатып.
Алмадай башка бир өлүм,
Керимбай менен эшенге
Кошомат ырды айтпагам.
Жан алгыч болуп кетсе да,
Жаңшаган тилим тартпагам.
Сибирден келген кезимде,
Кушчу-Сууга чыгарбай,
Сарттарды кармап сабаган.
Урбаганы калган жок,

Катын менен баладан.
Кеңеш өкмөт болбосо,
Кедейлер тентип жадаган.
Кушчу-Суунун боюнда,
Айдаган малча кедейди,
Жалгыз тамга камаган.
Кедейлерге кеп тийбей,
Кеңеш, акыл бардыгы
Керимбайдан тараган.

Мен Сибирден келгиче,
Көп жылдар өттү арадан.
Таң атканча сайрасам,
Уктачу эмес бир адам.
Жаштарга калсын казалым,
Даңкы кеткен далайга,
Чолпон-Ата мазарым.
Керимбай бүтүн ээлеген,
Кетмен-Төбө базарын.
«Эки ооз жаман айттың» – деп,
Эшендин тарткам азабын.
Кетмен-Төбө, Жерге-Тал,
Кең сайдын башы Муздак-Төр,
Керүүсүндө жаткан мал,
Кашкайган тунук суулары,
Атырылып аккан шар.
Ала-Тоонун башынан
Жай-кышы кетпейт аппак кар.
Сагызган менен Мазар-Сай
Сүлөөсүн жойлоп кетпеген.
Аркар менен кулжасы
Жайылып оттойт бөксөдөн.
Жайкалган шибер ырыңы,
Гүл ачып бүрдөп көктөгөн.
Ар бир сонун жайлоосун

Уккан адам дегдеген.
Карасакал калың эл,
Күңгөй жагын жердеген.
Кара кыяк, бетеге
Карасаң, гүлдөр ыргалат,
Атыр жыттуу жел менен.
Көк адыр менен Буурадан
Кекилик, чили кетпеген.
Куш салуучу жер болчу
Жайлоосу малга жагыштуу
Баш жагы салкын төр болчу.
Жазга маал көктөмдө,
Жабыла көчүп эл кончу.
Сибирден келген кезимде
Эшмамбет менен көрүшүп,
Учурашкан жер болчу.
Ал кезекте кедейге
Кузгундар кыян сел болчу.
Козгогондо казалды,
Кошуп айтып кетпесем,
Коргон-Ата мазарды.
Кетмен-Төбө, Таласты.
Келиндери түнөйм – деп,
Келип турчу жаз алды.
Барганда бала берчүдөй,
Көтөрүп алып келчүдөй,
Эчки, улагын союшуп,
Ээн талаа жайларга –
Калышуучу конушуп.
Кол менен жасап койгондой,
Тегерек сонун аскасы,
Сайрап тилим, талыкпай,
Кызыктуусун баштачы.

Алыска чапкан буудандай,
Арышың керип таштачы.

Асманга тийип тургансып,
Аска-зоонун бийиги,
Айдаган малдай жайылат,
Аркар, кулжа, кийиги. '
Баш жагы бадал Чая-Таш,
Карышкырлар кабышкан,
Кабылан менен илбирси
Каршы чыкса алышкан.
Жердин баарын айдаган,
Өгүздөй болгон каманы
Өтү толуп кайнаган.
Кылычтан курч кылкыйма,
Кайсаганын жайлаган.
Ар бир түркүн жандарды
Аңчылар атып алышкан.
Көрүнөө ичин аралап,
Көзгө атары барышкан.
Карагай, арча ичинде
Кара кулак шери бар,
Качырганын куткарбас,
Айбанаттын айбаны –
Кадимки жолборс эри бар.
Жолборс менен арстан,
Ачуусу келсе куткарбайт,
Кандай да болсо алыстан.
Булбул Токоң талыкпай,
Жаш кезимде чыкчу элем,
Далай кыйын жарыштан.
Туулуп өскөн жериме
Айдалып жүрүп нечен жыл,
Аман келгем алыстан.
Бардыгын айтып кетейин,
Бала-Чычкан, Жети-Суу,
Куюп жатат Чычканга
Жети-Суудан эки суу.

Бер жагы Кең-Сай,Чоң-Чычкан
Аралап барсаң ызы-чуу.
Үн алышып сайраган
Канаттуунун баары бар,
Итак менен сутактын
Канчалары дагы бар.
Адамзат пенде көрбөгөн,
Ак карда туулуп төлдөгөн,
Ак кайберен малы бар.
Караган, шилби, четинден,
Кайың, терек, талы бар.
Сырдап койгон эмедей
Тобулгусу дагы бар.
Кожогат менен карагат,
Бүлдүркөнү табылар.
Адам көрүп таанығыс –
Ар жыгачтын баары бар.
Баш жагы айры эки өзөн:
Жагарт менен Ит-Агар,
Ара конуп жетесиң,
Арасы алыс итабар.
Кой-Таш-Ата, Каракаш,
Чычкандыктар мазар – деп,
Мал союшуп түлөгөн.
Катындары түнөгөн.
Кара оокаттын айынан
Эт жейбиз деп кедейлер,
Калбай барчу бүлөдөн.
Кожо, молдо үгүттөп,
Арыласың деп айткан,
Мойнундагы күнөөдөн.
Ойлончу эмес ал кезде
Кедейлердин чыгымын,
Мазар деп союп кыйратып,
Билчү эмес малдын убалын.

Ак-Чий менен Кара-Суу
Токондун көзү барында
Район болуп орногон.
Мындай сонун теңчилик,
Кылымда мурун болбогон.
Курулуш ак там салдырып,
Кеңеш өкмөт ондогон.
Тунуке менен жаптырып,
Балдарга мектеп салынган.

Эмгекчинин балдары:
Эркек дебей, кыз дебей,
Окуугa бүтүн алынган.
Жыргалдуу жаштын талабы,
Күн сайын өсүп артылган.
Жаңырган бийик үн чыгып,
Жыргал күүсү тартылган.
Эски тамдар бузулуп,
Түпсүз болуп жоголгон.
Түбүнө көк таш орнотуп,
Түбөлүк болуп оңолгон.
Кетмен-Төбө базары
Кенен тартып чоңойгон.
Келин-кыздын баарысы
Эркин өсүп торолгон.
Шаттык ырын ырдашат,
Бак аралап бир басат.
Куткарган бизди большевик,
Кан соруучу зулумдан.
Айдоодон аман кутулгам,
Кайгы тарткан муңумдан,
Сайрап чыккам жашымдан
Сарттар, саяк, уруудан.
Сайра тилим, талыкпа,
Санатым калсын тарыхта.

Эзилип жүргөн элимди.
Чыгардың, Кеңеш, жарыкка.
Көз менен көрүп кубандым,
Бузуктардын тамырын
Кеңеш өкмөт үзгөнүн.
Каршы чыкчу душмандар
Кармалып торго түшкөнүн.
Орундайт, элим, талабың,
Барган сайын узарат,
Ырыстуу, жаштар, кадамың.
Ылайыктуу болсун – деп,
Ыр менен кошуп жамадым.
Алты жыл айтсам түгөнбөйт,
Кызыл тилде жамагым.
Өмүрүн тилейм өзгөчө,
Артымда жалгыз баламын.
Көңүлүм ачып сайрадым,
Катын менен балага,
Кузгундардын зарпынан
Жыгылгам жалган жалаага.
Барып келгем айдалып,
Эл көрбөгөн талаага.
Эрмек болуп берейин,
Кулак салгын, жаштарым,
Картайган Токоң абаңа.

Айтайын бир аз, айтайын,
Туулуп өскөн жеримди.
Жамак ырга көп түшпөй,
Ондочу, тилим, жөнүндү.
Катары менен калбасын,
Кара тектир көрүнгөн,
Какшатып кедей-карыпты,
Кузгундар кууган жеринден.
Кармалган Токоң мен элем,

Калың сарттар элимден.
Жердин баарын бүт ээлеп,
Желмогуздар семирген.
Ал бузуктун баарысы,
Арабыздан бөлүнгөн.
Бирин-серин калганы,
Арабыздан терилген.
Кызыганда козгодум,
Туулуп өскөн жеримден.
Алардын кылган кылыгы,
Ажыдаардай көрүнгөн.
Бу жактан кабар алайын,
Шамшыкал-Ата кенимден.
Кетпес ырыс табылган,
Кеңеш өкмөт, деминден.
Бир тоонун баары бүтүн туз,
Кайберендер кемирген.
Эчки, теке, кийиктер
Эсеби жок семирген.
Айнектей тунук Шамшыкал
Адамдын жүзү көрүнгөн.
Тотудай Токоң талыкпай,
Топ жыйында элирген.
Туура чаап түшүрсөң,
Тунук чыгат казылып,
Барына жетип жатпайбы
Бардык малга чачылып.
Ак калпак кыргыз тоосунан
Алтындын кени ачылып,
Айтылбай бекер калбасын,
Нар жагы Торкен жашынып.
Сокулук, саяк калың эл
Жайлоосу сонун малга жай,
Жайлатчу коюн ашырып.
Карандай ырга калганда

Калгамын, балдар, машыгып.
Өрчүп чыккан өнөрдү
Таштайын тарых жаштарга,
Камап жатпай жашырып.

Эриктүү күнгө жеткирди,
Эмгекчи элдин баласын.
Сайраган кызыл тилим сен,
Кызыктуу ырдан табасың.
Эң бир жыргал турмушка
Эмдиги жаштар барасың.
Кыргызда кыйла ырчынын
Байкадым далай чамасын.
Торгойдой болгон Токонду
Тузак салып бир күнү
Тозоктуу дүйнө аласың.
Тартипке салып өкмөт,
Аныктап ылгап жатпайбы
Адамдын адал-карасын.
Айткан ырым жаштарга
Нуска болуп каласың.

Тотудай тилим, сайрагын,
Топ жыйындан тартынбай.
Туулган жердин далайы
Калбасын кокус айтылбай,
Торкендин наркы катары.
Кызыл жазы жер болот,
Кыштоодон түшүп келгенде,
Жакасына эл конот.
Казган менен түгөнбөйт,
Бер жагы туз кен болот.
Ала-Жийде, Капчыгай,
Койду бакчу жер эле.
Ар бир сайы ар башка

Атыр жыттуу кең эле.
Барганда көңүл сергиткен
Баш жагы муздак төр эле.
Коңур-Өгүз, Ничке-Сай,
Ашта, тойдо кыдырып,
Арасын көрдүм бир нече ай.
Чарбанын малы жай алган,
Арык мал түлөп жал алган,
Жагыштуу малга нечен сай.
Катарында калбасын,
Кашкайган тунук булагы,
Карасаң гүлдөр ачылып,
Көйкөлүп шибер ыраңы.
Асмандан булут бүркөлсө,
Көк чөпкө түшөт бубагы.
Үн алышып сайрашат
Ала-Тоонун улары.
Эрбеңдешет алыстан,
Эликтин теке кураны.
Толугу менен айтпасам,
Таркабайт элдин кумары,
Оролу келбес сөздөрдү
Оңоп Токоң улады.

Токтогулдун айлынын
Арасы алыс канчалык.
Куш салып жүрчү кузгундар,
Колуна күмүш камчы алып.
Кедейлер жүрчү ал кезде,
Кенен жатпай тынч алып.
Кан соруучу кузгундун
Капканына кармалып,
Кайгыга батып карыптар,
Ал кезде жүрчү зарланып.
Теңдик күнгө жетпестен,

Текебер байга кармалып.
Кесирлүү байлар турчу эле,
Белине кызыл курчанып.
Кержейип жумуш кылчу эмес,
Көпкөнүн көр мынчалык.

Таңшыгын, тилим, талыкпай,
Тамга-Терек, Сөгөттөн,
Асыл булбул Токоңо
Айдоонун даты көп өткөн.
Ар бир сонун жайлоосун.
Сарттар, багыш, көп саяк,
Салкындап жайлап эл өткөн.
Келбес жанга Токонду
Керимбай айдап жөнөткөн.
Эл кыдырып келгемин
Үйрөнгөн өнөр себептен.
Адашып жүрүп ачкадан,
Жүрөккө кайгы чер өткөн.
Тескей жакта Балыгурт,
Баш жагы малга жай болот.
Салкын жыты жыпардай,
Ар төрү кенен сай болот.
Адамдын мээри кангандай,
Адыр-адыр бел болот.
Көйкөлгөн шибер сазына
Катар тартып эл конот.
Кетмен-Төбө жеримдин
Өзөндөрү кең болот.
Кыргыздын Ала-Тоолору
Кызыл алтын кен болот.
Туулган жерим бул кезде
Колхоз болуп камынып,
Эпкиндүүлөр пахтага
Шыманып кирди жабылып.

Эркек, аял эмгекчи эл
Эңсеген ишин сагынып,
Курулуштар оңолуп,
Жаштар өсүп торолуп,
Айнектүү ак там салынып,
Тентектер тезге түзүлдү,
Айласы кетип багынып.

Балыгы суула чалкыган,
Куулары көлдө калкыган.
Кийиги тоодон тынч алган,
Элиги черде бакырган,
Жайлоосу жашыл жибектей,
Жери жумшак балкыган.
Токою жашыл бүр алып,
Булбулдары таңшыган.
Кеңештин жарык күнүндө
Териме батпай семирдим.

Сибирде жүрүп айдалып,
Өткөрдүм жармын өмүрдүн.
Алып калгын, балдарым,
Токондун айткан ырларын,
Иретин бузбай кебимдин.
Аралашып аз жылы,
Жыргалын көрдүм элимдин.
Картайсам да калтырбай,
Капасын ачтым көңүлдүн.
Узагын сура, жаш балдар,
Алтындай башта өмүрдүн.
Колхоздун малын өстүрүп,
Жыргалын көр жериңдин!

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН АЛЫМКУЛ

А л ы м к у л:

Токтогул келе жатат – деп.
Калың эл уктук кабарды.
Алдыңдан тосуп Алымкул,
Айтып турат саламды.
Алыс жерге бардыңыз,
Токо, ат-көлүгүң аманбы?

Т о к т о г у л:

Ачып берди өкүмөт
Акыйкат тендик заманды.
Арабыздан тазалайт
Алдамчы бузук адамды.
Мурун болсо теңчилик,
Мен көрбөйт элем камалды.

А л ы м к у л:

Тосту калың элиңиз,
Торгоюм Токо, келиңиз.
Тою болуп кедейдин,
Толкуп жатат жерибиз.
Сыймык конуп кедейге,
Ойдо жок сонун көрүнүш.

Т о к т о г у л:

Куттуу болсун тоюңар,
Кубанган кедей элибиз.
Курсагы чоңдор ашыкпа,
Сыйрылат түбү териңиз.

А л ы м к у л:

Кагаз берип кадырлап,
Канча бел ашып адырлап,

Карган кезде бардыңыз,
Не көрдүңүз Пишпектен?

Т о к т о г у л:
Карыса да, келсин – деп,
Калк борборун көрсүн – деп,
Кабары чыккан атаңды
Калың кыргыз издеткен.

А л ы м к у л:
Агарып сакал калса да,
Алтымыш жашка барса да,
Аралап барып көп жерден,
Алдыңбы байге Пишпектен?

Т о к т о г у л:
Ачайын деп капамды,
Алдырышты атаңды.
Арыса да келсин – деп,
Алты сан кыргыз издеткен.

А л ы м к у л:
Саламат аман көрдүңбү,
Токо,
Самаган кыргыз калкыңды?
«Бир келген экен Током!» – деп,
Билдиби кыргыз баркыңды?

Т о к т о г у л:
Кырк жыл жерде жатса да,
Чирибейт деген алтынды.
«Кыргызга керек киши» – деп,
Калың эл билди баркымды.

А л ы м к у л:
Ашуу ашып, суу кечип,
Адырдан өттүң тегиз – деп,
Айланып келбей Ак-Чийге

Токо,
Кайда кеттиң эңиштеп?

Т о к т о г у л:

Алымкул балам, токтой тур,
Ак шумкар учат жем издеп,
Ак куулар учат көл издеп,
Пишпекке ала кетем – деп,
Айлыңа бардым таппадым,
Алмадай балам, сени издеп.

А л ы м к у л:

Айттым беле, э Токо,
Алганыңдан бериш – деп,
Кайрылып келбей Ак-Чийге,
Капкадан өттүң эңиштеп.

Т о к т о г у л:

Көп какшабай токтоп тур,
Карчыга учат жем издеп,
Каз, өрдөк учат көл издеп,
Кайрылып бардым Капкадан.
Кашыма кошуп алам – деп,
Каргадай балам, сени издеп.

А л ы м к у л:

Кырда турат желбиреп,
Кызылдан болду байрагы.
Кыз-келиндер аралаш,
Кызык болду майрамы.
Кесирлүүлөр келген жок,
Кедейдин бүтүн аймагы.

Т о к т о г у л:

Кысылып жүргөн кедейлер,
Кырга чыктың, сайрагын.

Кырк жылы кызмат кылсаң да,
Берген эмес каймагын,
Басынсын эми бай-манап,
Бүгүн, кыргыздан бөлүп айдагын.

А л ы м к у л:

Жарды-жалчы колунда
Жаркырайт кызыл байрагы.
Жан бакчылар келген жок,
Бул жалпы кедей аймагы.
Жаңырып элдин бактысы,
Жашасын кедей майрамы.

Т о к т о г у л:

Жанчылган кедей, кайдасың?
Жарыкка чыктың, сайрагын.
Жанчып жүргөн манапты
Бүгүн жанындан алыс айдагын.
Кесирлүүлөр бошотсун
Кедейдин конуш жайларын.

А л ы м к у л:

Эстейт экен калың эл,
Токо,
Сиздей элге керек асылды.
Еңчиликтин таңы атып,
Денебиз жумшап жазылды.
Ардактайт элиң ар убак,
Токо,
Алмадай асыл башыңды.

Т о к т о г у л:

Батыраак, кедей ээлейсиң,
Бай-манап жүрчү өрүштү.
Ачып берди кедейге
Түбөлүк байлык жемишти.

Ак там салып, дарак тик,
Алдыңар, кедей тегизди.
Кедейлер, көргүн бет болуп,
Кесир сүйлөп турганды.
Көтөр, кедей колуңду,
Көрөсүң теңдик жыргалды.
Балам, мен жалаа менен айдалдым,
Ыраатын көрбөй элимдин,
Кыйноодо жүрүп картайдым,
Кызыгын көрбөй өмүрдүн.
Карып калган атаңа
Капканы калды жакындап,
Каражолтой өлүмдүн.
Аман жүрүп жетилсең,
Акыны болгун атактуу
Ак калпак кыргыз элиңдин.
«Акын Током сөзү» – деп,
Айта жүр, балам, бардыгын
Менин, алтындай ширин кебимдин.

## «КАРЫПТЫРСЫҢ ЧАЛ» – ДЕДИ

(1928-жылы Кыргыз өкүмөтү улуу демократ акын Токтогулду борборго фестивалга чакырат. 1929-жылы шакирти кадимки Калык акын жолукканда: «Өкүмөт сизди чакырып барды деп уктум эле, эмне сый көрдүңүз, Токо?» – деп сурайт. Ошондогу Токонун жообу):

– Балам, кулак салгын чын кепке,
Чакырып барды Бишкекке.
Барбайт элем өзүмчө
Чакырып алды милдетке.

Кээ бирөө сүйсө: «Токо!» – деп,
Кээ бирөө мени сүйбөдү.
Келжиреп калган экен – деп,
Кээ бирөө жаман сүйлөдү.

Карыптырсың чал – деди,
Кайра кетип кал – деди.
Карыганда жанды кыйнабай,
Тынч эле жатып ал – деди.

**БАЛАЛЫК**

Алтын жаак, жез таңдай,
Акын болгон Токоңдун
Башынан өткөн балалык.
Казал айткан бул сөзүм,
Кыргызга калсын таралып.
Алтын ширин нечен сөз,
Аныктап элге жайылсын,
Ичиме кетер камалып,
Балалык ойноо эң кызык,
Ыр менен кабар алалык.

Сайраган тилим талбачы,
Жыйылган топко чабалык.
Кайран жаштык өмүрүм,
Өтүп кетти саналып.

Адамды көзгө илбеген,
Дүйнөнүн жайын билбеген.
Айтылуу ханың болсо да,
Алдынан чыкса тилдеген.
Бир жашында билинип,
Кылыгы көзгө илинип.
Баланын жыты жыпардай,
Дүйнөгө көзүң тигилип.

Эки жашар кезинде
Күлдүн баарын чаңдатып,
Чарчаганды билбестен,
Мейманды көзгө илбестен,
Басып жүрөт балалык.
Энесинен башкадан
Жат кишиче жалтанып,
Качып жүрөт балалык.
Сайрачы таңшып комузум,
Балалык жыргал кызыкты,
Ыр менен элге жаялык!
Үчкө жашы чыкканда.
Жыгылып туруп сүйүнүп,
Алдыдан чыкса аталап,
Көтөрүп алып жыттасаң
Чарчаганың билинбейт,
Шашып келсең куйүгүп.
Баланын тили эң кызык,
Сүйлөп берсе кужурап.
Таңга маал ойгонуп,
Торгой мисал быжырап,
Үч жашар ойноо кезинде
Тили чыгат булбулдун,
Аламан сүйлөп бергенде,
Кайгысы чыгат муңдуунун.
«Кагылайын тилиңден» –
Деп жалынып апасы,
Ак сүтүн берип эмизип,
Алдап тамак жегизип,
Курсагы менен күлкүсү,
Баланын жоктур санаасы,
Ата-энеси жыттаса,
Алыс качат капасы.

Таңга маал торгойдой
Сайрап турат балалык.

Төрткө жашы чыкканда,
Уруштуруп балдарды
Кайрап турат балалык.
Бешке жашы чыкканда.
Кайгы, капа оилонбой,
Жайнап турат балалык.
Элде жокту «тапкын» – деп,
Ата менен энесин
Кыйнап турат балалык.

Бала кезде Токондун –
Башынан өткөн балалык.
Төрөлүпмүн ал кезде,
Азаптуу күнгө жаралып.
Балалык жөнүн айтпасам,
Дүйнөдөн кайтсам бир күнү,
Курсакта кетер камалып.
Балалык кезиң өткөн соң,
Калат го сакал агарып.
Карылыкка жеткен соң,
Келин кийчү шайыга
Жатсаң келбейт балалык.
Арман кылып ыр кошуп,
Айтсаң келбейт балалык.

Барчынга таптап куш салып,
Кардыгып үнүң бүткөн соң,
Кырдасаң келбейт балалык.
Кайран жаштык өткөн соң,
Ырдасаң келбейт балалык.
Кайрат кылып канчалык,
Ырдасаң келбейт балалык.

Картайганда бой түзөп,
Сынасаң келбейт балалык.

Тогуз жолдун тоомунда
Үшкүрүп үч ай токсон күн
Турсаң келбейт балалык.
Тобурчак минип артынан,
Куусаң келбейт балалык.

Алты жашка чыкканда:
Алышып ойноп жаш балдар,
Кыйын кызмат кылгансып,
Чарчап келет алсырап,
Жааган күндөй бүркөлүп,
Апасынан нан сурап.
Багалек түрүп жарышып,
Башы оогон жакка барышып,
Көпөлөк kууп «Кон...Кон» деп,
Кумардан чыгып канышып.
Боз борбаштын баласын
Куш кылып таптап салышып.
Чегиртке жесе борбашы,
Кубанышат дарбышып.
Каткырып күлүп калышып,
Кандай кызык балалык!
Балалык баштан өткөн соң,
Ажырап бизден кеткен соң,
Кайра келбейт балалык.

Ак кар кетип, жаз келип,
Жер карайып, көк чыгып,
Көк тукаба өңдөнүп,
Көйкөлүп шибер чөп чыгып,
Жер гүлдөгөн кезинде,
Байчечекей, мандалак
Жайнаган жердин бетинде.
Сүйүнүп балдар теришип,
Ар кимиси бир-бирден

Торпок минип эңишип.
Шиш менен жерди челишип,
Томурандап жаш балдар,
Жетиге жашы чыкканда,
Акактатып тердетип,
Чүлүк тагып мурдуна,
Ак өпкө кылып курутуп.
Чатакташкан эмедей,
Тебетей калып бир жерде,
Чапанын таштап унутуп.
Жаактан ылдый тер агып,
Башынан майын чыгарып,
Жоогазын менен мандалак
Казганына кубанып.
Кара суу кечип түрүнүп,
Чыбыктан кесип ат минип,
Чымылдап чуркап күйүгүп.
«Менин атым күлүк» – деп,
Чыккандары сүйүнүп.

Кара баткак, чаң кечип,
Тарам-тарам жарылып,
Балтырынан кан агып.
Ары-бери чуркашып,
Бир күндө он беш суу кечет.
Бирин бири «жүр» дешет:
«Кечээ көргөн чымчыктын,
Балапанын алалык.
Баарыбыз барып чоң сазга,
Чегирткеге салалык».
Кандай кызык иштери,
Кайра келбейт балалык.

Сегизге жашы чыкканда.
Секирип ойноп жүрсө да,
Ойну канбайт балалык.

Тогузга жашы чыкканда.
Балалык саал токтолуп,
Үч жашар ойноо кездеги,
Элестер келбейт жок болуп.

Онго жашы чыкканда,
Балдар менен күн-түнү –
Ойноп жүрөт оолугуп.

Он бирге жашы чыкканда,
Эчтемени билбеген,
Келин-кыздан чочунуп.

Он бешке жашы барганда,
Балалык кыял токтолуп,
Ортодон эки жыл өтүп,
Он сегизде ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп.
Кеп айтмакка жакындап,
Келин-кызга октолуп.
Жыйырма жашка чыкканда,
Жалындуу жүрөк от болуп,
Келин-кызга кыйшаңдап,
Кезектүү жерден жолукпай,
Зырп этип ичи чок болуп.

Кайран жаштык жыйырма беш,
Кайрат толгон убагың.
Укурук салган кур аттай,
Жайнап толгон убагың.
Балдар менен булкушуп,
Күч сынашып турмакка,
Кандай да болсо кам урат,
Көтөрүп жерге урмакка.
Жабдык салып, ат минип,

Жарышкың келет балалык.
Ат үстүнөн эңишип,
Бирин бири жеңсем – деп,
Алышкың келет балалык.

Балалык өткөн башымдан,
Жаш кезимден айдалып,
Эки кол кайчы байланып,
Кыйноо тарткам жашымдан.
Жаңшасам ырдап жактырбай,
Каршы чыгып Токоңо,
Жалпы зулум асылган.
Кузгундардын зарпынан
Кармалып кеткем Сибирге,
Каргадай балам кашынан.
Жыйылган топко талыкпай,
Булбул Токоң таңшыган.
Ала барчын бүркүттөй,
Бала кезде шаңшыган.
Жыйырма бешке койсочу,
Өмүрдү өйдө жылдырбай,
Жаратканда башынан.
Бала кезде ырдасам,
Бардык адам жашыган.
Кайра келбейт балалык,
Кайрылбай бизден кеткен соң,
Кирген суудай жаштыкты
Кайдан издеп табалык?
Бир күнчө эркин билинбей,
Өтүп кетет өмүрүң.
Кадырлашып сыйлашып,
Капа болбой, жаш балдар,
Көтөргүлө көңүлүң.
Картайып кеттим, кайран жаш,
Ажалдан аман сактаса,

Далайды көрөт алтын баш.
Жаш кезимде айдалдым,
Капканга түшүп камалдым.

Жыргалын көрбөй элимин,
Атам деп ыйлап калбады,
Азамат уул, келиним.
Балалык кезде токтобой,
Алып учуп элирип
Жылкыдай туйлайт жүрөгүң,
Талаанын кызыл гүлүндөй
Тамылжып сонун ирениң.

Айдалып жүрүп нечен жыл,
Азап тартып жүдөдүм.
Каршы чыгып Токоңо,
Кузгундар салган жүгөнүн.
Агарган таң, жарык күн,
Ошол кезде зарланып,
Тийсе экен деп тиледим.
Жыргал доор, кең заман,
Жаштарым, келди тилегиң,
Кайран жаштык балалык,
Жатпагын бекер камалып.
Сайраганда Токоңдун
Түгөнбөйт ыры жамалып.

Отузга жашың барганда,
Он сегиз менен жыйырма беш,
Ойлосоң, артта калганда.
Ойноп күлгүн, жаш балдар,
Калбагын бекер арманда.
Теңтуштун көөнүн калтырып,
Жаман айтып тилдешип,
Жакалашпа жалганда.

Каруусу кетип басалбайт,
Карылык жетип калганда.
Пенде качып кутулбайт,
Канча мыкты болсоң да,
Суук өкүм кишен салганда.
Кайра келбейт балалык,
Жаш кезекти ойлосо,
Ким да болсо арманда.

Кыркка жашың жеткенде,
Жиниңдин баары кагылып,
Жайкы жүргөн закымдай,
Балалык баштан өткөндө,
Ойлойсуң шону сагынып.
Ата-энең көзгө көрүнбөйт,
Бала кезде көпкөндө.
Ала барчын түнөгөн,
Аскалуу курбу кызыл таш.
Өмүрүң өтүп билинбейт,
Кырктын өзү кыйла жаш.
Кырк бешиңде белсенип,
Түрүнсөң келбейт балалык.
Түрлүү сонун асылдан
Кийинсең келбейт балалык.
Жаштар менен жарышып,
Жүгүрсөң келбейт балалык.
Аксарбашыл кой союп,
Бүлүнсөң келбейт балалык.

Кырк бештен жашың ашканда,
Элүүгө кадам басканда,
Эңкейип белиң ийилет,
Эстеген менен жетпейсиң,
Элирип жаштык качканда.

Кайрылып сени карабайт,
Какшанып тилеп жатсаң да.

Элүү башке барганда
Балалык кетет таптырбай,
Келин-кызга кеп айтсаң,
«Катыгүн!» – деп жактырбай,
Арман кылып ошондо,
Картайганың билинет.

Алтымышка барганда,
Бутуңа тушоо салганда,
Эки тизең бүгүлөт.
«Ак сакалдуу аке» – деп,
Карылыктын белгиси –
Келиндериң жүгүнөт.
Кейпиң кетет мүчөңдөн,
Жылуусу кайтат тизеңден.
Колуңдан кайрат-күч кетет,
Жаш кезинде ишенген.
Кечке чейин ойлонсоң,
Келбеси анык балалык.
Алтымыштын өзүндө
Аркандаган аттайсың,
Кейикчээл болсоң картайып,
Келиниңе батпайсың.
Эки тизең урулуп,
Кемпириң менен жатпайсың.

Алтымыштын бешинде
Айылга жаман көрүнбөй,
Напсиңди тый, эсирбе!
Көкүрөк соо, дарман жок,
Балалык турат эсиңде.
Таяк алып колуңа,

Малды көздөп турасың
Эртең менен кечинде.

Жетимишке барганда,
Ийилип белиң калганда,
Балалыкты ойлонуп,
Болосуң жаман арманда.
Жаштарга жаман көрүнбө,
Агарып сакал калганда.

Жетимиш бешке барганда.
Кыялың болот баладай,
Чолпондой болгон эки көз,
Тиктөөгө калат жарабай.
Карыш жерге басалбай,
Картайганың билинет.
«Аттиң, кайран жаштык!» – деп,
Көкүрөгүң кирилдеп,
Кийимге мүчөң келишпейт,
Шалдырап боюң бириндеп.
Сыпатың кетип калганда,
Белиңден кайрат-күч кетет,
Колуңдан кылар иш кетет.
Аныктап укурук салганда,
Ак шумкарды колго алып,
Айдың-Көлдү жээктеп,
Бойлосоң келбейт балалык.
Балдар менен жарышып,
Ойносоң келбейт балалык.
Санааңды бөлүп жүгүртүп,
Ойлосоң келбейт балалык.
Көк шумкарды колго алып,
Көк тескейди капталдап,
Бойлосоң келбейт балалык.
Сексенге жашың барганда,

Селкилерге кошулуп,
Ойносоң келбейт балалык.
Көңүлүңдү көтөрүп,
Ойлосоң келбейт балалык.

Базардагы сооданын
Наркын билбейт балалык.
Ата менен эненин
Баркын билбейт балалык.
Колу, бутун какшатып,
Жууганды билбейт балалык.
Сабыр кылып бир жерге
Турганды билбейт балалык.
Бир жатындаш төрөгөн
Тууганды билбейт балалык.
Кызылды көрсө кылчактап,
Кызыгып турат балалык.
«Алып качсам жетпейт» – деп,
Бузулуп турат балалык.
Ачуусу тез кишиден
Кысынып турат балалык.
Тийбегенге тийишип,
Кутуруп турат балалык.
Экөө болсо, бирөөнү
Уруп жүрөт балалык.
Көрүнгөндөн жемени,
Угуп жүрөт балалык.
Эрегишип ойношуп,
Айылдын четин болжошуп,
Балбандарча марашып,
Эки чүкө талашып,
Жөөлөшөт балалык.
Бир заматта элдешип,
Биригишет балалык.
Ак чөлмөк ойноп чуркашып,

Сүйүнүшөт балалык.
Көпөлөктү көргөндө,
Эки көзүн айырбай
Жүгүрүшөт балалык.
Тебетей менен жеткени
Чаап алса кубанып,
Жарышып жүрсө тызылдап,
Жаш балдарга ылайык.
Уттуруп койсо чүкөсүн,
Кабагы салык томсоруп,
Күйүнүшөт балалык.
Кыйшык консо сакасы,
Кызарышып чырдашып,
Сөгүнүшөт балалык.
Чебеленип чыйпылдап,
Сүйлөп турат балалык.
Кызыганда кыйкырып,
Жаат болуп бир-бирин
Тилдеп турат балалык.
Даярдашып колдорун,
Ыкыс берип беттешип,
Күүлөп турат балалык.
«Курумду берип кеткин» – деп,
Кычы кылып калыска,
Сүйрөп турат балалык.

Көк чыбыктан тандашып,
Ат минишет балалык.
Көңүлдөрүн көтөрүп,
Шат жүрүшөт балалык.
Жарышабыз бүгүн – деп,
Аттарыңды мингин – деп,
Болжол коюп бир жерди,
Бак кылышат балалык.
Атым бар деп аябай,

Жанын чабат балалык.
Шакылдата ургулап,
Санын чабат балалык.
«Менин атым чыкты» – деп,
Бирөө келет кууланып,
Итере салып сен мени,
Ошон үчүн чыкты – деп;
Өздөрүнө көп чатак
Жана салат балалык.
Бул жарышкан болбойт – деп,
Кайра чабат балалык,
Чарчаганда, башынан
Майы тамат балалык.
Ойдо жокту ойлонуп,
Жаңы табат балалык.
Бирин бири кектешип,
Сен үйүңө кет дешип,
Чындап турат балалык.
Айылды көзгө илбестен,
Кары, жашты билбестен,
Келсе дагы, келбесе,
Ырдап турат балалык.
Кеч киргенде чарчашып,
Кызарып чүкө калчашып,
«Кайта өкчөгөн болбойт» – деп,
Карганышып антташып,
Тентек жүрөт балалык.
Тиричиликти түк билбейт,
Ачуусу келсе урушуп,
Чакырсаң да түк күлбөйт.
Эс тартканча кубатын,
Кыйнап жүрөт балалык.
Бейбаштыктан келтек жеп,
Ыйлап жүрөт балалык.
Чүкө берген кишини

Өмүрүнчө унутпай,
Сыйлап жүрөт балалык.
Ар кайсыга оолугуп,
Жиндеп жүрөт балалык.
«Алчыдан жазбайт сакам» – деп,
Мактанып төшүн ургулап.
«Мен ким!» – деп жүрөт балалык.
Башаламан тантырап,
Сүйлөп жүрөт балалык.
Кыялына жакпаса,
Атасындай адамды
Тилдеп жүрөт балалык.
Арабам деп сүйүнүп,
Дагырага жип байлап,
Сүйрөп жүрөт балалык.
Уят сөздү билбестен,
Үйдүн ичин бүлдүрүп,
Элдин барын күлдүрүп,
Чачып жүрөт балалык.
Апасынан тил укса,
Бүргөдөй ыргып секирип,
Качып жүрөт балалык.
Карышкыр коюн кыргансып,
Катуу жумуш кылгансып,
Шашып жүрөт балалык.
Көзү түшсө бир ишке,
Топтолушуп келишет,
Тобокел деп киришке,
Эрегишкен адамча,
Ата-эненин абийирин
Ачып жүрөт балалык.
Үйүндөгү буюмун
Ата-энеден жашырып,
Үч-төрт чүкө бергенге
Сатып жүрөт балалык.

Суу мылтык кылып алышып,
Пахтадан чайнап ок кылып,
Шилекейин агызып,
Чымчыктарды кубалап,
Атып жүрөт балалык.
Меники жакшы мылтык – деп,
Сарамжалдап сактанып,
Тырс деп калса мактанып,
Эң бир сонун кызыкка
Батып жүрөт балалык.
Үч тыйынга баа коюп,
Сатып жүрөт балалык.
Кымтый алган буюмун,
Эч бирөөгө көрсөтпөй,
Сындырышат балалык.
Билип калса чуулдап,
Чын кылышат балалык.
Ийинин көрсө чычкандын
Суу куюшат балалык.
Ийинден кууп чычканды,
Тынчына койбой чыгарып,
«Келгиле, балдар, мында» – деп,
Чуу кылышат балалык.
Адырдан түлкү куугансып,
Чыбык менен чапкылап,
Өлтүрүшөт балалык.
Колдон качкан азоону
Көндүрүшөт балалык.
Тынбай сайрап бул Токоң,
Он жашында ырдаган.
Сабыр кылып эч качан
Бир жерге тынып турбаган.
«Жаңшаган булбул болот» – деп,
Карыялар сындаган.
Кежир болот балалык,

Кезектүү ишти кылбаган.
Тай кулундай элирип,
Так секирип туйлаган.
Айтып коёт көргөнүн,
Балалыктын ичине –
Бир ооз сөз сыйбаган.
«Айранды сүткө кошкун» – деп,
Апасын кыйнап ыйлаган.
Жаш кезекте Токтогул –
Балдар менен кошулуп,
Баш оогон жакка баргамын.
Баарынан күлүк мен элем,
Балапан кууп алгамын.
Багалектеп күрөшүп,
Балдардын жыккам балбанын.
Тамтыгын койбой айыргам,
Дамбалы менен чалбарын.
Ак сүтүн берип эмизген,
Алдап тамак жегизген,
Энемдин тилин албадым.
Күн батканда келчүмүн,
Оюндан канбай арманым.
Чарчагансып сандалып,
Балалык бойдон кетсе да,
Карылык кууп жетсе да,
Көңүлгө бекем кармадык,
Алтындай ширин сөздөрүм –
Балдарга калсын арналып.
Сайрагын, тилим, талыкпай,
Таңшыгын, добуш, кардыкпай,
Балалыктын жөнүнөн.

Бакка конгон булбулдай,
Барган сайын төгүлгөн.
Балалык кыял жаш кезде,

Туурга конгон туйгундай,
Кыз-келиндин ичинде –
Кылыгым сонун көрүнгөн.
Талбаган күлүк мен элем,
Сүрөтпөй топтон бөлүнгөн.
Таң атып, күн чыкса да,
Танбаган адам кебимден.
Артымда балам жаш калып,
Көрбөдүм убай келинден.
Токондун толук пикири
Ыр, комузга берилген.
Коного чапкан күлүктөй,
Кызыганда элирген.
«Кутулсам!» – деп зарлагам,
Эрк бербеген замандан,
Балалыктын кыялы
Оюмда турат кетпеген.
«Торгойдой Током ыры» – деп,
Арманда болуп бир көргөн,
Уксам деп кайра дегдеген.
Көкүрөктө казалым,
Көмөкөйдөн жаңырган.
Килитин ырдын ачканда,
Куйрук улаш табылган.
Бала кезде ырдасам,
Дайранын ташкын суундай
Барган сайын төкчү элем,
Башка сөзгө бурулбай.
Сайрап чыксам жашымдан
Сарттар, багыш элимден,
Кетмен-Төбө, Шамшыкал,
Киндик кесип, кир жууган
Касиеттүү жеримден.
Ат аксаган байгеден,
Аягын ташка кагынып,

Балалык айткан бул сөзүм,
Бекер жерге калбастан,
Жаштарга кетсин жайылып.
Токондун сөзү түгөнбөйт,
Калың топко барганда,
Кайнап чыгат табылып.
Жыргалдуу заман туш келди,
Аман болсоң көрөрсүң,
Ар кандай сонун жаңылык!
Ушу кезде калбапмын,
Жаңыдан кайра туулуп.
Эрктүү жыргал заманда,
Кайгыңар кетти жуулуп.
Бизге каршы кузгундар
Түпсүз болуп жок болду,
Эл ичинен куулуп.

## КҮЛГҮН ЖАШ ӨТҮП ЭСКИРЕТ

Күн чыгып, качан кеч кирет?
Күлгүн жаш өтүп эскирет.
«Күлгүн жаш өтүп кетти» – деп,
Күйүттүү киши үшкүрөт.

Ай чыгып, качан кеч кирет?
Асыл жан өтүп эскирет.
«Асыл жан өтүп кетти» – деп,
Армандуу киши үшкүрөт.

Кыраңга бүткөн тал элек,
Бир убакта биз дагы –
Кыл мурут кызыл бала элек.
Кыл мурутум ак болду,
Кыз-келин менден жат болду.

Кериге бүткөн тал элек,
Бир убакта биз дагы
Кер мурут кызыл бала элек.
Кер мурутум ак болду,
Келиндер менден жат болду.

Кериге бүткөн тал болдум,
Келин түгүл, кыз түгүл,
Эми кемпириме зар болдум.
Эсил жаштык өткөнүн
Эстеп кээде капамын,
Эң көп ойго батамын.

## ӨМҮР

Ат арыбас болсочу,
Жаш карыбас болсочу,
Жаратканы чын болсо,
Жай-жайына койсочу.

Кызыл оңбос болсочу,
Кыз бурулбас болсочу.
Көгөргөнү чын болсо,
Гүлдөр соолбос болсочу.

Жибек оңбос болсочу,
Жигит өлбөс болсочу.
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге көмбөс болсочу.

Чөп куурабас болсочу,
Көз тунарбас болсочу.
Кызыл жүзү бозоруп,
Кыз кубарбас болсочу.

Картаң өмүр жыйырма беш,
Жашка барар болсочу.
Кайран жанды кол менен
Жасап алар болсочу.

Өзөнгө элим толсочу,
Өмүр өтпөс болсочу,
Жашка ажал келбес болсочу,
Жакшы адам өлбөс болсочу.

Балалыкта гүл чайпап,
Балапан куштай толорсуң,
Кайран өмүр өткөн соң,
Кайрылып келбей коёрсуң.

Аргымак болсоң ноёрсуң,
Ак болот болсоң жоёрсуң.
Алтындай өмүр өткөн соң,
Артыңа келбей коёрсуң.

## КАРЫЛЫК

Көмүрчүнүн атындай
Кыйшаң болгон кезегим,
Көп өмүрүм өткөрүп,
Шыйпаң болгон кезегим.

Араба тарткан тор аттай,
Оор болгон кезегим.
Омурткамдан жыртылып,
Жоор болгон кезегим.

Арканы жок, жиби жок,
Тушайт экен карылык,

Колду, бутту кан кылбай,
Бычат экен карылык.

Күрүчтөй болгон тишиңди
Чагат экен карылык.
Каран түндү башыңа
Салат экен карылык.

Сайраган булбул тилиңди
Бууйт экен карылык.
Сайгактай болуп өмүрдү
Кууйт экен карылык.

Картайып кеттим, Токтогул,
Кара чачым ак болуп,
Кайран жашты жоктодум.
Канаттуу куштай балалык,
Кайрылып келбейт окшодуң?..

Эскирип кеттим, Токтогул,
Ээгимде сакал ак болуп,
Эсиз жашты жоктодум.
Ителги куштай балалык,
Эңсесем, келбейт окшодуң.

Картайып кеттим, кайран баш,
Кайрылып келбес арман жаш,
Катарымдан калтырды
Карылыкка барган жаш.

Эскирип кеттим, эсиз баш,
Эңсесем, келбес арман жаш,
Эл көзүнө жеңилттиң,
Элүү бешке барган жаш.

Аяктай булчуң эт кетти,
Анардай кызыл бет кетти.
Алтымышка жакындап,
Айыл-үйдөн четтетти.

Көрүнбөй жыгып карылык,
Көзүмдүн курчу жашыды.
Көргөнүмдүн баарысын
Көкүрөккө ташыды.

Белди эңкейтип, күчтү алды,
Берметтей аппак тишти алды.
Бузулуп урап короосу,
Булдурттап кызыл тил калды.

«Күкүгүм Током, кайда?» – деп,
Көксөөчү эле катарым,
Көңүлдүн оту өчкөнгө,
Күйүт менен капамын.

Каалаганды алдырбай,
Каршы келди карылык.
Калың топко баралбай,
Каламынбы зарыгып?

Агарды менин сакалым,
Арманым айтып жатамын.
«Акын Током кайда?» – деп,
Арзычу эле катарым.

Андагыдай жашым жок,
Аны ойлосом капамын,
Алтымышка мен чыгып,
Алдыма келди сапарым.

Эңиштеди базарым,
Эстегенде капамын.
Ээгим түшсө мейличи,
Эрмек болуп жатамын.

Бир кезекте байкасам,
Кериде кырчын тал элем,
Келин-кыздын жанында.
Көп сүйлөөчү бала элем.

Кеч киргенде кадимки
Күйүп турчу шам элем.
Керектүү күчтүн барында,
Керилген булбул жан элем.

Бул кезекте байкасам,
Кериге оттоп мал болдум.
Кезегим кетип башымдан,
Кебимди таппай дал болдум.

Келин-кыз түгүл бу кезде.
Кемпириме зар болдум.
Керилген жаштан айрылып,
Кебимди таппай дал болдум.

Алы-күчтөн ажырап,
Арып калган кезегим.
Аппак болуп сакалым,
Карып калган кезегим.

Жол жоргодон бул кезде
Танып калган кезегим.
Жанып келбес болсо да,
Жаштыгымды сеземин.

Жоголсом жалган дүйнөдөн,
Жоругум айтсын өз элим...
Кара жаак кызыл тил,
Кармасам колго комузду
Калың элдин ичинде
Какшатчу элем добушту.

Каруу, күч кетти жонумдан,
Кайран жаш кетти колумдан.
Картайып Токоң бөлүндү,
Кайран жаштын тобунан.

Ысыгы кетти койнумдун,
Кызыгы кетти ойнумдун,
Алтымыш жаш, сен келип
Асыл сөздү койдурдуң.

Кериден ташты көтөргөн,
Кетти кайран балбан көз.
Келин-кыздын жанында
Келтирип комуз чалган кез.

Атаны арман карылык,
Алтымыш жашап карыдык.
Какшансам кайра жашарбайм,
Капалуу көңүл тарыгып.

Кайран жаш келбейт кайрылып,
Калганым жаштан айрылып.
Келиндерге мен калдым.
Кеп айтыштан айбыгып.

Күндө үч убак май берип,
Сыйласаң келбейт жатчылык.

Күнүгө арман күү чертип,
Ыйласаң келбейт жашчылык.

Күндө мээнет тарткызып,
Кыйнасаң кетпейт карылык.
Боюңа туташ чапталган,
Туйласаң кетпейт карылык.

Күндө муңдуу күү чертип,
Чакырсаң келбейт жашчылык.
Күрөк менен күмүштү
Сапырсаң келбейт жашчылык.

Бакшы болуп кыйкырып,
Бакырсаң кетпейт карылык,
Бычагыңды этиңе
Батырсаң кетпейт карылык.

Күндө үч убак телмирип,
Жалынса келбейт жашчылык.
Бүтүн денең алтынга
Малынса келбейт жашчылык.

Арстандан бетер качырып,
Чамынсаң кетпейт карылык.
«Арбак урган шүмшүк» – деп,
Таарынсаң кетпейт карылык.

Алтын жабуу үртүктөп,
Ат минсең келбейт жашчылык.
Арманың жазып муңайып,
Кат берсең келбейт жашчылык.

Соёмун деп чоң бычак
Апкелсең кетпейт карылык.

Чоң баканды көтөрүп,
Тап берсең кетпейт карылык.

Элден мурун эңкейип,
Белимди алды карылык.
Көкүрөктү көтөрткөн,
Желимди алды карылык.
Оозумдагы шекердей
Кебимди алды карылык.

Тик бастыртпай бөкчөйтүп,
Тиземди алды карылык.
Эки бутту жылдырбай,
Кишен салды карылык.

Кадам бассаң арбыбас,
Тушоо салды карылык.
Кара темир чынжырдан,
Кырчоо салды карылык.

Үстү-үстүнө үшкүртүп,
Күчүмдү алды карылык.
Дал ортомду бүкчүйтүп,
Мүчөмдү алды карылык.

Шалбыратып теримди,
Этимди алды карылык.
Айдай тунук тастайган,
Бетимди алды карылык.

Карайлатып тунартып,
Көзүмдү алды карылык.
Эми билсең, оңбогур,
Өчүң канды, карылык!

Балдан таттуу ооздон
Сөзүмдү алды карылык.
Ушинтип жүрүп акыры
Өзүмдү алды карылык.

Айткан сөздү угузбай,
Кулакты алды карылык.
Жаштыктын соккон дубалы
Урап калды, карылык.

Жетимишке барганым –
Жеткирип айткан арманым.
Жемирилген жарга окшоп,
Кетти менин дарманым.

Жаш кезекте жабыгып,
Жыргал көрбөй зарладым.
Жетимиш жашка туш кылып,
Армандуу дүйнө, алдадың.

Эсил кайран, Токтогул,
Эркин жашты жоктогун,
Эсил өмүр, гүлдөй жаш,
Эки келбес окшодуң.

Кайрып чертчи, Токтогул,
Кайран жан, кайрылып келбейт окшодуң.
Картайып белим бүкчүйдү,
Калкымдан кетер окшодум.

Айтып чертчи, Токтогул,
Алтындай жашты жоктогун.
Асыл өмүр, гүлдөй жаш,
Айланып келбес окшодуң.

Буруп чертчи, Токтогул,
Булбул жан, бурулуп келбейт окшодуң.
Буурул болсом мейличи,
Буралган жашты жоктодум.

## ТОКТОГУЛДУН ӨЛҮМ АЛДЫНДА ЫРДАГАНЫ

Эки эли тилим сүйлөсүн,
Эки эли тилим өзү эмес,
Ээрчиген добуш үндөсүн.
Эсилиң Токоң көзү өтсө,
Эсине алып ким көрөт,
Эңилчек баскан мүрзөсүн?..
Элимден кетсем мейличи,
Эркинде элим гүлдөсүн.

Кара тилим сүйлөсүн,
Кара тил жалгыз өзү эмес,
Комузум  добуш үндөсүн.
Кайран Токоң көзү өтсө,
Кайрылып келип ким көрөт,
Кара чым баскан мүрзөсүн?..
Калкымдан кетсем мейличи,
Калың журтум гүлдөсүн.
Боз булбул Токоң сүйлөсүн,
Боздогон жалгыз тил эмес,
Борумдуу добуш үндөсүн.
Боз булбул Токоң көзү өтсө,
Бурулуп келип ким көрөт,
Боз турпак баскан мүрзөсүн?
Бөлүнсөм деле мейличи,
Бөтөнчө  элим гүлдөсүн!..

# ЖАҢЫДАН ЖАРЫК КӨРҮП ЖАТКАН ЫРЛАРЫ

## ТОКТОГУЛДУН ЖАМБЫЛ МЕНЕН ЖОЛУГУШКАНЫ

Т о к т о г у л:

Оюңду айтып отур, Жамбыл акын,
Көпчүлүк биздин ишке өтө жакын.
Биргелешип казак, кыргыз бузулбасак,
Болбос дейм, Жамбыл акын, бизге таакым.

Олуя-Ата сенин шаарың, менин шаарым.
Кыдырып казак элин келдим баарын.
Азапты сен да тарттың, мен да тарттым.
Ажыдаар салган эле бизге заарын.

Сурасаң Токтогулдан ушул, алды,
Кордуктап кол-бутума кишен салды.
Кайраттан, акын Жамбыл, тайманбагын,
Жараткан алат экен чымын жанды.

Көп сүйбө төрт түлүктү, жыйган малды.
Түбүндө ошол сорот актык канды.
Түрмөдө көптү көрүп көсөм болдум,
Аяба балшабектен ысык жанды.

Келечек кандай оңот, кандай болот?
Ар адам ойго түшсө такыр тойбойт.
Дүйнөдө канча санда адам болсо,
Кара жер өмүрүндө канга тойбойт.

Картайсаң көкүрөгүң билип турат,
Мөлтүлдөп көздөн жашың куюп турат.
Карыдым деп кантесиң эсепке алып,
Артыңдан асыл жаштар өсүп турат.

Күн  чыгып, жарык болуп, кайра батат,
Билимдүү кантип чыдап үйдө жатат?
Арада ар бир түрлүү адамдар бар
Сыртыңдан билдирбестен алдап сатат.

Жамбылдын жообу:

Кыргыздын бир шумкары, кырдап кеткен
Түбүндө акындыгың түпкө жеткен.
Душмандык боло берет. Көрө албастан
Биз тургай, бизден мыкты Пушкин өткөн.

Дүнүйө бирде болот, бирде болбойт,
Бак-дөөлөт бир адамга дайым конбойт.
Токтогул, өткөн ишке өкүнбөгүн,
Башыңа бул жамандык кайра болбойт.

Элиңе бар, эч убакта ташташа албайт,
Акынды чоркок адам башташа албайт.
Күн чыгып, жер жүзүнө нурун чачса,
Душмандын күчү кетип, какшата албайт.

Телизмаз менин жерим, казак элим
Ызааттайт кыздар менен жубан, келин.

Жамандык, жакшылыкты эске алышып,
Сыйлашат өткөндөгү баатыр шерин.

Таң атып, куттукташып булбул келер
Досуң да миң кайрылып салам берер.
Мусаапыр, мундуу, черлүү жүрөгүндөн
Муз эрип, ичиндеги муң да кетээр.

Сен дагы бир чынардын булбулусуң
Талыкпас көп жыйындын дулдулусуң.
Акыйкат аз болгон соң, айла канча
Капаста кайгы тарткан кургурусуң.

Кабарың мен да угуп кайгыргамын,
Картайып асыл жаштан айрылгамын.
Көрөтүн булбулдардын күнү жок – деп,
Азабын арбын тарттым курган жандын.

## САЛАМ АЙТАМ БАЛАМА

1931-жылы апрель ичинде Кетмен-Төбө районуна Жылкыбаев Жумай райкомдун биринчи секретары болуп келгенде Токтогулдун тосуп ырдаган ыры. (Араб арибинде жазып алган Ыманбай Кенжегулов, азыркы кыргыз тамгасына көчүргөн Омор Сооронов.)

### I

Көңүлүм тынбайт санаада,
Эсен болсоң Ыманбай,
Кегимди кууп алам да.
Кудай буйрук бергенде
Кекиртектеп калам да.

Кезеги келди манаптын
Мен түшкөн орго салам да.

Айланайын баламдан,
Ажыраттың санаамдан.
Саргайып жүргөн кезимде
Куткардың, элим, санаадан.
Дүнүйөгө мас болгон
Тапканы бүтүн арамдан.
Карып калган кезимде
Айыктырдың жарамдан.

Жылкыбаев Жумайың
Балдардын көрсүн убайын.
Уруксат берсең залымдын
Артынан түшүп кубайын.
Өтүп кеткен өчүмдү
Алайын да, тынайын.

Союз кошчу борборум –
Түбүндө менин коргонум.
Эл-журтумдун турмушун
Жылдан-жылга оңодуң.
Атакан менен Зулпукар,
Алыңарча кордодуң.
Патрачком[1] турганда
Байларым, эми оңбодуң.

Райком Жылкыбайупту
Айтып койсом айыппы?
Патрачком[1] деп айтат
Пайгамбарбы, кайыппы?
Таштабайсың эч жерге

---

[1] *Патрачком* – Батырактар комитети деген түшүнүк.

Балалуу жолборс зайыпты.
Акыйкаттап текшергин
Ыманбай,
Кимден өтсө айыпты.

Олуя көрөт шайыкты,
Оозго коёт майыпты.
Тамырчы доктур болбосо
Оорулар кайдан айыкты.
Баласы турса эркелеп,
Кордобогун зайыпты.
Алалбайсың суранып,
Азыркы
Кедейге берген жарыкты.

Союз кошчу, батырак
Жайнаган гүлдөй жадырап,
Ынтымагың кетирбей,
Иштей бергин шатырап.
Батрачком Байкара
Баарын айтты жайгара.
Бийликти берди колуңа
Экинчи келбейт кайтара.

Патрачком баш болуп,
Ичкеним эми аш болуп,
Бойго жеткен балам жок
Бабажаным жаш болуп.
Башынан бери манаптар
Мага каршы кас болуп,
Келечегин ойлобой
Кээ бири дөөлөтүнө мас болуп.

Эми көр байды кууганды,
Башында кедей курганды.

Эч эсимден чыгарбайм,
Кишенде желдет урганды.
Кубангандан Токтогул
Кашында ырдап турганды.
Өткөн күндү ойлонуп,
Токондун
Каны кызып турганы.

Ыманбай иним сот болду,
Батырактар топтолду.
Айыпталып Эсенжан
Алты жылга соттолду.
Токтогул кордоп ырдаса,
Ичи күйүп чок болду.
Кыдыраалы, Шаландбай
Кылычын алып октолду.
Бир кумарым жазылып,
Эми жүрөк toktolду.

Кедейди кедей сатабы,
Кенен эркин жатабы?
Синдикаттан таратып,
Жумай берди матаны.
Сүйбөгөн эч ким калган жок,
Улуу Ленин атаны.
Сураганым силерден
Баягы бешинкамды атабы?

## II

Ээ, Керимбай болушум,
Жайлуу болсун конушун.
Өлүп калды деп уктум
Жээнтай тилмеч орусун.
Акмактардан кутулуп,

Азыр чыкты добушум.
Корбашы болгон Зулпукар
Анын сен да боорусуң.
Колун салган кишенге
Сенин да этиң оорусун.

Курама менен Бактияр
Бийлик болсо кимди аяр.
Өчүндү ал десең булардан
Баш кесерге мен даяр.
Нечен жылы кыйналып,
Калган жок менде жан аяр.
Каматпасаң буларың
Кайрылып мени бир саяр.

Дыйканбай элди талаткан
Залим чыккан манаптан.
Жолоочуну карматып,
Иттерине талаткан.
Арызын айтса текшер – деп,
Жигитине сабаткан.
Кайрат кылар адам жок,
Кандай Кудай жараткан.

Акмат, Дыйкан залымдар
Элге мите маалымдар.
Болуш, бийди алдырдың
Бордотуп ак там салдырдың.
Ичин коздоп сырдаттың,
Ырчыга мактап ырдаттың.
Бий, болуштан башканы
Иттериңе бурдаттың.

Айнегин абдан бордодуң,
Адамды иттей кордодуң.
Букаранын күчүнөн
Ат чабым бүттү коргонуң.

Кесим кылса бий, болуш
Алдын алдың олжонун.
Күнөөсүз мени айдатып,
Буту-колум тордодуң.

Ыстарчынды жибердиң,
Башыма кылыч имердиң.
Түбүңөр кандай залимдер,
Акырын байкап билермин.
Айдатып келип болушка
Урдурдуң Капкы конушта.
Бир өкүлдү жаздырдың,
Бийлердин мөөрүн бастырдың.
Арсылдай укпай күүлөнүп,
Акылынан шаштырдың.
Колу-бутум байлаттың,
Кордук кылып айдаттың.
Убалымдан коркпостон,
Эки көзүм жайнаттың.
Кошоматчы көп экен,
Кубаты кетти кайраттын.
Жүрөгүмө так салып,
Көз көргүс жакка айдаттың.

### III

Улуу Ленин жол ачты,
Түгөнбөс ырыс, нур чачты.
Батырак, кошчу уюшуп,
Байлардын демин куп басты.
Кулак кылып кубалап,
Эми черим куп жазды.
Биртөкөл[1] жазып тастыктап,
Селсебет бечет бул басты.

---

[1] *Биртөкөл* – протокол.

Кызыл тилим сайрады,
Ичимен ирим кайнады.
Тапшырма берип, кулакты
Мен барган жакка айдады.
Кегин алып Токондун
Батырачком Бечелов
Каталык кылса кечелик.
Абиричко Ийбанда
Малайлыгын чечелик.
Арманым айттым азыраак,
Эми башкасына көчөлүк.

Бадырак болдуң башынан
Байларда жүрдүң жашыңан.
Азабын тарттың турмуштун
Тууралыктын азынан.
Тунук закон турганда
Эми кимден жашынам.
Жалгыз балам өлгөндө
Жаным кейип жашыгам.

Арабызда залим жок,
Азыр биздин көңүл ток.
Өмүрүм өтүп кеткенге
Ойлонуп күйүп ичим чок.
Баягыдай байлар жок,
Байлап алып айдар жок.
Байбичесин башка уруп,
Баарыбызды жайлаар жок.

Угуп ал Токоң улардан
Арылдык сасык тумандан.
Айылга кирип жаңылык
Элибиз эми кубанган.
Кыз, келиндер окушуп,

Колуна кызыл туу алган.
Кундуздай болгон кара чач
Аркасында чубалган.

Биринчи максат ушундай –
Таптагы колдо кушундай.
Жашында жүргөн жүрүшүң
Жайлоонун тунук суусундай.
Жаш өмүрүң өткөн соң
Жарака жыгач куусундай.
Жаңыдан колхоз уюшса,
Жаңшабай Токоң турсунбу ай!

Жаңы өспүрүм жаштарым,
Аман болсун баштарың!
Түбү менен жок болду
Түрү суук кастарың.
Калкозго алба куударды
Билесиң бузуп таштаарын.
Арамзалык ой менен
Алар
Алып жүрөт таштарын.

Тилегин Совет өмүрүн,
Чөкпөсүн төмөн көңүлүң!
Башыма кылыч чапса да
Айтпаймын сөздүн төгүнүн.
Зоот, фабрик курсаңар
Запас болсун көмүрүң.
Арсаңдап келсе тишин как,
Алдамчы, жырткыч бөрүнүн.

Экинчи эгин айдагын,
Көңүлүңдү жайлагын.
Арыгын чаап, суу байлап,

Нуктарын бекем байлагын,
Кызыл тилим, чарчабай
Кызмат кылып сайрагын.
Арамза эмес, ак нээттен
Мурап кылып шайлагын.

Калкозго көп эл уюшуп,
Кампага эгин куюшуп,
Касиеттүү бул элим
Карабайт карап турушту.
Кадемиң каткан кулактар,
Кандайсың куйкаң курушту.
Жабыла кирип иштейли,
Алсаңар кабыл сунушту.

Байлардын малын алалы,
Ортого кошуп салалы.
Азоо болсо аттары
Башына жүгөн салалы.
Тескери жүргөн бузуку
Тийбей койбойт залалы.
Ушакчыны жолотпо,
Кыла берет жалааны.

Пахтаны башка айдайлы,
Башкарманы шайлайлы.
Көрө албаган бузукту
Көз көрбөс жакка айдайлы.
Чыйыста[1] кылып пахтаны
Башка-башка тайлайлы.

Бөлүшүп малды багалы,
Сыргалап белги тагалы.

[1] *Чыйыста* – орустун «чисто», «чистый» деген сөзү.

Асылын таап куудуруп,
Эгиздетип туудуруп,
Жол башчыга жагалы.
Убагынан калтырбай,
Азыгын камдап алалы.

Сарайларын салалы,
Саргайтпай чөбүн чабалы.
Жайында камын жебесек,
Кышында кантип багалы.
Жутап калса кол карап,
Айласын кантип табалы.
Эркечи баштап чубаса,
Койлордун болот барааны.

Кеңештин жүрдү арааны,
Кесирлүүнү табалы.
Кесири тийсе калкозго
Келтектеп башын жаралы.
Жанында туруп ошондо
Бир кубанып калалы.
Каршылык кылса аябай
Сотко берип салалы.

Желесин тартып керели,
Аттарга жемден берели.
Айгырлары алышса,
Алардын болбойт эрээни.
Аргымагын жактырса,
Аскерге тандап берели.
Ушундай жолду көрсөткөн
Акылман Ленин тереңи.

Тыңшасаң сөздү, балдарым,
Кемпир менен чалдарым,
Көп жылдан бери суу ичпей,

Көгөрбөй калган талдарың.
Көп өмүрдү өткөрдүң
Кыйналып жүрүп жандарың.

Аябаймын жанымды,
Ортого кошом малымды.
Керек болсо калкозго
Курмандык кыл каныңды.
Ажырагам шоруман,
Аябайм көрсөм залымды.
Балдарды жакшы окутсун,
Тартипке чакыр маалимди.

Токондон алгын таалимди,
Тоодой көрөм баарыңды.
Мусаапырдан аяба
Балаңа берер наныңды.
Кесилип качкан элеңдеп,
Болуштар
Келтирген менин арымды.
Кезеги келди карачы
Кетирди ичтен заарымды.

Кырманды кенен чабалы,
Кызылдап алтын табалы.
Кызыл Аскер чеп болуп,
Азыгын камдап багалы.
Алал иште калкозго
Арбын эмгек табалы.
Жумушумду кылбайт – деп,
Бир кезде
Жонунду байлар сабады.

Эмгек кылгын эрикпей,
Эртели-кеч зерикпей.

Жумуш кылсаң, тегиз кыл
Калтырба жерди тердиктей.
Ыгы менен кетмен чап,
Күчкө салып мертинбей.

Жигиттер, келип соко айда,
Жан жиптерин бек байла.
Бинттери[1] чирип калбасын,
Чыгарып алып көп майла.
Көпчүлүк элиң сүйбөсө,
Көмөкөйдө тил кайда.

Келгиле, келин-кебездер,
Эмгегиң көзгө элестер.
Жолобосун жанына
Элден чыккан мерездер.
Пахтага күчтү бөлөлү,
Баркын баалап көрөлү.

Агарган пахта калбасын,
Ачылбаганын албасын.
Күмүш күбөк алтынды
Күлүктөр келип жандасын.
Күлүктөрдүн жанына
Күйгөн адам барбасын.
Күнү кылса бузуктар
Күн өткөрбөй кармасын.

Алтынчы – арык казгыла,
Чым, таштан бекем баскыла.
Эмгектен чыккан баатырды
Акындар мактап жазгыла.
Убагы өтүп кетпесин
Ушуну ойлоп шашкыла.

---

[1] *Бинттери* – орустун «винт», «винтик» деген сөзүнөн.

Бура тарткан бузукту
Бутунан дарга аскыла.

Жетинчи – жолду салалы,
Баарыбыз бирге баралы.
Жаңы курал эң керек
Жазганбай сурап алалы.
Тирактир айдап коңторуп,
Багын ачсын талааны.

Талкалайлы асканы,
Ойлобоймун башканы.
Түк жалтанбайм эч кимден,
Түшүрсө көктү асмандан.
Түгөнгөн Токоң бул күндө
Эминеге шашпады.
Эсимен калбайт эч убак
Токондун
Ушул жолду басканы.

Аркайган бийик тоо эле,
Аркарлар өтпөс зоо эле.
Кыян алып кыйраган
Кыдыр да өтпөс соо эле.
Кишендетип айдаткан
Кимдер мага жоо эле.
Алды дайра, үстү зоо
Барса-келбес жол эле.

Азыр кара, даңгырап,
Баш ийген аска шалдырап.
Абыла менен Шалпылдак
Карап турат жалдырап.
Коркунуч жок сезбейсиң,
Уйкуң келет магдырап.

Улуу Ленин көп ойлоп,
Ушундай ишти жактырат.

Сегизинчи – жер болот:
Казана, байлык, кен болот.
Ага-ини көп болсо,
Агасына бел болот.
Жакшы баксаң баланы
Жалтанбаган шер болот.
Жетим калган баланын
Жүрөгү муңдуу чер болот.
Кулагы укпас кер болот.
Куйкасы жара кел[1] болот.
Адам менен сүйлөшсө,
Тула бою тер болот.
Кандай адам болсо да
Жигирма беште бир толот.
Жабыркатсаң жашынан
Жаңы ачылган гүл соолот.

Ырчыда башка үн болот.
Жайлоодо башка түр болот.
Көөдөндөрүн көтөрүп,
Көпкөн балдар чыр болот.
Көпөлөк учуп кубанып,
Конгону жыттуу гүл болот.
Жазында жамгыр көп жааса,
Жашыл чөптө бүр болот.
Жан күйөөрүң болбосо,
Башыңды жөлөөр ким болот.

---

[1] *Кел* («а» тыбышынын ичкерген түрү жок болгондуктан «е» тамгасы менен берилген, «а» менен берсе, «кал» болуп калмак) – «таз» дегенди билдирет.

Жалгыз өлсө ыйлаар жок,
Кара жер алып тим болот.

Кыздардан сулуу үр болот,
Бетинде кызыл нур болот.
Ушакчы болор келиндин
Каны жок купкуу сур болот.
Арманда болуп алганы
Ичинен сызып тим болот.
Ынтымагы келишпей,
Күнүгө үйдө чыр болот.

Аарынын көркү бал болот,
Айгырдын көркү жал болот.
Карайып турса алыстан
Калаанын көркү тал болот.
Сакалын жайкап сүйүүгө
Балага ыктуу чал болот.
Кылычташып чабышса,
Уруштун түбү кан болот.

Асманда жарык Ай болот,
Жылкыда тулпар, тай болот.
Саргайган куу чөп конушка
Ага барып ким конот.
Тамагыңды жибиткен
Таттуу ширин май болот.
Эч нерсеге жетпесең
Көңүлүң кайдан жай болот.

Жазуучу, ырчы элдики,
Жашында өлгөн жердики.
Жазы маңдай, жайык төш
Жалтанбаган эрдики.
Жүгүрбөсө күлүгү

Кызыбаган тердики.
Саяпкери билбестен
Ченемсиз берген жемдики.
Эгиндерди кууратккан
Катуу шамал желдики.
Кайра тартпай качырган
Кадимки жолборс шердики.
Казган менен түгөнбөйт
Карачы, байлык кендики.

Айбандын көркү кундузда,
Асмандын көркү жылдызда.
Аман болсоң көрөрсүң
Ар нерсени турмушта.
Абалтан бери сайраган
Акыны даана кыргызда.
Эми кирдиң түгөнбөс
Бөлөндүң чыкпас ырыска.

Башыңар кымбат алтындан,
Жеткинчек өсүп артыңдан.
Баатырларын макташып,
Акындар чыкты калкыңдан.
Кайберен чыгып малыңдан
Семирген кандай салкындан.
Басмаларга басылып,
Тарыхтарга жазылып,
Көп душманың көрүнбөй
Качып жүрөт жашынып.

Жашоодо конуш бел болот,
Жайдары салкын жел болот.
Жашыл ырaң конушка
Жактырып малчы эл конот.
Туш-тараптан чогулуп,

Коробуңа жык толот.
Кесибине жетпеген
Кеп укпай капа, бук болот.

Жетилген жетим Ыманбай,
Көп ырдадым туралбай.
Кара чаар жолборстой
Кашымда турат Шалаңбай.
Картайып калган кезимде
Сыйлап жүр Токоң авандай.
Арбак урсун аваңды
Көрбөдүм жалгыз баламды.

Таң агарып аткансыйт,
Элдин баары жаткансыйт.
Ширин уйку чыдатпай
Денебизге баткансыйт.
Эс алалы. Жаталы.
Тасмалга бата тарталы.
Жарыктыкка чыгарган
Унутпайм Ленин атаны.
Карылыкка алдырдым
Кечиргиле катаны!

## ОРОЗО БОЛУШ АТАНГАН

*(Токтогулдун Сыдык болуштун уулу
Сатардын үйүндө ырдаган ыры)*

Молдо Сыдык атанып,
Букарадан тың чыккан.
Коңур-Өгүз миң түтүн
Кошулушкан туш-туштан.

Акмат, Дыйкан, Миңбайга
Адам жок тике унчуккан.

Атаң Сыдык аларды
Катары менен бир жыккан.

Бирөөнүн акын жебеген,
Букара элдин бирөөнө
Жамандык кылсам дебеген.
Атаң Сыдык эл сактап,
Анан иши оңолгон.

Пейли жумшак кебезден,
Бечарага кеңешкен.
Орозо болуш атанган
Бирөөнүн акын жебестен.

Каралап келген калыкка
Колунда барын «Ме!» деген.
Атаңдан үлгү алдыңбы?
Же ата жолун унутуп,
Жемекей болуп калдыңбы?

## КҮКҮГҮҢ ТОКОҢ КОР БОЛОТ

Курчаган калың элим, сен,
Куткарат деп кишенден,
Кор кылбайт го эми – деп,
Кургуруң Токоң ишенген.
Толкуну тоодой көпчүлүк
Толкуса тоого күчү тең.

Көп бириксе көл болот,
Көл толкуса сел болот.
Көзүмдөн кара жаш агып,
Көбүңө келдим корголоп.

Көбүндөн жардам болбосо,
Күкүгүң Токоң кор болот.

## КАРЫМБАЙ

Миң-миллион муракер
Кулга малын саттырган.
Сүткорлуктан көбөйтүп,
Казана жерге каттырган.
Жетим менен жесирге
Мал чарбасын бактырган.
Сан жетпеген уй болгон,
Көбөйүп кою миң болгон.
Акыры өмүр өткүчө
Адамдар малай, кул болгон.
Сүткорлуктан көбөйтүп,
Жылкысы түмөн түрүлгөн.
Төөлөрү батпай талаага
Жылгаларда сүрүлгөн.

Кызыл куйрук нары көп,
Кызыл алтын зары көп.
Кара куйрук нары көп,
Карк алтындан зары көп,
Тирүү малдан өлүү көп,
Өлүүдөн тирүү малы көп.

Кийизин жыйнап too кылган,
Килемин жыйнап зоо кылган.
Алтындан шаар курдурган,
Күмүштөн коргон урдурган.
Күллү журтту туткундап,
Күйүткө салып муң кылган.

Канча адам мандикер,
Калктын баарын кул кылган.

Кандай адам бас келет,
Карымбайга пендеден?
Сүткорлугу башкача
Адамга кайыр бербеген.

Илгерки өткөн Карымбай
Ай-ааламды сураган.
Ажаат ачпай адамга
Алдап малды жыйнаган.
Акырында жер жутуп,
Тирүүлөй Кудай кыйнаган...

## ТҮШҮНҮКТӨР

Акындар чыгармачылыгын белгилүү изилдөөчү жана жыйноочу, филология илимдеринин кандидаты Жаки Таштемиров 1964-жылы Токтогулдун 100 жылдыгына карата түзгөн улуу демократ-акындын «Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы» аттуу китепке жазган түшүнүктөрү пайдаланылды. Жаңыдан жарыяланган ырларга кошумча түшүнүктөр берилди.

«***Жазып алган киши жок...***» 1953-жылы 73 жаштагы тогуз-торолук Мурзакматов Тагайдан жазып алынган материалдан. Академиянын Кол жазмалар фондусу, Инв. № 1563, 3-дептер, 4–25-бб. Китепте: Омор Сооронов. Биз билген жана биз биле элек Токтогул. – Б., «Турар», 2014-ж., 144–146-бб.)

«***Насылкан***». Бул ыр акын Алымкул Үсөнбаевден жазып алынып, жыйнакка үчүнчү жолу киргизилип атат.

«***Күлүйпа, Күлжар ашык кыз***». Бул ырды Токтогул жаш чагында ырдаган. Алымкул Үсөнбаев жаш чагында угуп, үйрөнүп алган. Жыйнакка ушул кишинин айтуусу боюнча киргизилди. Темиркул Үмөталиев айтып бергенден эки түрмөк кошулду.

«***Арзыматка***». Биринчи жолу 1940-жылы 22-ноябрда «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланат. Жоомарт Бөкөнбаевдин макаласында цитата кылып келтирилет. Анда 17 жол ыр болсо, 1950-жылы чыккан жыйнагында эки жол ыр түшүп калган:

«Бий-болуштун астында,
Сен да билгениңди ырдадың»

Мындан башка айрым ыр жолдору өзгөрүлгөн. Өзгөрүүлөр кайрадан оңдолуп чыкты. 1957-жылы Токтогулдун жердеши Сапаров Сагындыктан Ж.Таштемиров тарабынан дагы үзүндүлөр жазылып алынган. Ошонун негизинде бул ырга 28 жол ыр дагы кошулду.

«***Алымкан***». Бул ырды 1938-жылы Ж.Бөкөнбаев Коргоол ырчыдан жазып алган. 1940-жылы Токтогулдун ырлар жыйнагына киргизилип, ошондон бери басылып келе жатат.

«***Алымкан***» (*2-вариант*). Бул ыр академиянын Кол жазмалар фондусундагы 1971 номурлуу папкадан алынды. Текст Кенжегул уулу Ыманбай тарабынан 1931–1932-жылдарда араб арибинде жазылып алынган. Ырдын араб тамгасындагы текстин Омор Соороновдун «Биз билген жана биз билбеген Токтогул» (2014-ж.) деген китебинин 176-бетинен окуса болот.

«***Болобу***». Токтогулдун «Жаңы-Жол районунун (азыркы Аксы) Кара-Суу деген жеринде ырдаган ырынан. Ошол райондун Таш-Төбө кыштагында туруучу Казакбаев Кебектен Бешимов 1952-жылы 23-июнда жазып алган.

«***Чайкама***». Коргоолдун жана Шекербек Шерkуловдун эскермелерине караганда Токтогул илгери Анжиян тарабына барып, чайканада Молдо Тойчуга жолукканда ушул ырын ырдап черткен экен.

«***Эрке сары***». Бул ыр С.Виноградов тарабынан Токтогулдун шакирти Коргоол ырчыдан жазылып алынган.

«***Насыят ыр***». Токтогулдун 1940-жылы латын арибинде чыккан китебинен алынды.

«***Болосуң акын***». Бул ыр 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына жарыяланган.

«***Беш каман***». Калык тапшырган материал боюнча 1938-жылы чыккан «Токтогулдун ырлары» аттуу китепке «Токтогулдун манаптарга каршы ырдаган ыры» деген ат менен киргизилген. 1938-жылы 17-февралда «Кызыл Кыргызстан» газетасында Ж.Бөкөнбаев тарабынан 35 жол ыр жарыяланган. Анда «Эч бир тендик бербедиң» деген ыр жолу түшүп калган. Ырдын маанисине карай аны кошууга туура келди. 1940-жылы чыккан китепте:

«Чаап-талап жеп жүрүп,
Букарадан айрылган
Ырыскулбектин беш жаман» –

деген ыр жолдорунан ортодогу сабы түшүп калган, 1950-жылы чыккан китепте «Чаап-талап жеп көнгөн» деп кеткен. Мурункусу калыбына келтирилди. 1950-жылы чыккан китепте «Балапандай уйпалап» деген ыр жолу кошулган.

«***Эмне кызык***». Бул ыр Калыктын тапшырган материалы боюнча 1938-жылы чыккан китептеги «Токтогулдун терме ырлары» деген ырлар циклине киргизилген. 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына «Эмне кызык» деген ат менен өзүнчө бөлүнүп басылган. Азыркы текст 1940-жылкы жыйнак боюнча алынып, фондудагы материалдын негизинде жаңыдан эки сап ыр кошулду жана Токтогулдун «Санат-насыят» ырларынын циклине киргизилди.

«***Гүлдөп ал***». Бул ыр 1940-жылы чыккан жыйнакта басылган. «Кырдалында жүрө албай» деген ыр жолу жыйнактан түшүп калган. «Кызыл Кыргызстан» газетасынын 1938-жылы 11-августтагы санына жарыяланган текст боюнча жыйнакка кайра киргизилди. Мындан башка Ж.Бөкөнбаев «Токто-

гулдун балалык чагы» деген макала жазып, ага он эки жол ыр мисал алган. Мазмуну жагынан алар «Гүлдөп ал» деген ырга жакын болгондуктан, ушул ырга кошулду.

«***Түз жолуңдан чыкпагын***». Бул ырды Бешимов Жолчубек 1952-жылы Талас районуна караштуу Кырк-Казык сельсовети, К.Маркс атындагы колхоздун мүчөсү Кожоманов Сейитбектен жазып алган. Биринчи жолу 1956-жылы чыккан жыйнакка киргизилген. Азыркы басылышында фондудагы материалдын негизинде айрым толуктоолор болду.

«***Дүнүйө***». Биринчи жолу 1940-жылы чыккан жыйнакка кирген, ошондон бери башка жыйнактарда да басылып келе жатат. Мурунку китепте:

«Бул дүнүйө бекерсиң,
Бир күн өтүп кетерсиң.
Опосу жок дүнүйөнүн
Түбүнө ким жетерсиң?» –

деген төрт сап ыр түшүп калгандыктан, фондудагы материалдын негизинде кайра кошулду.

«***Аккан суу***». Бул ыр 1938-жылы Ж.Бөкөнбаев тарабынан Коргоол ырчыдан жазылып алынган. Фондудагы материалдардын негизинде жыйнакка киргизилген.

«***Насыят***». Биринчи жолу Калык жазып берген материал боюнча 1938-жылы чыккан жыйнакка «Токтогулдун үгүт ырларынын бир бөлүмү» деген ат менен кирген. Кийинки ырлар жыйнактарында «Насыят» деген ат менен жарыяланган. Мурунку басылышка карай айрым сөздөр, айрым ыр жолдору оңдолду.

«***Санат***». Кайсы жылы ырдалганы жана кимден жазылып алынганы такталбады. 1940-жылы биринчи жолу ырлар жыйнагында жарыяланган.

«***Үлгү ырлар***». Калык тапшырган материал боюнча 1938-жылы чыккан китептеги «Токтогулдун терме ырлары» деген циклде жарыяланган. Кийинки жыйнактарга «Үлгү ырлар» деген ат менен өзүнчө бөлүнүп, бир топ толуктоолор менен басылган.

«***Нускалуу ырлар***». Бул ыр Токторов Айылчы жана Чоконбаев Ырысбектен (Жумгал району) 1953-жылы 23-августта А.Чоробаев тарабынан жазылып алынган. Мунун айрым ыр саптары «Токтогулдун ар кыл ырларынан үзүндүлөр» деген ат менен 1956-жылы чыккан жыйнакка киргизилген. Азыр фондудагы материалдын негизинде «Нускалуу ырлар» деген ат менен жиберилди.

«***Бизге келер бекен кең заман***». Токтогул айдалып бара жатканда акыйкатсыз заманга наразылыгын билгизип ырдаган ыр. Бул ыр Тоголок Молдонун эскерүүсү боюнча киргизилди.

«***Туткун ыры***». Калык тапшырган материал боюнча «Туткундагы ыр» деген ат менен биринчи жолу 1938-жылы жарыяланган.

«***Айланган тоонун бүркүтү***». Биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына кирген.

«***Азапка түштү өмүрүм***». Бул ыр 1898–1900-жылдардын аралыгында ырдалган болуу керек. Биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген.

«***Аман келер күн барбы?***» Бул ыр А.Чоробев тарабынан Ак-Талаа районуна караштуу Кара-Бүргөндү айылында туруучу Курманбаев Жусубалыдан 1953-жылы 25-июнда жазылып алынган. Жусубалынын айтууна караганда, Токтогул сүргүндө жүрүп ушинтип ырдачу экен. Бул ырды анын Мааткерим деген агасы көк-жаңгактык Чыйбыл менен бирге айдалып барып, ошондон угуп үйрөнүп алган.

«***Качкандагы ыр***». Кимден жазып алганы такталган жок. Бул ыр 1940-жылы чыккан Токтогулдун ырлар жыйнагына биринчи жолу киргизилген.

«***Качып келе жатканда***». Кимден жазып алынганы такталган жок. Бул ыр биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына кирген.

«***Туткунда жргөндө***». Кимден жазып алганы белгисиз. Бул ыр 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына биринчи жолу киргизилген.

«***Казак жериндеги ыр***». Бул ырды Чүй району, Боролдойдо туруучу Абдракманов Мамбет (Абдымамбет) жазып тапшырган. 1950-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген.

«***Жерди көргөндө***». Бул ырдын айрым саптары Калыктын тапшыруусу боюнча 1938-жылы чыккан «Токтогулдун ырлары» деген китептеги «Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен ырдашканы» деген ырда жарыяланган. Кийин 1940-жылы чыккан жыйнакка бир канча жаңы ыр саптары кошулуп «Жерди көргөндө» деген ат менен басылган. 1956-жылы чыккан ырлар жыйнагына Коргоол ырчыдан дагы 40 жол ыр жазылып алынып кошулган.

«***Эңсеген элим аманбы?***» Токтогул Сибирден келгенден кийин аны менен учурашууга келген элге карата ырдаган ырларынан. Биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына кирген. Азыр мурунку тексттери боюнча Калык тапшырган материалдын негизинде жиберилди.

«***Апакем аман барсыңбы?***» Токтогул Сибирден кайтып өз үйүнө келгенде энеси менен учурашып ырдаган ырынан. Бул ыр биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген. Ырды Калык 1939-жылы жазып тапшырган.

«***Коргоол ырчы Токтогулдун баласынын өлгөнүн угузганда***». Токтогул Сибирден келгенче анын Топчубай аттуу уулу өлүп калган. Коргоол ырчы ошол Топчубайды угузуп, Токтогулга карата ушинтип ырдаган. Ыр биринчи жолу 1940-жылы чыккан жыйнакка киргизилген.

«***Туткундан келгенде***». Бул ыр биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагына киргизилген.

«***Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен учурашканы***». Бул ыр Калык тапшырган материал боюнча 1938-жылы чыккан «Токтогулдун ырлары» деген китепке жарыяланган. Кийинки жыйнактарда бул ырдан келки-келки строфалар бөлүнүп алынып, «Буурул болуп карыдым», «Эзилдим шумдук заманда», «Балам жок», «Экинчи айдалгандагы ыр» деген ат менен өзүнчө жеке-жеке ырларга айландырылып, ар кандай хронологиялык тартип менен басылып келген. Бул ырлар Эшмамбеттин берген суроолоруна карата Токтогулдун берген жооптору катарында мазмуну жагынан бири-биринен ажырагыс биримдикте болгондуктан, азыркы басылышында, негизинен, 1938-жылкы тексттин тартиби боюнча кайрадан чогуу киргизилди. Ошону менен бирге ыр мурда ушул ат менен элге белгилүү болуп калгандыктан, Токтогулдун Эшмамбетке айткан жооп сөзүнүн уландысы катары аттары өзгөртүлбөстөн жиберилди. Ал эми «Экинчи айдалгандагы ыр» хронологиялык тартибине жараша Токтогулдун экинчи айдалаар алдындагы ырларынын тобуна «Мындан көөнүм ишенбейт» деген ат менен киргизилди.

«***Токтогул менен Эшмамбет***». Бул ыр Токтогул Сибирден келгенден кийин Эшмамбет менен учурашып ырдаган ырынын экинчи варианты болуп са-

налат. 1940-жылы чыккан жана андан кийинки ырлар жыйнагына киргизилип келе жатат.

«***Ниязалыга таарыныч айтуу***». Токтогулдун замандашы, ары көңүлү жакын адамы Ниязалы улуу акын Сибирден келгенде атайы келип учурашпаптыр. Токтогул Аксыдагы Ниязалынын үйүнө барып, эл топтолгон соң, Ниязалыга таарыныч кылган өңдүү ушул ырын айткан экен. Ыр 1953-жылы Ниязалынын уулу Батыркулдан жазылып алынган.

«***Буурул болуп карыдым***». Бул ырдын түшүндүрмөсү жогоруда «Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен учурашканы» дегендеги түшүндүрмөдө айтылган.

«***Тогуз кайрык***». Бул ыр Жусубалы Курманбаевден жазылып алынган. Жусубалынын айтууна караганда, анын агасы Мааткерим 1913-жылы Токтогулга жолукканда бул ырды жаздырып алган экен. Биринчи жолу 1956-жылы чыккан жыйнакка жарыяланган. Фондудагы материалдардын негизинде айрым ондоолорго учурады.

«***Кербез***». 1940-жылы Токтогулдун ырлар жыйнагында басылган.

«***Токтогул менен Тоголок Молдо***». Токтогул Сибирден келгенден кийин Тоголок Молдо атайын издеп барып учурашканда, ошондо айтылган ырлардан. Бул ыр «Токтогул жөнүндө аңгеме» деген ат менен Тоголок Молдонун ырлар жыйнагында басылып келген. Тоголок Молдонун эскермеси боюнча киргизилди.

«***Терме***». Бул ырдын айрым түрмөктөрү 1938-жылы Калык тапшырган жыйнакта басылган.

«***Келгендеги кербезим***». Атай Огомбаев 1938-жылы тапшырган. Мурда эч жерде жарыяланбаган.

***«Токтогул менен Калык».*** «Тегерменчинин үйүндө». Бул ырды Калык жазып тапшырган. 1940-

жылы чыккан Токтогулдун 2-томуна («Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» деген китепке) жарыяланган.

«***Тойдогу айтыш***». Бул ыр Калыктын 1939-жылы жазып тапшырган циклдерине кирет. 1940-жылы «Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» деген китепке «Тойдогу тамаша» деген ат менен басылган. Бул томдукка анча-мынча ондоолор менен «Тойдогу айтыш» деген ат менен жиберилди.

«***Анжиян тарабында***». Калык 1939-жылы жазып тапшырган. 1940-жылы чыккан «Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» деген китепке басылган. Бул басылышта төрт сап ыр кошулду.

«***Мындан көөнүм ишенбейт***». Бул ыр 1938-жылы чыккан китепке «Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет ырчы менен ырдашканы» деген ырдын аягына кошо берилген. 1940-жылы чыккан жыйнакта «Экинчи айдаларда» деген ат менен, 1950-жылы жана 1956-жылы чыккан китептерде «Экинчи айдалардагы ыр» деген ат менен жиберилген. Мындагыда ушундай ат берилди.

«***Экинчи айдалганда***». Жуманалы болуш жыйырмадай куралдуу адамдар менен түн ичинде келип, улуу акын Токтогулду кармап кетет... Бул ыр Ж.Бөкөнбаев тарабынан 1938-жылы Коргоол ырчыдан жазылып алынган.

«***Камактан күйгөн жан элем***». Жуманалы кармап, айдап бараткянда Токтогулдун Кабак деген жерге барганда ырдаганы. Бул Коргоол ырчыдан 1958-жылы жазылып алынып, Токтогулдун 1964-жылы чыккан эки томдугуна биринчи жолу басылган.

«***Барпы менен жолугушуу***». Бул ыр Барпынын өз оозунан жазылып алынган эки варианттын негизинде Түмөнбай Байзаков тарабынан бириктирилип, жыйнакка кошулду.

«***Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду***». Бул ырдын кимден жазылып алынганы белгисиз жана ырдалган жылы да такталган жок. Биринчи жолу 1940-жылы 22-январда «Ленинчил жаш» газетасына ушундай аталыш менен жарыяланган. Ошондон бери Токтогулдун жыйнактарына жарыяланып келе жатат.

«***Жашагын Кеңеш өкүмөт!***» Калыктан жазылып алынган. Биринчи жолу 1938-жылы чыккан Токтогулдун ырлары» деген жыйнакта «Көп жылдан кийин» деген ат менен жарыяланган. 1940-жылы «Жашагын Кеңеш өкүмөт!» деген ат менен басылат.

«***Замана***». Кимден жазылганы белгисиз. Мурунку жыйнактардан бери эле ушундай аталышта басылып келе жатат.

«***Бийик көтөр туунду***». Бул ыр 1952-жылы Киров районундагы колхозчу Бөгөналиев Масалбектен жазып алынган. Биринчи жолу 1956-жылы чыккан жыйнакка киргизилген.

«***Туулган жерим***». Шекербек Шеркуловдун эскертүүсүнө караганда, Токтогул бул ырын 1931-жылы Таласка келгенде, Алымбек дегендин үйүндө ырдаган экен. Биринчи жолу 1940-жылы чыккан ырлар жыйнагында жарыяланган.

«***Токтогул менен Алымкул***». Токтогул Фрунзе (азыркы Бишкек) шаарына келип, бир топ күн жүргөндөн кийин элине кайтып, жолдо бара жатканда Таласка кайрылат. Ошол учурда Октябрь майрамы болуп жаткан эле. Токтогул келе жатканын угуп, Алымкул ырчы жана башка адамдар тосуп чыгышат. Ошондо Токтогул менен Алымкул ушинтип ырдашкан. Үсөнбаев Алымкул тапшырган материал боюнча жыйнакка киргизилди.

«***Карыптырсың чал – деди***». Бул ырдын үзүндүсү акын Кудайберген Жуманазаров тарабынан 1989-

жылы 30-мартта «Кыргызстан маданияты» жумалыгына «Токтогул жөнүндө уламыш кеп» деген материалдын ичинде жарыяланган. Андан кийин Омор Соороновдун 2014-жылы жарык көргөн «Биз билген жана биз биле элек Токтогул» деген китебине толук боюнча кийирилген. Аны О.Сооронов Калык ырчы 1940-жылы академиянын Кол жазмалар фондусуна өткөргөн кол жазмасынан алынган. Бул китепке ошондон алып басылды.

«***Балалык***». Бул ырды Шекербек Шеркулов 1938-жылы жазып тапшырган. Биринчи жолу «Токтогулдун ырлары жана Калыктын эстеликтери» деген жыйнакка басылган. Ошондон бери китептерде жарыяланып келе жатат.

«***Күлгүн жаш өтүп эскирет***». Бул ыр Токтогул району, Токтогул атындагы колхоздун мүчөсү Байсалбеков Көбөйбай деген карыядан 1958-жылы Ж.Таштемиров тарабынан жазылып алынган. Биринчи жолу Токтогулдун 1964-жылы чыккан «Чыгармалардын эки томдук жыйнагы» аттуу китебине кийирилген.

«***Өмүр***». Бул ыр Калык тапшырган материал боюнча «Токтогулдун карылыкка айткан арман ыры» деген ат менен биринчи жолу 1938-жылы чыккан ырлар жыйнагында жарык көргөн. 1940-жылы чыккан жыйнакта ырды экиге бөлүп, бирөөнө «Карылык», экинчисине «Өмүр» деген ат берилип, эки башка ыр катары жарыяланган.

«***Карылык***». Бул ыр Калыктын тапшырган материалы боюнча «Токтогулдун карылыкка айткан арман ыры» деген ат менен 1938-жылы чыккан жыйнакта биринчи жолу басылган. Кийинки жыйнактарда бул ырга бир катар толуктоолор киргизилди.

«***Токтогулдун өлүм алдында ырдаган ыры***». Академиянын Кол жазмалар фондусундагы материалдын негизинде киргизилди.

«***Токтогулдун Жамбыл менен жолугушканы***». Бул ырды Ыманбай Кенжегул уулу деген адам Токтогулдун өз оозунан араб арибинде жазып алып, 1956-жылы академиянын Кол жазмалар фондусуна тапшырган. Токтогулдун 2014-жылы чыккан «Тандалмалар» аттуу ыр китебине Омор Сооронов биринчи жолу фондудан алып, азыркы кыргыз арибине көчүрүп жарыялаган. Бул китепке ошондон алынды.

«***Салам айтам балама***». Бул ырды Токтогул 1931-жылы апрель ичинде Кетмен-Төбө (азыркы Токтогул) районуна Жылкыбаев Жумай райондун биринчи катчысы болуп кызматка келгенде тосуп ырдаган экен. Токтогулдан Ыманбай Кенжегул уулу деген адам араб арибинде жазып алып, академиянын Кол жазмалар фондусуна тапшырган. Аны Омор Сооронов азыркы кыргыз тамгасына көчүрүп, Токтогулдун 2014-жылы чыккан «Тандалмалар» китебине жарыялаган. Ошол китептен алынып басылды.

«***Орозо болуш атанган***». Бул ыр биринчи жолу Омор Соороновдун (О.Соорон Сопу) 2014-жылы чыккан «Биз билген жана биз биле элек Токтогул» деген китебине Калык Акыевдин академиянын Кол жазмалар фондусуна өткөргөн «Токтогул тууралуу» деген жазмасынан алынып жарыяланган. Ошондон алынды.

«***Күкүгүң Токоң кор болот***». Бул ырды 1928-жылы Токтогул Бишкекке барганда белгилүү инсан Бөрү Кененсарин Токтогулдун өз оозунан жазып алган экен, Бөрүнүн академиянын Кол жазмалар фондусуна өткөрүлгөн материалдарынын негизинде Омор Сооронов 2014-жылы чыккан «Биз билген

жана биз биле элек Токтогул» аттуу китебине пайдаланган. Бул китепке ошондон алынып басылды.

«***Карымбай***». Бул «Карымбайды жер жуткан» деген дастандан үзүндү. Үзүндүнү сузактык Пират Кошалиев атактуу төкмө акын Бекназар Мадали уулунун үйүндө отурган жеринде Токтогулдун өз оозунан жазып алган экен. Үзүндү биринчи жолу Омор Соороновдун 2014-жылы чыккан «Биз билген жана биз биле элек Токтогул» деген даректүү баянынын ичинде жарыяланган, бул китепке ошондон алынды.

## М А З М У Н У

*Сооронов О.* Токтогулдун чыгармаларын ийне-жибине чейин иликтөө милдети актай турат (*Бет ачар ордуна*).............................. 3

**Токтогул**

Жазып алган киши жок .................................. 12
Насылкан .................................................. 12
Күлүйпа, Күлжар ашык кыз ............................ 13
Арзыматка .................................................. 14
Алымкан .................................................... 15
Алымкан (*2-варианты*) .................................. 16
Болобу ...................................................... 17
Чайкама .................................................... 18
Эрке сары (*Күү ыры*) ..................................... 19
Насыят ыр .................................................. 19
Болосуң акын ............................................... 20
Беш каман .................................................. 21
Эмне кызык ................................................. 23
Гүлдөп ал .................................................. 24
Түз жолуңдан чыкпагын .................................. 26
Дүнүйө ...................................................... 27
Аккан суу ................................................... 33
Насыят ...................................................... 34
Санат ........................................................ 39
Үлгү ырлар ................................................. 44
Нускалуу ырлар ............................................ 49
Бизге келер бекен кең заман .......................... 50
Туткун ыры .................................................. 51
Айланган тоонун бүркүтү ................................ 56

Азапка түштү өмүрүм ........................................ 57
Аман кетер күн барбы? ........................................ 63
Качкандагы ыр ........................................ 63
Качып келе жатканда ........................................ 64
Туткунда жүргөндө ........................................ 65
Казак жериндеги ыр ........................................ 70
Жерди көргөндө ........................................ 82
Эңсеген элим аманбы? ........................................ 86
Апакем, аман барсыңбы? ........................................ 90
Коргоол ырчы Топчубайдын өлгөнүн
угузганда ........................................ 92
Туткундан келгенде ........................................ 98
Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет
ырчынын учурашканы ........................................ 100
Токтогул менен Эшмамбет (*2-варианты*) ........................................ 119
Ниязалыга таарынычын айтуу ........................................ 133
Буурул болуп карыдым ........................................ 134
Тогуз кайрык (*Комуз күүсүнүн ыры*) ........................................ 137
Кербез ........................................ 138
Токтогул менен Тоголок Молдо ........................................ 140
Терме ........................................ 143
Курдаштын көөнүн билип өт ........................................ 156
Келгендеги кебезим ........................................ 158
Тегирменчинин үйүндө ........................................ 159
Тойдогу айтыш ........................................ 169
Анжыян тарабында ........................................ 174
Мындан көөнүм ишенбейт ........................................ 183
Экинчи айдалганда ........................................ 185
Камактан күйгөн жан элем ........................................ 185
Барпы менен жолугушуу ........................................ 188
Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду ........................................ 208
Жашагын Кеңеш өкмөт! ........................................ 211
Замана ........................................ 212
Бийик көтөр туунду ........................................ 214
Туулган жерим ........................................ 216
Токтогул менен Алымкул ........................................ 232
«Карыптырсың чал» – деди ........................................ 236

Балалык ........................................................ 237
Күлгүн жаш кетип эскирет ............................ 255
Өмүр ............................................................ 256
Карылык ...................................................... 257
Токтогулдун өлүм алдында ырдаганы ................. 265

**ЖАҢЫДАН ЖАРЫК КӨРҮП ЖАТКАН ЫРЛАРЫ**

Токтогулдун Жамбыл менен жолугушканы .............. 266
Салам айтам балама ........................................ 268
Орозо болуш атанган ....................................... 284
Күкүгүң Токоң кор болот .................................. 285
Карымбай ..................................................... 286
Түшүнүктөр .................................................. 288

*Адабий-көркөм басылма*

«Залкар акындар» сериясы

# ТОКТОГУЛ

## V том

Түзгөн *Сооронов Омор*

Чыгышына жооптуу *Акматалиев А.*

Редактору *Маматова Ж.*
Техн. редактору *Жусупбекова А.*
Корректор *Сооронов О.*
Компьютердик калыпка салган *Абдыкалыкова А.*

Терүүгө 04.06.2015. берилди. Басууга 30.11.2015 кол коюлду.
Форматы 84х108$^{1}/_{32}$. Көлөмү 19,0 басма табак.
Нускасы 500. Заказ 05.

---

Бишкек, «Бийиктик плюс» басмасы
Ж. Абдрахманов көч.170$^{а}$
Тел.: 0777- 74-35-68